**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 821.512.154+398.9**

**КОЖОНАЗАРОВА ЫРЫСКҮЛ МЫРЗАЛИЕВНА**

# ЖАШТАР МАСЕЛЕСИНЕ СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

**Адистиги: 09.00.11 – социалдык философия**

**Философия илимдеринин кандидаты**
**окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси:**
философия илимдеринин доктору Г.С. Токоева

**Бишкек - 2024**

## МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ ........................................................................................ 3

**1-БАП. ЖАШТАР МАСЕЛЕСИН ИЗИЛДӨӨНҮН ЛОГИКАЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕКОНСТРУКЦИЯСЫ .............................................................** 12

1.1. Жаштар – социалдык-философиялык изилдөөнүн объектиси катары ........................................................................................ 12

1.2. “Жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн логикалык экспликациясы ........................................................................ 23

**2-БАП. СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ДИСКУРСТУН ЧЕГИНДЕ ЖАШТАР МАСЕЛЕСИН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ .............** 44

2.1. Жаштар маселесинин логикалык-методологиялык анализи.... 44

2.2. Кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштар маселесинин традициясы жана инновациясы ...................................................... 65

**3-БАП. ЗАМАНБАП СОЦИОМАДАНИЙ МЕЙКИНДИКТЕГИ ЖАШТАР ...........................................................................................** 83

3.1. Ааламдашуу шартында жаштардын баалуулуктарга багытталышы ........................................................................... 83

3.2. Заманбап коомдогу жаштардын өзүн аныктоосу.................... 102

3.3 Жаштарды социалдык жактан коргоонун мазмуну ................ 120

КОРУТУНДУ ......................................................................... 146

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ .................. 151

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Заманбап маалыматташкан коомдун өнүгүшү ааламдашууга интеграцияланууну шарттап жаткан мезгилде ар бир эл чакырыктарга жараша жолун, багытын жана келечегин аныктап, дүйнөнүн тез өзгөрүп жаткан мейкиндигине кирүүдө жеке иденттүүлүгү менен ордун табуу аракетин жасоодо. Ар бир эл үчүн баалуу, кымбат жана маанилүү болгон руханий жана материалдык жетишкендиктерди өздөштүрүү, өнүктүрүү жана колдоно билүү ар бир адамдын алдындагы башкы милдети экендигин аңдап билүүгө чакырат. Тарыхтын дөңгөлөгү айланып, ага жараша коом өнүгүп, анын социалдык институттары калыптанып, белгилүү бир кызматты аткарган мезгилинен бери инсандын өз ордун таап, социалдык ролдорду аткаруу милдетин коет. Социумдун бүтүндүк катары реалдуулугунун жана өнүгүүсүнүн негизинде активдүү аракеттенген социалдык топтун же катмардын болушу талап кылынат. Учурда мындай активдүү социалдык-демографиялык катмар катары жаш адамдардын тобу эсептелет. Жаш адамдардын же жаштардын ааламдашкан коомдогу ордун жана социалдык ролун аныктоо, аларга карата өзгөчө топ катары социалдык-философиялык изилдөө жүргүзүү учурда актуалдуу маселеге айланды.

Философия, социология, саясат таануу, маданият таануу жана башка илимдерде жаштарды социалдык-демографиялык топ катары изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүнө карабастан жаш адамдарды коомдогу активдүү жана өзүн-өзү аныктап жаткан субъект катары кароо зарылдыгы жаралды. Изилденип жаткан маселе бүгүн эле жаралган жок, ал байыркы мезгилден бери адамзаттын ой жүгүртүүсүнүн борборунда болуп келди, бүгүн да бул маселе өзгөчө көңүл буруп талдоого муктаж. Анткени философиялык өңүттө жаш адамдын социумдагы ордун, жаштык курактын онтогенези менен социогенезин жана жаштыкты социалдык-философиялык категория катары илимий талдоо жүргүзүү заманбап илимдеги орду толбогон, маңызы ачылбаган маселе экендиги талашсыз. Ушундан улам ааламдашкан коомдо жаштыктын маани-маңызын, анын коомдун өнүгүүсүндө субъект жана инновациялык потенциал

катары талдоого алуу изилдөөнүн актуалдуулугун тастыктайт. Коомдук мамилелердин трансформацияланышы менен жаш адамдардын кызыгуулары менен баалуулуктары кайсы багытка бурулду, жаңы шарттарга экономикалык жана психологиялык адаптацияланышынын деңгээли, салттык маданият менен модернизацияланган баалуулуктардын ортосундагы карым-катнашында жаштар эмнеге басым жасады, жаштардын тез темп менен өсүп жаткан өздүк аң сезими менен өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн өзгөчөлүгү кайсы, жаштардын коомдук болмуштун өзгөчө түрдөгү субъектиси жана социалдык баалуулугу, позитивдүү өзгөрүүлөрүнүн фактору катары болуусунун маңызы эмнеде деген маселеге социалдык-философиялык изилдөө жүргүзүү теманын актуалдуулугу болуп саналат.

Илимий жана практикалык мааниде караганда заманбап коом трансформацияланган жана өзгөрүүгө барган реалдуулук катары өзүн көрсөттү. Советтик мезгилдеги пландуу өнүгүүдөн базар экономикасына өткөн учурда жаш адамдардын турмуш шартынын өзгөрүү процесси жүрдү. Социалдык-экономикалык, саясий, коммуникативдик, руханий жана башка мамилелердин өзгөрүшү менен жаштардын баалуулук ориентациясынын, ишмердүүлүгүнүн, кызыкчылыктарынын жана идеалдарынын тутумун изилдөө зарылдык катары келип чыкты. Жаш адамдар, бир жагынан, социалдык топ катары коомдун тутумуна биригип жана интеграцияланып, кайра өндүрүү процессине катышып, ээлеген орду жана ролу аркылуу субъект катары көрүнсө, экинчиден, турмуштук тажрыйбаны, карым-катнашты өзүнө алып, инновациялык күч-кубатын ишке ашыруу аркылуу муундар тарабынан калтырылган болмуш чындыгын кайра түзүп же өнүктүрүп келген куруучу, жаңыртуучу активдүү топ болуп саналат. Натыйжада, жаштар коомдун социалдык-экономикалык күч-кубатынын андан ары өнүгүүсүнүн себепкери катары өзгөчө статуска ээ болот.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илим изилдөө иштери менен байланышы**. Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык

программасына, А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты – жаштар жана аны менен байланышкан маселелерге илимий негизде социалдык-философиялык талдоо жүргүзүү. Ушул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- изилдөөнүн темасына байланыштуу адабияттарга талдоо жүргүзүү;
- “жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн маани-маңызына логикалык экспликация жасоо;
- жаштык маселесине логикалык-методологиялык анализ жүргүзүү;
- кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштык маселесинин традициясын жана инновациясын изилдөө;
- ааламдашкан коомдун өнүгүү шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясын талдоого алуу;
- заманбап коомдогу жаштардын өзүн-өзү аныктоо маселесин изилдөө;
- жаштарды социалдык коргоонун мазмундук жактан өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү.

**Диссертациялык иштин негизги илимий жаңылыгы.** Диссертацияда социалдык-философиялык өңүттө алгачкылардан болуп жаштык маселесине системалуу социалдык-философиялык талдоо жасалды. Ошондой эле төмөндөгүлөр да изилдөөнүн жаңылыгы болуп эсептелет:

- жаштык маселесине карата социалдык-философиялык өңүттө караган адабияттарга талдоо жүргүзүлдү;
- “жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн маани-маңызына логикалык экспликация жасалды;
- жаштык маселесине логикалык-методологиялык изилдөө жүргүзүлдү;
- кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштык маселесинин традициясы жана инновациясы изилдөөгө алынды;
- ааламдашкан коомдун өнүгүү шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясы талдоого алынды;

- заманбап коомдогу жаштардын өзүн-өзү аныктоо маселеси изилденди;
- жаштарды социалдык коргоонун мазмунуна талдоо жүргүзүлдү.

**Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын теориялык жыйынтыктары жаштар философиясынын өнүгүүсүнө белгилүү бир деңгээлде теориялык-методологиялык негиз боло алат. Диссертациядагы жыйынтыктар социалдык философияда, философия тарыхында, этика, эстетика, кыргыз философиясы, социалдык иштер боюнча курстарда негиз катары пайдаланууга болот. Изилдөөнүн натыйжасында алынган жыйынтыктардын жоболорун жаштарды инсан катары калыптандырууда, социалдык-демографиялык жактан стратегиялык пландарды иштеп чыгууда, Кыргыз Республикасындагы жаштар концепциясын ишке ашырууда колдонууга болот.

**Коргоого сунуш кылынган негизги жоболор.** Жаштык маселесине социалдык-философиялык изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында төмөнкү жоболор коргоого сунуш кылынат:

1. Жаштар маселеси советтик, советтик доордон кийинки, чет элдик жана ата мекендик изилдөөнүн объектиси катары талдоо жүргүзүлүп, коомдогу адам жана жаштарга байланыштуу маселелер, жаштардын социалдашуусунун жолдору, социалдык ролдорду аткаруусу, субмаданияты, жаштардын социалдык керектөөлөрү, билим берүү, эмгек ишмердүүлүгү, эс алуусу, муундар аралык жана муун ичиндеги байланышы, жаштардын керектөөлөрү каралган. Бирок социалдык философиянын алкагында, анын ичинде, кыргыз философиясында комплекстүү изилдөөгө алынбаган.
2. Жаштарды социалдык-демографиялык топ катары изилдөөлөрдү жүргүзүү, алардын социалдык ролун аныктоо, түшүнүк-категориялык контексте жана проблемалык талаада жаштык болмушун илимий талдоого алуу – жаштык маселеси. Жаштар – маани-маңызы, мазмун-формасы жагынан бир нече илимди интеграциялаган, комплекстүү изилдөөнү талап кылган феномен. Физиологиялык, психологиялык социалдык жактан жетилүү жолун басып, өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү актуалдаштыруу жана ишке ашыруу жүрүп,

жекелигин, өзгөчөлүгүн аңдап билген жана инсан катары калыптанып, социалдык жоопкерчиликти алган жаш адамдар. Жаштар жөнүндөгү дисциплиналар аралык илим – ювенология – жаш адамдардын курактык жактан өзгөчөлүгүн, социумдагы ордун, социалдык ролдорду аткаруусун жана инсандыгын изилдейт.

3. Жаштык – социалдык жактан жетилүү процессин башынан өткөрүп жаткан жаш адамдардын "боз улан", "бозой", "селки", "жигит" мезгили. Өз алдынча жашоого: билим алууга, эмгектенүүгө, социалдык-экономикалык, саясий-маданий ишмердүүлүккө өзүн арнаган, өзүн-өзү актуалдаштыруунун, өзүн-өзү реализациялоонун онто-социогенетикалык этабы. Жаштык жаш адамдардын кыймылдуу, мобилдүү жана өзгөрүлмөлүү реалдуулугунун белгилүү этабын чагылдырган социалдык философиянын категориясы. Жаштык жөнүндөгү көз караштар, ой корутундулар байыртадан баштап бүгүнкү күнгө чейин улам жаңы идеялар менен толукталып диалектикалык өнүгүүдө жүрүп отурду.

4. Кыргыз элинин социомаданий өнүгүүсүндө жаштар курактык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы, социалдык абалдын өзгөчөлүктөрү жана алар тарабынан шартталган башка социалдык-психологиялык касиеттери менен аныкталып, "ата-бала", "эне-бала" диадасында өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары мамиле жасалган. Кыргыздардын жаштар жана жаштык жөнүндөгү терең маани-маңыздуу ойлору "Манас" эпосу баштаган баатырдык жана турмуштук эпостордо, уламыш-жомоктордо, макал-лакаптарда, табышмак менен жанылмачтарда, элдик ырларда "улуу-кичүү", "жаш-кары" дилеммасында жаш адамдар менен улуу муундун, бала менен ата-эненин айырмачылыгын көрсөткөн жана жаштардын иш-аракетин, коомдогу ордун баалап, өзгөчөлөнгөн жандар экендигин чагылдырат.

Легендарлуу ойчулдардын, Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин, элдик акындар менен заманбап ойчулдардын дүйнөтаанымындагы жаштык жана жаштар жөнүндөгү ойлору – традиция менен новациянын логикалык биримдиги.

5. Жаштардын баалуулуктарга багытталуусу – бул улан-кыздардын ишенимдеринин, турмуштук принциптеринин, көз караштарынын калыптануусу жана социалдык жактан жетилүү жолунда баалуу, кымбат, асыл деп билингендерге жетүүгө багытталган ишмердүүлүгү. Жаш адамдардын социалдашуусу коомдук баалуулуктарга багытталуусу менен коштолот. Үй-бүлө куруу, жумуш менен камсыз болуу, ийгиликке жетишүү жеке иш аракеттеринин натыйжасынын индикатору жана өмүрдүн багытталышы. “Нике-үй-бүлө-наристе” диалектикалык байланыштагы парадигма катары жаштардын дүйнөтаанымынын калыптануусунда никенин расмийлигин, үй-бүлөнүн салттуулугун, наристени дүйнөгө алып келүүнүн салттуулугун далилдеген үчилтик.

6. Өзүн аныктоо – жаш адамдын социумдагы ордун билүүсү; жеке кызыкчылыктары менен керектөөлөрүнө ылайык өзүн андап түшүнүүсү; жөндөмдүүлүгү менен талантынын натыйжасында социалдык болмуштагы социалдык ролунун чагылышы. Өзүн аныктоо – адам жашоосунун тигил же бул кырдаалына жараша өзүнүн жеке позициясын, максатын, ага жетүүнүн каражаттарын тандоосунун жолу жана аны ишке ашыруу процесси.

Өзүн көрсөтүү жана өзүн ишке ашыруу жаш адамдын жекелигин аныктоосунун жолу. Өзүн көрсөтүү – бул адамдын жамаатта, үй-бүлөдө, социалдык чөйрөдө руханий же материалдык баалуулуктарды жаратууда адамдын Менинин чагылышы, өзүн көрсөтүүнүн мүмкүнчүлүгү. Өзүн ишке ашыруу – жаштардын жашоосундагы стратегиясы менен тактикасы аркылуу өзүнүн каалоолору менен үмүт-тилегинин аткарылышы жана максатына жетүүсү.

7. Жаштарды социалдык жактан коргоо – жетишээрлик турмуш шарттарын камсыздоодогу коомдук иш аракеттердин тутуму; мамлекет тарабынан алар үчүн зарыл болгон чөйрөнү түзүү, улан-кыздардын саламаттыгы үчүн чараларды көрүү, эне-баланы коргоо, жаш үй-бүлөгө камкордук көрүү, жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек акыны жөнгө салуу, турак-жай менен камсыздоо. Социалдык жактан камсыздоодо “коом-жаштар” өз ара карым-

катнаштагы, диалектикалык байланыштагы бүтүндүк катары кабылдоо зарыл. Улан-кыздардын күч-кубатын, ар намысын өстүрүү үчүн шарттарды түзүү, интеллектин өстүрүү, билим берүү, гумандуулукка тарбиялоо, улуттук нарктын баалуулуктарын калыптандыруу саясатын жүргүзүү – социалдык жактан камкордуктун мазмунун чагылдырат.

Кыргыздар жаштарды, улан-кыздарды, жаш үй-бүлөлөрдү социалдык коргоо жана камсыздоо чараларын жүргүзүп, жаш жубайларга “Ак өргөө” көтөрүшкөн. Уул-кыздарга “энчи” берип келечектеги жашоосунун бакубат болушуна камкордук көргөн. Ал эми заманбап кыргыз коомунда жаштарды социалдык коргоонун мамлекеттик программалары ишке ашырылууда.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертацияда изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана тыянактары изденүүчүнүн жеке өзү иликтеген эмгеги катары эсептелет. Илимий-концептуалдык талдоонун негизинде алынган натыйжалары жана тыянактары изденүүчүнүн жаштык маселесин социалдык-философиялык изилдөө багытына киргизген жеке салымы болуп саналат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги тыянактары жана жоболору республикалык, эл аралык, аймактык илимий-практикалык жана илимий-теориялык конференцияларда, симпозиум жана тегерек столдордо апробацияланылды. Алсак, 2014-жылдан 2023-жылга чейин профессор Ш.М.Ниязалиевдин туулган күнүнө карата өткөрүлгөн “Ниязалиевдик окуулар” конференцияларындаа, 2015-жылы Ош педагогикалык институтунда өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасындагы социалдык иштердин абалы жана келечеги” аталыштагы республикалык илимий конференцияда, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде өткөрүлгөн “Илим жана улуттук экономика” аталышындагы илимий-практикалык конференцияда (2015-жыл), “2010-жылдын июнь окуясынын 5 жылдыгына арналган” тегерек столдо (2015-жыл), 2018-жылдын 19-21 сентябрь күндөрү Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өткөрүлгөн “Түрк Элдеринин Философиялык Мурасы” I Эл аралык Симпозиумунда, 2018-жылдын 30-ноябрында Жалал-Абад мамлекеттик университети тарабынан Ч.Айтматовдун

90 жылдыгына арналып өткөрүлгөн “Улут руху жана Чыңгыз Айтматов” аталышындагы Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш.Жээнбековдун 2018-жылды “Региондорду өнүктүрүү” жылы деп жарыялаган жарлыгына жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө байланыштуу 2018-жылдын 19-декабрда “Эмгеги сиңген эр азаматтар” аттуу кереге кеңеште, 2019-жылдын 14-мартында өткөрүлгөн “Бекболотовдук окуулар – 2019” аталышындагы Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 2019-жылдын 5-апрелинде “Региондорду өнүктүрүүдө эсеп жүргүзүүнү санариптештирүү – учурдун талабы” аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 2019-жылдын 12-13-апрелинде “Н.М.Пржевальский и Кыргызстан: История и современность” аталышындагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 2020-жылы “Улуу Жеңишке 75 жыл, Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхый мааниси” аталышындагы Жалал-Абад-Ош-Бишкек-Казакстан-Прага-Лондон Эл аралык илимий-тажырыйбалык онлайн конференцияда, 2020-жылы “Дүйнө коомчулугу короновирус пандемиясы шартында: көйгөйлөр, анализдер жана прогноздор” (Кыргызстандын мисалында) аймактык илимий-практикалык конференцияда, 2020-жылы “Июнь окуяларынын себептери, сабактары жана жыйынтыктары” аталышындагы илимий-тарбиялык максаттагы тегерек столдо, 2022-жылдын 2-июнунда Э.Арабаевдин 140-жылдыгына карата өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияда, 2022-жылдын 24-июнунда Академик А.Алтмышбаевдин 110 жылдыгына карата өткөрүлгөн илимий практикалык конференцияда, 2022-жылдын 17-ноябрында “Философия” күнүнө карата Кыргызстандын Түштүк философиялык коому, Ереван мамлекеттик университетинин Ижеванский филиалы, Челябинск мамлекеттик унверситетинин Костанай филиалы, Мирзо Улугбек атындагы Өзбекстандын улуттук университети, Ош мамлекеттик университетинин бизнести башкаруу жана социалдык иш кафедрасы тарабынан уюштурулган “Жарандык иденттүүлүк жана жалпы адамзаттык баалуулуктар коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн шарттары катары” деген аталыштагы илимий изилдөө иштеринин

конкурсунда, ЖАМУнун “100 жылдыкка 100 иш-чара” долбоорунун алкагында “Отун энергетика комплексинде декорбанизациянын алдыңкы технологиялары: жашоонун жаңы чөйрөсүнө жол” аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда, Советтер Союзунун Баатыры Тукубай Тайгараевдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата 2023-жылдын 18-апрелинде өткөрүлгөн “Улуу жеңиш жана өчпөс эрдик: тарыхый эс тутумдун жаңы парадигмалары” аталышындагы республикалык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамаларды жасоо аркылуу чагылдырылган жана эл аралык, республикалык басылмаларда, жогорку окуу жайында окулган лекцияларда, атайын курстарда апробацияланды.

**Диссертациянын натыйжаларын жарыялоодо чагылдыруунун толуктугу**. Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда чагылдырылган. КРнын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясы бекиткен рецензияланууучу илимий басылмалардын тизмесиндеги басылмаларда жана чет элдик илимий басылмаларда 10 макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иштин түзүмү максатына жана милдеттерине ылайык коюлган маселелер логикалык ырааттуулукта чечүү менен аныкталат. Диссертация киришүүдөн, 7 бөлүктү камтыган 3 баптан, корутунду бөлүгүнөн жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – ______ бет.

# 1-БАП ЖАШТАР МАСЕЛЕСИН ИЗИЛДӨӨНҮН ЛОГИКАЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕКОНСТРУКЦИЯСЫ

## 1.1. Жаштар – социалдык-философиялык изилдөөнүн объекти катары

Жаштыкты философиянын категориясы жана жаштарды социалдык-демографиялык топ катары изилдөө биздин диссертациялык иштин негизги милдеттеринен болгондуктан бул бөлүктө жаштар маселесинин изилдениши жана жаш адамдардын социалдык топ катары талданышынын илимий анализи жүргүзүлмөкчү. “Жаштык” жана “жаштар” түшүнүктөрүнө карата социология, психология, философия илиминде бир нече фундаменталдуу изилдөөлөр бар экендиги белгилүү. Жаш адамдарды социалдык-философиялык өңүттө изилдөө XX кылымдын 50-60-жылдарында колго алына баштаган жана атайын изилдөөлөр пайда болот.

Социалдык философия багытында В.П.Тугаринов, В.П.Рожин, В.Г.Афанасьев, Ю.К.Плетников, А.К.Уледов, В.С.Барулин, В.С.Степин ж.б. тарабынан коомдогу адам жана жаштарга байланыштуу маселелер талдоого алынат. В.П.Тугаринов “Табият, цивилизация, адам” деген эмгегинде жалпы адамзаттык проблемалардын алкагында экологиялык жана демографиялык маселелерди изилдеп, үй-бүлө жана наристенин дүйнөгө келиши, аны тарбиялоо жашоодогу бакыт катары болоорун ырастайт жана аталган демографиялык маселе философиянын изилдөөсүнүн негизги багыты катары кала берерин белгилейт [250].

В.Г.Афанасьев адам жана коом, башкаруу жана маалымат маселесинин маани-маңызын ачууга жетишет. Адам – социалдык түзүмдө, башкача айтканда, коомдо, үй-бүлөдө, мамлекетте негизги жана башкы компонент. Бардык техникалык-технологиялык, уюштуруучулук, социалдык-саясий башкаруу тутумунда бирден-бир субъектиси катары талданат жана социалдык маалыматтын жаратуучусу, булагы жана пайдалануучусу катары көрүнөт [28-29].

Ю.К.Плетников бир нече эмгегинде социализм учурундагы товардык өндүрүш, базар экономикасы, жалпы демократиялык жана социалисттик коомдун болмушун талдоо аркылуу адамдын, анын ичинде жаш адамдын ордун изилдейт [193-194]. Ал эми А.К.Уледов коомдук аң сезимдин жеке аң сезим менен болгон диалектикалык байланышын талдоого алат [251]. В.С.Барулиндин коомдун болмушундагы негизги сфералардын диалектикалык байланышын изилдейт [37]. В.С.Степиндин эмгеги жаштар маселесин талдоого алууда белгилүү деңгээлде теориялык маселелерге багытталат [228].

Социологияда жаштарды субмаданият менен байланыштуу изилдеген эмгектерде аларды социалдык-демографиялык топ катары карайт жана коомдогу статусу жана ролу менен байланыштуу изилденет. Бул багытта И.С.Кон илимий техникалык революциянын жүрүшүндөгү жаштардын социалдашуусун [118], өспүрүм курактагы психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөсү белгилүү болгон [119]. Ал илимий-техникалык прогресстин алкагында жаштардын социалдашуу маселесин жаш баланын коом үчүн жана коом аркылуу өнүгүүсүн тарыхый-этнографиялык аспектиде талдоого алат [120-122, 124] Анын “Открытие “Я” деген эмгеги философия, психология, социология илимдеринин карым-катнашынын алкагында жазылган илимий изилдөөнүн жыйынтыгы. “Мен” маселесин философия жана психология илиминин биринчи айлампасы катары карайт. Экинчи айлампасына европалык маданиятты коюп, “Мен” образын тарыхый социологияда талдоого алат. Үчүнчү айлампасына жеке индивидди өздүк аң сезимдин генезисинде изилдейт. [123, 125].

В.Т.Лисовский [137-143], К.Манхейм [150], В.И.Чупров [267-271], Ю.А.Зубок [86], Ю.А.Зубок менен В.И.Чупровдун биргелешкен эмгеги [87], Ю.А.Зубок жана Т.И.Яковчуктун [88] эмгектери жаштардын социалдашуу маселесин изилдөө багытын өнүктүрөт.

В.Т.Лисовский жаштарды социализация мезгилинин өзгөчө социалдык тобу катары “жаштар саясаты” деген терминди талдоого алып, аны изилдөөнүн үч багытын көрсөтөт. Биринчиси, төрөлгөндөн тартып 29 жашка чейинки

курактагы жаштардын муунун өзүнө камтыган кеңири көп тармактуу саясат. Экинчиси, жаштар иштери боюнча жергиликтүү жана атайын борборлоштурулган мекеме-уюмдардын, комиссиялардын ишмердүүлүгү. Үчүнчүсү, жаштардын билим алуу жана бош убактысынын чөйрөсү [139]. “Динамика социальных изменений” деген эмгеги жаш адамдардын жаңы муунун талдоого арналат [140]. Анын жаштар социологиясына байланышкан эмгеги социалдык реалдуулуктагы жаштардын ордун көрсөтөт [137, 138]. Мындан сырткары бир нече илимий басылмаларда макалалары жарык көрөт [141-145].

Советтик доордо жаштар маселесин изилдеген чет элдик окумуштуулар да белгилүү Немец философу жана социологу Г.Шельскийдин бир нече эмгеги жарык көрөт. Ал согуштун кесепетинен жабыркаган үй-бүлөнү, аялдардын ролунун жогорулаганын жазат. Анын жаштарга социологиялык изилдөө жүргүзгөн «Скептическое поколение» деген эмгеги 1957-жылы жарыкка чыгат. Согуштан кийинки жаштар сынчыл боло баштагандыгын аларда ишенбөөчүлүк орун алып, саясий баалуулуктарды жоготуу таандык экендигин айтат. Ал жаштарды социалдык ролдорду аткаруу позициясында талдоого алып, жаштыкты бала курак менен жетилген куракты н ортосундагы өткөөл мезгил деп белгилейт. Жаш адамдардын конфликттик абалдарынын көрүнүшү жетилүү мезгилиндеги адаптациянын кыйынчылыктарынан улам келип чыгаарын жана убакыттын өтүшү менен жок болоорун айтат. Германиядагы эмпирикалык социологияга болгон кызыгууну талдоого алып, коомдогу скептиктик маанай менен байланыштырат да, аны жаштардын мисалында изилдейт [279].

К.Манхейм жаш адамдардын коомдогу ролу жөнүндө изилдеп, “жаш болуу коомдун четки жагында болуу, көпчүлүк учурда аутсайдер болуу дегендик” – деп билет [150, 17-б,]. Анын пикиринде жаштардын субмаданиятынын терең маани-маңызы бар. Жаштар улуу муундагылар менен жаш өспүрүмдөрдүн ортосундагы көпүрөчө жана коомго толук аралаша элек топ катары көрүнөт. К.Манхейм “Биздин учурдун диагнозу” деген эмгегинде

жаштар маселеси эки аспекте карала тургандыгын белгилеп, жаштар бизге эмне берет жана алар бизден эмнени күтөт деген ойду алдыга коет. Жаштардын коомдогу ролу кандай, коом жаштарга эмне берет деген суроолордун үстүндө ой толгоп, билим берүү маселесине кайрылат. Аны убакыттан сырткары турган кубулуш катары эмес, тарыхый кырдаал, конкреттүү шарттар менен тыгыз байланышта анализдөөнү сунуштайт. Натыйжада коом менен жаштарды өз ара карым-катнашта талдайт. Жаштарга өзгөчө маани берип, либералдык-демократиялык коомдогу жаштарга карата социалдык-философиялык жана социологиялык концепцияны иштеп чыгат. Ал «аутсайдерство», «атомисттик индивидуализм» концепциясы деп аталат. Буга ылайык коомду прогрессивдүү буржуазиялык реформалоодо жаш адамдарга өзгөчө роль таандык кылынат. Айрыкча улуттук жаштар саясатын, жаш адамдардын кыймылын уюштуруу, билим берүүнү реформалоо маселесине басым жасайт [150]. К.Манхеймдин адамды талдоого алууда анын биологиялык жагына басым жасайт жана социал-дарвинистик көз караштарга сынчыл позицияда туруп, жаштарды коомдун социалдык тобунун бир бөлүгү катары анализдейт [150].

Ал эми И.М.Ильинский жаштарда өзүн-өзү жөнгө салуу, калыптандырyyсу маанилүү экендигин белгилеп коомго, ааламдашуу процессине ыңгайлашуусунун зарылдыгын айтат. Мамлекеттин жаштар саясаты анын ички саясаты катары болоорун жана социалдык саясатынын курамында туруп, жаштар менен байланыштуу карала тургандыгын белгилейт [96-98]

Анын “Гражданином быть обязан” [95] жана “Молодежь и демократия” [97] деген эмгектери жаш адамдардын атуулдук милдеттери, коомдогу калыптануусу, жана жоокерчилиги тууралуу маселени изилдейт. Советтик мезгилдеги комсомол уюму жана анын ролу тууралуу маселени философиялык талдоого алат [94] Анын А.В.Шаронов менен биргеликте жарыкка чыгарган эмгеги 90-жылдардагы коомдун өнүгүү тенденциялары жана жаштарга карата көз карашты изилдөө маселесине арналат [100].

А.И.Ковалева, В.А.Луков жана М.Реут жаштардын билим алуу көйгөйлөрүн изилдөө менен коомго адаптациялануу механизмдеринин калыптануу жолдорун изилдөөгө алышат. А.И.Ковалева заманбап россиялык жаштардын социалдашуу траекториясын, социалдашуусундагы ченемдер менен андан четтеген жагдайларды [111-112], В.АЛуков менен биргеликте жаштардын социалдашуу маселесин [113], М.Н.Реут менен жаштардын өзгөчөлүктөрүн жана социалдашуусун талдоого алат [114]. Жаштардын коомго адаптациялануусунун өзгөчөлүктөрүн изилдеген окумуштуулардын катарындагы В.В. Касьянов, Н.С. Слепцов, Л.В. Ревенко жаштарды коомго киргүнүн өзгөчө тобу катары талдоо жасашат [107, 216].

Жаштардын социалдашуу маселеси социологиялык изилдөөлөрдө кеңири чагылдыруу тапкан. Алсак, Е.Ю.Бикметов жаш адамдын социалдашуусундагы үй-бүлө менен орто мектептин ролун изилдейт [51]. В.П.Воробьев өткөөл мезгилдеги социалдашуу маселесине талдоо жасап, аны комплекстүү түрдөгү маданий жактан ырааттуулук жана өткөрүп берүү катары көрсөтөт [67], П.Ф.Кравчук менен Ю.ЮШкарина [127] ушул багыттагы изилдөөлөрдү улантышат.

Социологиялык багыттагы изилдөөлөрдө жаштардын субмаданиятынын тутуму, динамикасы, социалдык чөйрөгө карата ички жана сырткы факторлорго шартталышынын алкагында талдоого алынат. Бул багытта советтик жана россиялык тарыхчы, социолог жана футуролог И.В.Бестужев-Лада көп эмгек жасаган. Социалдык прогноздоо жана глобалистика боюнча маселени изилдөөдө жаштардын социалдык керектөөлөрүн социологиялык иликтөөгө алат [45]. Жаштардын калыптануусундагы социалдык маселелерди, социалдык прогноздоонун заманбап көйгөйлөрү, жаштар жана алардын социалдык жактан өзгөчөлүктөрү изилденет [46-47]. Ошондой эле жаштарды өзгөчө социалдык топ катары карап, билим берүү, эмгек ишмердүүлүгү, эс алуусу, маданияты, достук, сүйүү жана үй-бүлө маселелерине талдоого жүргүзөт [48-49].

Белгилүү изилдөөчү Э.Эриксон, З.Фрейддин психосексуалдык идеясына каршы туруп, эпигенездин өнүгүү теориясы жөнүндөгү окуусун негиздеп,

адамдын жан дүйнөсү коомдук маданий факторлорго көз каранды экендигин көрсөтөт. Анын пикиринде адамдын курактык жактан өнүгүүсүнүн “иденттик кризиси” болуп инсандын социалдык талаптары менен психосоциалдык жактан жетилгендигинин ортосундагы дал келбөөчүлүк эсептелет. Натыйжада ал инсандын өнүгүүсүнүн сегиз этабын белгилейт. “Балалык жана коом”, “Иденттүүлүк: жаштык жана кризис” деген чыгармаларында Э.Эриксон жаштар маселесине арналган социалдык-философиялык идеяларды негиздеп, эпигенез теориясын фрейдизмдин алтернативасы катары түшүндүрөт [285-286].

Социалдык философия багытындагы жаштар маселесине карата 60-жылдардагы изилдөөлөргө немец окумуштуусу Ф.Тенбруктун «Жаштар жана коом» деген эмгеги таандык. Жаштык, жашчылык түшүнүктөрүнө анализ жасоо аркылуу жаш адамдарды улуу муунга кошулуунун өткөөл мезгили катары изилдейт [235].

Жаштык маселеси 60-80-жылдары Лейпцигдеги жаштар маселесин изилдеген институт тарабынан жүргүзүлөт. В.Фридрих, Л.Биски, Б.Бертрам, В.Герт, К.Штарке, А.Пинтер жана башкалар Германия Демократиялык Республикасындагы жаштар маселесин изилдөөнү колго алып, бир нече эмгектерди жаратышкан [103, 128].

Ушул мезгилде чех окумуштуусу П.Сак «Социальное развитие молодежи» [204] деген эмгегин жарыялайт. Коом менен жаш адамдардын ортосундагы объект-субъектилик маселени талдап, жаштардын адам катары калыптануусун, жалпы социалдык мамилелердеги акылын, руханий жана социалдык жетилүүсүн изилдейт. Булар советтик доордогу чет мамлекеттердеги изилдөөлөр катары философиялык жана методологиялык мааниге ээ болгон. Ал эми Орусиялык изилдөөлөрдө да социалдык-философиялык багыттагы ири эмгектер жаралат. Негизинен марксисттик көз караште болуп, субъект-объектилик, субъект-субъектилик жана коомдук мамилелер талданат.

Белгилүү окумуштуу С.Н.Иконникова бир нече эмгегин жаштык жана жаштар маселесин талдоого арнайт. Анын “Өнүккөн социалисттик коомдун

социалисттик тутумундагы жаштар” деген эмгеги жаштарды социалисттик коомдогу негизги күч катары баалайт [89]. Ошондой эле жаштарга карата социологиялык жана психологиялык изилдөөсү советтик мезгилдеги теориялык эмгектерден болуп калган. Жаш адамдын инсандыгынын өнүгүү маселелери, курактык өзгөчөлүгү, улан-кыздардын руханий жактан өнүгүүсү, жаштар маданиятынын калыптанышы талданат [90-91].

Социалдык философия, социалдык-психология, педагогика илиминдеги изилдөөлөрдө коомдун негизги сферасы катары билим берүү, саясий, экономикалык өнүгүү, кесиптиктик ишмердүүлүгү, эс алуусу, үй-бүлө жана башкалар эсептелген. Коомдун бул сфералары жаш адамдарды, жаштык маселесин изилдөөдө чоң роль ойнойт.

Жаш адамдарды изилдөө дүйнөлүк философияга таандык болгон жалпы маселе катары эсептелсе, советтик философияда алар атайын өзгөчө белгилерге ээ болгон коомдун мобилдүүлүгүнүн элементи катары каралат. Жаштар билим берүү, эмгек рыногу, демографиялык маселелер менен байланышта изилденет. Муундар аралык маданий өзгөрүү жана жаштардын субмаданияты жөнүндөгү маселелер маанилүү экендиги белгиленет. Бул багытта С.Н Иконникова [90], В.С.Магун менен А.З.Литвинцев [149] М.Х.Титма [237-238], М.Х.Титма жана Л.А.Коклягина [177], Г.Е.Зборовский [223], В.В Цыбульник [264]. Р.Д.Хуначов [263], И.Н.Андреева менен Л.Г.Новикова [20] эмгектерин жарыкка чыгарышат.

Советтик доордогу изилдөөлөрдө жаштарды мамлекет жана коммунисттик партия тарабынан аныкталган баалуулуктарга адаптациялоо маселеси каралып, коомдук өнүгүүнүн контекстинде изилдөөлөр үч багытта жүрөт. Биринчиси “лонгитюддик изилдөөлөр” (“лонгитюдные исследования”) деп аталат. Бул багытка М.Титманын изилдөөсү маанилүү болуп, лонгитюддук изилдөөлөргө америкалык эмгектер таасирин тийгизет [239-240]. Экинчиси, социалдык-психологиялык багытта жүрүп И.С.Кондун эмгектеринин таасири чоң болгон. Анын изилдөөлөрү батыш өлкөлөрүндө кеңири таралып, жаштардын субмаданиятын талдоого басым жасалат. Эмгектери өспүрүм

курактын психологиясына арналып, жаштардын феномен катары реалдуулугун изилдөөгө багытталат [121-125].

Жаш адамдардын калыптануусунда “биологиялык” курак маселеси А.Андронеско [21], А.А. Маркосян [153], А.Г. Храпкова [262], А.В.Толстых [249]. А.Ф.Чеботарев [265], Э.Россет [200], Г.А.Чередниченко менен В.Н.Шубкин [266], М.Н.Руткевич менен Л.Я.Рубина [202], Ф.Р.Филипповтор [256] тарабынан изилденет.

Жаштыкты изилдөөнүн жаңы аспектиси муундар аралык жана муун ичиндеги маселени талдоого арналат. Мындай багыттагы эмгектер муундарды өзгөчө феномен катары кароосуна жана социалдык өзгөрүү процессине таасир этүүчү социалдык факторлордун ролун аныктоого түрткү берет. Советтик коомдо социалдык жактан бөлүнүүнүн негизги фактору болуп билим берүү эсептелген. Билимдин деңгээли жана сапаты социалдык мобилдүүлүктүн, элиталык топтун келип чыгышынын негизи катары кабылданган. Бул изилдөөлөргө В.Н.Шубкин менен Д.Л.Константиновский [185], В.Т.Лисовский менен А.В.Дмитриевдин [145] эмгектери кирет. Бир нече коллективдүү изилдөөлөрдүн негизинде жаштар тууралуу эмгектер жарык көргөн [164-167, 169-171].

Жаштардын социалдык керектөөлөрүн прогноздоого байланышкан маселелер В.А.Луковдун [148], В.А.Сибирев менен Н.А.Головиндин [214], О.И.Карпухиндин [106], В.В.Морозов менен А.П.Скробовдун [172], М.Марковичтин [151-152] изилдөөлөрүндө чагылдырылат.

XX кылымдын 90-жылдарында бир нече изилдөөлөр жаштык жана жаштар категориясын түрдүү аспекте изилдөөнү улантат. Алардын катарында И.А.Сурина [229], Н.Я.Голубкова [70], Л.М.Митина [159], Г.Н.Соколова [218] А.С.Запесоцкий [85], В.Я.Суртаев [230], Л.Яковлев [291], П.И.Бабочкин [34-35] турат.

Социалдык-философиялык багытта Ю.Г.Волков менен И.И.Гуськов трансформацияланyy шартындагы россиялык жаштардын социалдык жактан калыптануусундагы кагылышуулардын маани-маңызын изилдейт [65].

Ю.Г.Волков жана В.С.Поликарпов адамдын, анын ичинде жаштардын интеграциялык табиятын изилдесе [69], Б.А.Ручкин, В.А.Родионов, А.В.Пыжиков жаштарды коомдун өнүгүүсүнүн стратегиялык ресурсу катары талдашат [203].

В.И.Чупровдун изилдөөлөрү жаштардын социалдык өнүгүү жараянындагы орду, кайра өндүрүүчү жөндөмдүүлүгү, илимий техникалык прогресстин жүрүшүндөгү жаштар маселесинин өзгөрүшү, жаштар арасындагы экстремисттик кыймылдар, кризистик кубулуштун көрүнүшүндөгү жаштардын орду изилдөөгө алынат [267-274].

Жаш адамдарды социалдык-философиялык өңүттө изилдөө постсоветтик мезгилде уланат, бирок эгемендикти алган ар бир мамлекетте социалдык саясаттын агымына, темпине жараша изилдөөлөр жүрөт. Ал эми батыш өлкөлөрүндө жаштар менен байланышкан маселелер саясий, демографиялык багытта улантат. Жаш адамдардын билим алуусу, бош убактысынн туура пайдалануу маселеси да окумуштуулардын көңүлүнүн борборунда болот. Алсак, Орусиялык изилдөөчүлөр Ю.А.Васильчук жаш адамдардын маданияты, ариети жана ар намысы, укуктук аң сезими менен байланышкан изилдөөлөрдү жүргүзөт [61], Л.Г.Олех саясий билим жана анын коомдук аң сезимдеги ордуна маани берген эмгегин жаратат [186]. Орусиянын курамына кирген Татарстан, Башкортостандагы изилдөөлөргө Ф.Л.Гайсиндин [68] С.Н.Поздяеванын [195] эмгектерин белгилеп кетүү маанилүү.

Диссертациялык изилдөөлөрдү А.П.Ветошкин [298], В.М.Анисимов [294], Н.Н.Никитина [310], Т.В.Рогачева [313], В.В.Павловский [190-191, 311] жүргүзөт. В.М.Шнякина жаштардын өзүн-өзү аныктоо процессиндеги субъектүүлүгүн [316], В.Л.Гусев коомдун саясий маданиятындагы жаштардын субмаданиятын [303], И.Р.Газизов трансформацияланып жаткан коомдогу жаштардын ролун жана ордун изилдеген эмгегин коргогон [300]. С.К.Савин заманбап Орусиядагы жаштардын дүйнөтаанымынын маселелерине арналган эмгегин жаратат [314].

Акыркы мезгилдеги изилдөөлөргө С.С.Карпиленянын субмаданият жаштардын социалдашуусунун жолу катары талдоо жүргүзгөн эмгеги [307], Н.В.Попованын өнөр жай ишканаларындагы жаштар саясатынын негиздерине арналган диссертациялык изилдөөсү [312] белгилүү болот.

Орус окумуштуусу С.Ю.Гогерчак "Жаштар маданияттын феномени катары" деген эмгегин жазган [301]. Т.В.Земрах азыркы учурдагы жаштар маданиятындагы башкы баалуулуктар тууралуу эмгегин жаратат [304]. Студент жаштардын бош убактыларындагы эс алуусунун трансформациялануусу тууралуу маселе Н.Г.Гончарова тарабынан изилденет [302].

С.И.Левикова жаштардын субмаданиятынын мисалында маданияттын баалуулуктарынын динамикасынын модели, жаштар маданиятынын баалуулуктар системасындагы орду тууралуу талдоолорду жасайт [134-136]. Е.Омельченко жаштардын субмаданияты менен байланышкан эмгектерин жаратат [187-188].

Ал эми Кыргызстандагы социалдык-философиялык изилдөөлөрдө жаштар маселесинин илимий анализи канчалык деңгээлде чагылдыруу тапкандыгы жөнүндөгү маселеге токтолуу да өтө маанилүү.

Жаштык жана жаштар маселесин изилдеген социалдык-философиялык өңүттөгү түздөн-түз эмгек жокко эсе болсо да тигил же бул аспектиде жаштар маселесине кайрылган эмгектерди белгилеп кетүү маанилүү. А.Табалдиев, Р.Ачылова, К.А.Ажибекова М.М.Эдилова, Г.С.Токоевалар эмгектеринде бул маселеге кайрылган жагдайлары бар.

Белгилүү философ А.Табалдиев кыргыздардын професссионал философторунун ичинен социалдык-философиянын баштоочуларынын бири. Анын "Айыл маданияты жөнүндө сөз" [231], "Жаңы адам жана бош убакыт" [232], "Сүйүүдөн турмуш жаралат" [233] деген эмгектери белгилүү деңгээлде жаштар маселесин ачууга арналат.

Кыргыз философторунан Р.Ачылова алгачкылардан болуп жаштар маселесин "Бош убакытты туура пайдалана билебизби" деген эмгегинде чагылдырылат [30]. Жаштардын талабы жана кызыкчылыктарын изилдеп,

“Жаштар деген ким?” деген суроону коет жана жаштык кез “акыл кошулуп, сезим өсүп турган курак. Назикчилик, куунакчылык, жароокөрчүлүк, калыстык ж.б. жакшы сапаттар да жалпысынан алганда жаштык кезге мүнөздүү” [0, 11-б.] – деп белгилейт. Р.Ачылованын пикирине ылайык “жаштык” жана “жаштык кез” түшүнүктөрүнүнүн маани-маңызы боюнча бир пикир жок. Жаштарды курактык жактан айырмалоодо да ар кандай пикирлер бар, алардын турмуштагы орду коомдун өнүгүүсүнө түздөн-түз байланыштуу. Советтик доордогу кабыл алынган жаштар курагынын өзгөчөлүктөрүн изилдеп өзүнө тиешелүү мезгилдерге бөлүнөөрүн эскертет. Ал үй-бүлө менен коомдун карым-катнашын, аялдардын билим алуусун, өткөөл мезгилдеги Борбор Азиядагы өспүрүм кыздардын социалдык абалы тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзөт [31-33].

К.Ажибекова маалыматтык коомдогу адамдын келечегин, анын табигый жана социалдык адаптациялануу процессине талдоо жасайт [2-4]. Жаштар маселесине байланышкан эмгек катары К.Ажибекованын “Молодежь и проблемы психологии и атеизма в условиях современной НТР” айтууга болот. Эмгекте илимий-техникалык прогресстин шартындагы жаштарда психологиялык жана атеисттик көз караштардын калыптанышы тууралуу ойлорду сунуштайт [3].

Социалдык философия багытында өспүрүм балдардын маселесин изилдеген М.М.Эдилованын “Транзиттик коомдогу элет жакырчылыгы жана өспүрүм балдар” деген эмгеги белгилүү. Өткөөл мезгилдеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, өспүрүм балдардын социалдык абалы, жакырчылык маселелери изилденет. Ал жакырчылыкты социалдык көрүнүш катары карайт жана демократиянын шартындагы гендер маселеси, аялдар укугу талдоого алынат [283-284].

Жаштар маселеси Г.С.Токоеванын изилдөөлөрүндө да чагылдыруу табат. “Кыргыз философиясындагы адам болмушу” деген эмгегинде кыргыз элинин философиялык ойлорундагы адам маселесин изилдеп, байыркы мезгилден заманбап коомго чейинки киши жөнүндөгү ойлордун алкагында жаштар жана жаштык маселесине кайрылат. Элдик оозеки чыгармалардагы, Жусуп

Баласагын, Махмуд Кашгари жана элдик акындардын дүйнөтаанымындагы адам маселесин кароо менен бирге жаштар маселесине токтолот. XX кылымдагы акын-жазуучулардын, интеллигенция өкүлдөрүнүн дүйнөтаанымындагы адам маселесин кароонун чегинде жаштык маселесинин маанилүүлүгү да орун табат [245-246].

Кыргызстандагы акыркы мезгилдеги изилдөөлөргө С.О.Жунушова менен Н.Казак кызынын “Молодежные движения в современном Кыргызстане: процесс формирования элиты” деген эмгегин кошууга болот. Аталган эмгекте Кыргызстандагы жаштар кыймылы жана элитанын калыптануу процесси теориялык-методологиялык талдоого алынат жана заманбап саясий процесстердеги жаштар кыймылдары, элитанын калыптануусунун келечеги изилденет [83].

Талдоолор көрсөткөндөй бүгүнкү күнгө чейин жаш адамдарды социалдык философиялык багытта изилдеген кыргыз философиясынын багыты ачык бойдон калууда. Биздин изилдөөбүз ушул маселенин бир жагын толуктаган эмгек болот деген ойдо, актуалдуу маселе экендигине ынандык жана изилдөөнүн предмети менен коюлган максатыбыз аркылуу маселенин мазмуну ачылмакчы.

Бул бөлүм боюнча жыйынтыктар:

1. Жаштар маселеси чет элдик, советтик жана ата мекендик окумуштуулардын изилдөөсүнүн предмети катары болуп келсе да социалдык-философиялык өңүттөгү изилдөөлөр жок экендиги белгилүү болду.
2. Жаштар социалдык демографиялык топ катары жана жаштык философиянын белгилүү категориясы экендиги илимий талдоого алына элек. Жаштыкка карата философиялык өңүттө онтологиялык талдоо зарылдыгы бар.
3. Кыргыз философиясында жаштарга карата комплекстүү изилдөөлөр жүргүзүлбөгөн жана ааламдашкан коомдо жаштыкты өзгөчө феномен катары кароо маанилүү.

## 1.2. “Жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн логикалык экспликациясы

Коомдун трансформациялануу учурунда жаш адамдар ар түрдүү жагдайлардан улам татаал карама-каршылыктуу жагдайларга туш болууда. Советтик доордогу коммунисттик партиянын жана комсомол уюмунун жүргүзгөн системалуу социалдык-саясий багытында жүргөн жаштар эгемендик алгандан кийинки мезгилде радикалдуу өзгөрүүлөргө байланыштуу коомдук турмуштун социалдык тутумундагы ролу өзгөрдү. Жаштардын коомдун социалдык-саясий турмушуна катышуусу боюнча башка позициядан көрүнө баштады. Үй-бүлөдө, билим берүү мекемелеринде, кесиптик билим алуу жаатында, эмгек жамаатында, коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүндө жаш адамды калыптандыруу жана коомго ыңгайлаштыруу маселеси боюнча жаңыча социалдык-философиялык ой жүгүртүүнүн зарылдыгы жаралды. “Жаштар” жана “жаштык” маселесине карата социалдык философиянын мейкининде талдоо жасоо аркылуу жаш адамдардын ордун жана ролун аныктоо заманбап ой жүгүртүүнүн маселеси катары изилдөөнү актуалдаштырды. Ошондуктан диссертациялык иштин бул бөлүгүндө “жаштык” жана “жаштар” түшүнүгүнүн маани-маңызына, жаш адамдардын курактык өзгөчөлүгүнө жана “жаштык” категориясынын философиялык интерпретацияланышына илимий талдоо жүргүзүлмөкчү.

Социалдык илимдерде адамга жана коомго карата системалуу мамиле жасоо, социум менен жеке инсандын өз ара диалектикалык байланышын, коомдогу ордун аныктоо негизги маселе. Социалдык реалдуулукту бүтүндөй бир реформалоо аркылуу андагы топтордун, этникалык жалпылыктардын өз ара карым-катнашын, кызыкчылыктарын изилдөө зарылдыгы аңдалып билинди. Социалдык-демографиялык топтордун ичинен жаштарга карата изилдөөлөрдү жүргүзүү, алардын социалдык ролун аныктоо, түшүнүк-категориялык контексте жана проблемалык талаада жаштык болмушун илимий

талдоого алуу – социалдык философиянын жаштык маселесинин (ювенология) бир багыты.

Жаштарды коомдогу активдүү топ катары же курактык жактан жетилүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдеген эмгектер жана илимий талдоолор жүргүзүлгөндүгүнө карабастан бул маселе бүгүн да аны таанып-билүүнү, заман талабына жараша изилдөөнү талап кылууда. Жаш адамдарды философия, социология, психология, педагогика, демография, медицина юриспруденция жана башка илимдер изилдеп келүүдө. Анткени бул өзгөчө маани-маңыздагы, мазмун-формадагы жана бир нече илимди интеграциялаган, комплекстүү изилдөөнү талап кылган феномен.

Тарыхый өнүгүүнүн конкреттүү этабы жаштарга карата улам жаңы маселелерди жаратат жана аны корректировка (кайра жаңыча көз караштa кароону) кылууну талап кылат. Эң алдыда “жаштар” жана “жаштык” деген эмне? - деген суроо жаралат.

Биринчи кезекте, жаштар коомдогу социалдык-демографиялык топ катары көрүнөт. Анткени коом ички дифференцияланган социалдык түзүмдөн (структурадан) турат. Анда таптар жана социалдык топтор айырмаланат. Коомдо курактык жактан адамдардын ордунун жана ролунун аныкталышы социалдык-демографиялык маселенин алкагында талданат. Жаштык инсандын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн белгилүү этабы, анын болмушунун реалдуулугунун курактык жактан көрүнүшү. Советтик окумуштуу С.И.Иконникова жаштарга арналган эмгегинде мындай дейт: “Необходимо четкое разграничение понятия “молодость” как определенной фазы развития личности и понятия “молодежь” как социально-демографическая группа общества. При изучении молодости внимание исследователя концентрируется на индивидуально-личностных процессах, на соотношении соматических, физиологических, психических и социально-психологических особенностей, свойственных человеку определенного возраста. Групповые, социальные характеристики привлекают здесь главным образом для объяснения внутриличностных свойств. При изучении же молодежи как социально-

демографической группы в центре внимания стоят особенности ее сознание и деятельность, по отношению к которой возрастные признаки играют роль одного из объяснительных компонентов” [90, 42-б.].

Демек, жаш адамдарды, биринчиден, курактык белгилерин жана ошол кезге таандык болгон өзгөчөлүктөрүн, экинчиден, социалдык-демографиялык топ катары коомдун социалдык тутумунун алкагында айырмалоо зарыл. Советтик доордогу социалдык философияда жаштарды жана жаштык маселесин изилдөө XX кылымдын 60-жылдарында кеңири кулачын жаят. Жаш адамдардын курактык өзгөчөлүгү, алардын баалуулуктарга адаптацияланышы, жаштардын коомдук өнүгүүнүн субъектиси катары болушу изилдөөлөрдүн предмети катары изилденген.

Жаш адамдардын курагы жагынан талдоого алуу жаштарга карата изилдөөнүн маанилүү аспектилеринин бири. Эң алгач алардын курактык өзгөчөлүктөрүнө токтололу. Кыргызда улан-кыздарды “бойго жетти” деп айтышат. Бул өспүрүмдүн жаштык куракка келиши катары кабылданат. Кыргыз элинин социалдык турмушун изилдеген А.Табалдиев “Турмуш-тиричилик маданияты” деген эмгегинде советтик позициядан туруп 16 жашка чыккан өспүрүмдүн жетилип, бойго жеткендигин айтат да мындай дейт: “Балалык мезгил артта калды. Балдар бойго жетишти. Бул учурда улан же кыз балалык бейкапар кыялдан өзүнө тиешелүү жолду тандап, ал жол боюнча алга барууга алгачкы кадамды шилтей баштайт. Баса, бул учурда алар граждандык укукка ээ болот. Аларга советтик паспорттор тапшырылат. Паспорт алуу – ар бир өспүрүмдүн өмүрүндөгү маанилүү окуя. Бул күндүн өмүр бою эсте калгандай элестетүү болгону жакшы. Мына ошондуктан биздин өлкөдө паспорт тапшыруу боюнча да граждандык салт пайда болду” [234, 80-б.].

Демек, жаштыкты курактык жана жарандык жактан да талдоого алуу маанилүү. Кыргыз Республикасында учурда 15-16 жашка чыккан өспүрүм паспорт алуу укугуна ээ болот. Бул мыйзам менен белгиленген. Паспорт алуу – жаш адамдын статусунун жана жоопкерчилигинин аныктагычы. Жарандык жактан алганда жаштык курак – мыйзам тарабынан белгиленген укуктарга ээ

болуусунун чегинин кеңейиши жана жоопкерчиликти өз мойнуна алышы. Өспүрүмгө ата-энеси жагынан жоопкерчилик азайып, жаш адамдын өзүнө көбүрөөк өз алдынчалуулук менен жоопкерчилик артылат. Бул куракта жаштардын үй-бүлө курууга жана кыздардын турмушка чыгууга болгон курагынын келиши жана турмуш жолун өзү түзгөн үй-бүлөдө улантышы менен коштолот. Үй-бүлө куруу да жаш адамдын жарандык укугу менен тыгыз байланышкан. Мыйзамга ылайык 18 жашка чыккан улан-кыз гана үй-бүлө куруу укугуна ээ болот (андан мурда никеге турууга мыйзам жол бербейт). Мына ушундай жарандык жактан чектөөлөр жана укук берүүлөр жаш курагы жеткендигин эске алып жүргүзүлөт. Жаштык куракта жаш адамдага карата ата-энеси, жакындары, жамааты жана мамлекет тарабынан колдоолор жүргүзүлөт.

Өткөн кылымдын экинчи жарымындагы изилдөөлөрдө жаштарды коомдук өнүгүүнүн субъектиси катары карап, бир нече багыттар пайда болот. Жаштарды активдүү, кыймылдуу, кесип тандоого жөндөмдүү жана ага багыт алган топ катары караган көз караштар калыптанат. Жаштар келечектин куруучусу катары эсептелип, аларды коомдун түрдүү сфераларында ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө даярданып жаткан, келечекте социалдык-экономикалык чөйрөдө өзүн көрсөтүүчү инсандар катары тааныйт. Натыйжада кесип тандоо жана келечекте иштей турган адистиги жөнүндөгү жеке көз караштары пайда болот. Жаштарда кесиптердин орду жана мааниси тууралуу ойлор калыптанат. Алар тарабынан кээ бир кесиптин мааниси жана баа-баркынын жогору же анчалык эмес экендиги аңдалып билинет. Аны коомдук аң сезимде “келечектүү” ,”маанилүү”, “престиждүү” кесип катары кабылдашкан. Ушундан улам жаш куракта кесип тандоо мүмкүндүгүнө ээ болот.

Экинчи дагы бир субъективдүү көз карашы катары алардын коомдо, эмгек рыногунда тигил же бул социалдык ролду аткаруусуна карата мамилелеринин жаралышы эсептелет. Алардын эмгек рыногуна келиши – жаш адамдын калыптанган жана жетилген инсан катары социалдык статуска ээ болуп, ролдорду аткарууга киришкендигин тастыктайт. Бул жаштар тарабынан коом үчүн зарыл болгон талаптарды аткара баштагандыгын далилдейт. Мында

жаш муундар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен жоопкерчилигин, билими менен талантын, кесиптик чеберчилиги менен келечек максаттарын ишке ашыруунун жолуна түшөт. Өздөрүн чоң адамдын ордуна коюп, социалдык статусун ишке ашыруунун мейкинине киргенин туюп сезет. Натыйжада Г.Шельский белгилеп кеткендей жаштар "өспүрүмдүк ролдон чоң адамдын социалдык ролун аткаруучу өткөөл" мезгилдин жолун басып өтөт [279, 12-б.].

"Жаштар деген ким жана анын курактык өзгөчөлүгү эмне менен мүнөздөлөт?" – деген суроо жаштар маселесин изилдеген окумуштууларды кызыктырып, ойлорун билдирүүгө түрткү берген. Ф.Тенбрук бул тууралуу мындай дейт: "Жаштык маани-маңызы боюнча чоңдордун ролун аткарууга жана ага өтүүгө, маданиятка киришүүгө даярдаган өткөөл мезгил". Анын көз карашында үй-бүлөнүн, орто мектептин, кесиптик билим берүүнүн, жаштар жана башка уюмдардын милдети – "жаштарды коомго ыңгайлаштыруу". Социалдык институттардын башкы ролу – жаштарды коомго жана маданиятка "алып келүүнү" камсыздоо жана жөнгө салуу, анткени жаштар өзгөчө маданияттагы топ» [235, 9-б.]

И.В.Бестужев-Лада жаштарды өзгөчө социалдык топ катары карайт, төрөлгөндөн тартып 14-16 жашка чейин балалык мезгил өтөөрүн, ал "үй-бүлө академиясынан" тарбияланып, үй чарбачылыгындагы ата-энесинин жасаган ишин үйрөнөт жана тарбиясын алат. Бул учурда алгачкы социалдык жактан жетилүү башталат. 16-18 жаштан – 30-35 жашка чейинки курак жетилген мезгил катары каралат. Бул учурдун эң башкы айырмалоочу белгиси – улууларды тууроо, алардын жолун улоо, жаңы бир нерсени жаратуу, ата-энесинде болбогон жакшы нерселерди пайда кылуу, турмуштук тажрыйбага ээ болуу. Бул чыгармачылык өнүгүүнүн эң жогорку чеги. Өзгөчө маанилүү курак, алар менен эсептешүү зарыл" [48, 19-20 бб.].

Р.Ачылова жаштык курак 30 жашка чейин уланып, өз ичине бир нече мезгилдерди камтый тургандыгын айтат. Жаштыктын мерчемдүү учурунун бири – улан кез (юность). "Бул кезде жаш адамдын сезгичтик, сергектик касиеттери өөрчүп, айлана чөйрөгө сын көз менен карай башташат. Турмуштан

өз ордун табуу сыяктуу чоң маселелерге катышышат. Улан-кыздар өз алдынча биринчи жолу эмгектик коллективге мүчө болушуп, коомдук-саясий турмушка да эпкиндүү катыша баштайт” [30, 8-б.]. Жыйырма жаштан өткөн жаш адамдар негизинен токтолуп, социалдык жактан жетилишет. Анын пикиринде “Жаштык – балалык менен токтоолук мезгилдердин ортосундагы адам өмүрүнүн бирден бир негизги тилкеси экендиги бышык. Жаштык деген түшүнүктү илимий жактан аныктоо үчүн кеминде үч нерсени жадыда тутуу зарыл. Биринчиден, жаштык кезде адам физиологиялык (дене түзүлүшү, жыныстык өзгөчөлүктөрү, бою, сакал-муруттун чыгышы ж.б.) жагынан кийинки курактык бөлүнүштөгү кишилерге тиешелүү болгон касиеттерге ээ болушат. Экинчиден, бул куракта улан-кыздар ойлоо, сүйлөө, эмгек ыкмаларын өздөштүрүшүп, алардын керт башынын кулк-мүнөзү, температменти калыптанат. Үчүнчү жана эң орчундуу жаштыктын касиети болуп, кишилердин социалдык жактан жетилүүсү эсептелет” [30, 9-б.].

Демек, жаштык куракка физиологиялык жана психологиялык жактан жетилген жана өз алдынча социалдык абалга ээ болгон жаш адамдар кирет. Жаштыктын маани-маңызы анын социалдык ролдорду аткаруусу аркылуу ачылат. Кишинин социалдык болмушта өз ордун табуусу анын социалдык жактан жетилгендигинин күбөсү. Жаштыктын эң башкы белгиси – социалдык жактан жетилүү.

Социалдык жактан жетилүү – бул индивидуалдык-физиологиялык, психологиялык, социалдык-маданий жактан адамдын калыптануусу. Ал адам жашоосунун белгилүү бир этабында өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү көрсөтүү жана өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу катары көрүнөт. Бул индивиддин инсан катары өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабы; коомго социалдашуусунун жыйынтыгы. Социалдык жактан жетилүү – жаш адамдын инсан катары өзүн көрсөтүүсү, жеке касиеттеринин социумдагы чагылуусу; индивиддин жашоо-тиричилигинин маанилүү көрсөткүчү, башкалар менен болгон өз ара мамилеси, дүйнөтаанымы жана дүйнөкараштык позициясы. Социалдык жактан жетилүүдө жакын адамдардын, үй-бүлөсүнүн, өз курбуларынын таасири чоң. Ушул

жагдайлардан улам индивид өзүн жана башкаларды, аны курчап турган реалдуулук кандай абалда болсо, ошондой кабылдайт. Кабылдоодо өз алдынчалык жана кандайдыр бир таасирлерсиз процесстер жүрөт. Бул процесстин жүрүшүндө реалдуулук индивид тарабынан салыштырылат, өзүнүн жекелигин, өзгөчөлүгүн аңдап билет жана инсан катары калыптанат.

Социалдык жактан жетилүүдө жарандык, идеялык-саясий моралдык-нравалык жактарын айырмалоо зарыл. Анткени ар бир инсан өзүн тигил же бул коомдун мүчөсү жана мамлекеттин жараны катары эсептейт. Өзү жашаган мамлекеттеги адамдар баш ийген заң-мыйзамдарга баш ийет. Коом жана мамлекеттин алдында жарандык милдеттерин жана укуктарын аңдап билет. Эркиндик менен жоопкерчиликти, укук менен милдетти айырмалайт, тыюу салынган жана уруксат берилген жол-жоболорду карманат. Мыйзам менен белгиленген эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзөт, жыйынтыгын өзүнө ыйгарат. Жумуш менен алектенүү жана бош убакытты пайдалануу, эс алуу мүмкүндүгүнө жетишет. Башка жарандар ээ болгон билим алуу, саламаттыкты сактоо, социалдык жактан коргоо кепилдиктерине ээ болот.

Коомдун жана мамлекеттин өнүгүү багытына, жүргүзгөн социалдык-саясий багытталышына жараша өзүн ыңгайлаштырат. Мамлекеттин социалдык-экономикалык, жарандык-саясий процесстеринин субъектиси болот. Коомдун бир мүчөсү катары саясий окуялардын катышуучусу, же активдүү уюштуруучусу, тигил же бул социалдык өнүгүү багытына карата жарандык активист ролунда болот. Ал мыйзам менен белгиленген укуктарга ээ болот. Эң жөнөкөй мааниде алып караганда белгилүү куракка жеткенден кийин шайлоо жана шайлануу процедураларына катышат. Коомдун саясий сферасынын тигил же бул мейкининде өзүнүн саясий ишмердигин, активдүүлүгүн көрсөткөн субъект катары чыгат.

Жаш адамдын социалдык жетилүүсүнүн көрсөткүчү катары моралдык-нравалык жактан калыптанышы эсептелет. Индивиддин коомдогу кабыл алынган жүрүм-турумдарды өзүндө калыптандыруусу, атуулдук ар намысты сактоо жана абийирге ээ болуу – анын социалдык жактан жетилгендигинин

кепилдиги. Жакшылык менен жамандыкты, адилеттик менен адилетсиздикти айырмалай билүү, элдик нарк-насилди өзүнө сиңирип, турмушта колдоно билүү анын инсан катары калыптангандыгын аныктайт. Элдик каада-салтты, үрп-адатты үйрөнүп жеке жашоосунда колдонуп, болмушунун бир көрсөткүчү катары кабылдоо жаш адамдын адеп-ахлак жактан калыптангандыгын билдирет.

Адеп-ахлакты жана намысты алып жүргөнгө үйрөнгөн жаш адамдын эстетикалык табитинин болушу да маанилүү. Ал табияттагы, коомдук турмуштагы, искусстводогу жана кадимки күнүмдүк турмушундагы сонун, жакшынакай, өзгөчө нерселерди кабылдай алуусу жана баалай билүүсү зарыл. Анткени анын социалдык жактан жетилүүсүндө табияттагы өзгөчө кубулуштарды, коомдо жаратылган руханий баалуулуктарды, башкалардын жан дүйнөсүнөн пайда болгон искусство чыгармаларын аңдап билип, ага баа берүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышы чоң роль ойнойт. Эстетикалык табиттин калыптанышы реалдуулуктагы кооздукту, сулуулукту, сонундукту жана кереметти туюп сезүүгө, сонундан жаманды, сулуулуктан ырайсыздыкты, көрктүүлүктөн көрксүздүктү айырмалоого жол ачат. Эгерде жаш адамда ушундай сапаттар калыптанган болсо, анын социалдык жактан жетилүүсү ишке ашкандыгын далилдейт.

Социалдык жактан жетилүүнү эмнеден көрөбүз жана аны кантип билүүгө болот? – деген суроо жаралышы мүмкүн. Анын эң алгачкы көрсөткүчү катары жаш адамдын өзүн-өзү башкара билиши, ар түрдүү кырдаалга жараша ыңгайлаша алуусу, жүрүм-турумун жөнгө салуусу. Өзүнүн жеке турмушунда жаралган түрдүү жагдайларды чечүүнүн жолун билүү жана ага карата ички мүмкүнчүлүгүн жана сырткы тулку-боюнун күчүн жумшоону үйрөнүү. Жашоодо кездешүүчү түрдүү тоскоолдуктарды жеңе билүү, турмуштун оорчулугун көтөрүүгө даяр болуусу жаш адамдын жөндөмдүүлүктөрүнүн бири. Өзүн-өзү калыптандыруу жана өзүн-өзү ишке ашыруу боюнча тынымсыз аракетте болуу жана өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, мүмкүнчүлүгүн объективдүү

баалоого жетишүүсү – негизги жетишкендик. Ал аркылуу жеке Мениnин калыптанышы жана өзүн-өзү таануусу жүрөт.

Социалдык жактан жетилүүнүн көрсөткүчү катары социалдык жоопкерчиликти сезүүсү эсептелет. Эгерде жаш адамда жоопкерчилик жогору болсо, ал коомдогу кабыл алынган жол-жоболордун алкагында жашоо өткөрүүгө үйрөнөт. Укук менен милдеттин диалектикалык байланышын билет, укуктун чегинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт жана өз милдетин аңдап билет. Укук-милдет бири-бирин толуктап турган диалектикалык биримдик экендигин жана алардын алкагынан чыкпай аракеттенүү социалдык жактан калыптанган инсан экендигин далилдейт.

Жаш адам көп учурда кыялдануу менен жашайт. Эгерде ал кыял менен чындыкты айырмалай алса, ойдогу менен барды таанып алса, анын инсандыгынын калыптангандыгын аныктайт. Жаштар кыялындагыны, оюндагысын реалдуу кылууга ар дайым аракет кылган активдүү топ. Алар “барды – бар, жокту – жок кылган”, маңыз менен кубулушту тааныгандар.

Жаштардын социалдык жактан жетилүүсүндө мезгил менен мейкинди туура кабылдоосу чоң роль ойнойт. Ар бир жаш адам өзү жашап жаткан доорду, курчап турган чөйрөнүн реалдуулугун аңдап билүүсү зарыл. Анткени ал жашап жаткан доор бүгүндөн эртеңкиге карай ар дайым жана тынымсыз жүрөөрүн, бүгүн жасалбаган же аңдап билинбеген, таанылбаган реалдуулук эртең же келечекте анын кабылдоосунда кандай болсо ошондой болбостон, башкача аңдалышы мүмкүн. Ошондуктан мезгил гана реалдуулукту билүүнүн, өзүн таануунун ачкычы. Жаш адам табигыйлык менен жасалмалуулукту кандай болсо, ошол абалында таануусу керек. Ал эми убакыт өткөндөн кийин анын маани-маңызы өзгөрөт же башка муун тарабынан ошол жаңы доордун көз карашында таанылат. Жаштар өз доорунун алкагында өнүгөт жана алга карай бара берет, ал жаш адам бойдон эле тура бербейт, мезгил аны башка куракттык топко алып келип кошот. Демек, жаш адамдар убакыттын бир орунда турбастыгын өмүрдүн улам алга карай жыла берээрин аңдап билүүсү маанилүү.

Жаш адамдын өзгөчөлүгү – ар дайым максат коюп, кыялын ишке ашыруу мүмкүндүгүнүн жогорулугу. Анткени алар активдүү, алдуу-күчтүү, алдыдагы кыйынчылыкты жеңүүгө бекем бел байлаган адамдар. Улгайган курактагыларга караганда мобилдүү, өзгөрүүлөргө тез кирген, жашоосун көңүлдүү кылып, шатыра-шатман жүргөн жандар. Жаш адамдардын өнүгүүсү процесстер менен кубулуштардын маани-маңызын таануу, мыйзам-ченемдүү жактарын аңдап билүү менен коштолот. Алардын жетилүүсүн жарандык позицияларынын калыптанышынан, социалдык-экономикалык турмушка активдүү тартылгандыгынан, руханий баалуулуктарды ынтызарлык менен өздөштүргөндүгүнөн көрүүгө болот.

Жаштардын жарандык укуктарга ээ болуусу мыйзам менен белгиленет. Кыргыз Республикасынын мисалында карасак, 18 жашка чыккан жаран шайлоого катышуу укугуна ээ болот. Ал эми 21 жаштан баштап шайланууга укук алат. 35 жаш курагына жеткенде өлкөнүн Президенти болуу мүмкүндүгүнө катышууга жол берилген.

Экономикалык көз карандысыздыкка умтулуу жаштардагы негизги өзгөчөлүк. Ал үчүн билим алуу, кесиптин ээси болуу зарыл экендигин жаш адам аңдап билет. Экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү жана өнүктүрүү үчүн өзү каалаган жумуш ордун табууга аракет жасайт. Жумуш ордундагы кызматкерге коюлган сапаттарга жана талаптарга ээ болууга умтулат. Бул анын өзүн-өзү ишке ашыруунун мүмкүндүгү экендигин туюп сезет жана кесиптик чеберчилиги жагынан өсүшкө ээ болуудагы мүмкүндүгү (шанс) деп билет. Жумуш менен камсыз болуу, кесипкөйлүгүн көрсөтүү жаш адамдын материалдык жактан жашоосун жогорулатуунун ачкычы экендигин ар бир жаш адис түшүнөт.

Жумуш менен камсыз болгон жана кесибин жогорулатуунун үстүндө тынбай алектенген жаш адамдын дүйнөтаанымы калыптанат. Баалуулуктар системасынын иерархиясын башка көз караштa карай баштайт. 18 жаштагы маанилүү, кымбат болгон нерселер экинчи орунга жылып, башка сонун, керемет болгон руханий жана материалдык баалуулуктар алдыңкы планга өтөт.

Ал өз алдынчалыкты туюп сезет, коомдогу тигил же бул жагдайларга байланыштуу көз карашы өзгөрөт. Маанилүү болбогон, маңызы таанылбаган предмет, кубулуштардын мыйзам-ченемдүүлүгү билинет. Жашыруун, байкалбаган жактары ачылат жана бүтүндөй бир дүйнө жөнүндө элестөөлөрү пайда болот. Жакшы менен жаман, сонун менен көрксүз, баалуу менен барксыз айырмаланып, бүтүндөй бир социалдык жактан жетилгендик айдан-ачык көрүнөт.

Демек, жаштык (молодость) – адамдын белгилүү бир социалдык, психологиялык, физиологиялык, индивидуалдык жактан жетилишинин жана калыптанышынын мезгили. Илимде жаштыктын курактык чегин айырмаласак – 35 жашка чейинки адамдарды билебиз. Ушул куракта жаш адамдын жеке инсан катары кулк-мүнөзү, ой жүгүртүүсү, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү, дене бою жагынан жетилиши жана инсан катары калыптануусу жүрөт.

Экинчиден, жаштык – философиянын категориясы; жаштык тууралуу окууну жаштык философиясы деп айтууга болот. Анткени бул илимдин алкагында жаштык түшүнүк катары маани-маңызы ачылат, жаш адамдын өспүрүм курактан кийинки жетилген мезгилин изилдөө жүрөт.

Жаштыкты изилдөөдө анын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүн айырмалоо зарыл:

- физиологиялык жактан жаш адамдын жетилишинин маани-маңызын;
- социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн;
- соматикалык жактан белгилерин.

Алгач жаш өспүрүмдүн физиологиялык жетилүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө токтололу. Өспүрүмдөрдүн дене түзүлүшүндө өзгөрүү процесси жүрөт. Анын дене-боюнун, мүчөлөрүнүн жетилиши менен тиешелүү тулку-бойго, келбет-түзүлүшкө ээ болот. Кыргызда айтылып жүргөндөй: “Булчуң эти жетилип, жилиги чучукка толот” Мындай калыптануу жолунда физиологиялык белгилердин баары калыпка салынат, келбетке ээ болот.

Экинчи өзгөчөлүгү катары социалдык-психологиялык жетилиши таанылат. Жаш адам коомго адаптацияланат, социалдык нормаларга, кабыл

алынган эрежелерге ылайыкташат. Коомдогу адатка айланган кулк-мүнөздүн калыптанышы жүрөт. Белгилүү бир көз караштарга, идеяларга ээ болуунун жана жеке позициясын билдирүүнүн жолун басып өтөт. Социалдык нормалар жана баалуулуктар аркылуу жаш адамдын көз карашы (дүйнөтаанымы) калыптанат.

Үчүнчүдөн, соматикалык жактан жаштыктын белгилери байкалат. Өспүрүмдөр жеке телосунун жетилишине сырттан карап, анын кээ бир өзгөрүүлөрүнө, дене боюунун калыптанышына макул эмес болот жана психологиялык жактан өзүн бушаймангa салган психоэмоционалдык жагдайлар пайда болот. Элдик көз карашка ылайык бул "өткөөл курак" деп кабылданат. Ушул мезгилден өткөндөн кийин жаш адам өзүнө карата өзгөрүүсүн кабыл алат, өзүн башка адам катары көрө баштайт.

Жаштыктын өзгөчө учуру катары студенттик мезгил эсептелет. Анткени бул курак жаш адамдын калыптануусунун өзгөчө этабы. Бул тууралуу В.И.Чупров мындай деген: "Годы студенчества – это пора профессионального, гражданского, нравственного становления человека, время поисков, бурного обмена мыслей о науке, о будущем, о своем месте в жизни. В эти годы человек особенно восприимчив ко всему новому, полон энергии. Нынешнее студенчество представляет собой поколение, формирующееся в условиях, когда элементы научно-технической революции уже прочно вошли в нашу повседневную практику" [269, 9-б.].

Ошентип, жаштык – өспүрүмдүн жетилген мезгилге келүүсү; өзүн чоң киши катары кабылдап психологиялык, социалдык жана руханий жактан калыптанып чоң кишилердин жашоо образын жүргүзүүсү.

Жаштар деген кимдер? Анын жаштыктан айырмачылыгы эмнеде? – деген суроолор ушул маселеге кызыккандарды жооп издөөгө түртөт.

Жаштар – коомдогу социалдык-демографиялык топ; коомдун социалдык тутумунда аткарган кызматы, социалдык ролу боюнча айырмаланган адамдардын бөлүгү.

Биринчиден, жаштар социалдык топ катары аң сезими, көз карашы, дүйнөтаанымы менен айырмаланат. Жаштар – социалдык-маданий өзгөчөлүктөргө ээ болгон, коомдун турмушунда көз караштарынын ар түрдүүлүгү, жаңычылдыкты тез кабылдаган, өзгөрүүгө ийкемдүү, кыймылдуу жана мобилдүү жаш адамдар. Алар аң сезими, дүйнө кабылдоосу жагынан өзгөчөлөнгөн, прогрессивдүү, айрым учурда, калыптанган стереотиптерден тышкары ойломго ээ болгон адамдар.

Экинчиден, жаштар ишмердиги жагынан айырмаланган чоң топ. Алар эмгекке жарамдуу, жаңыны жараткан, же алдыңкы практикалык ишмердикке ээ болгон, өзүнүн акыл жана күч эмгегин сарптаган жаш адамдар. Күч-кубаты жагынан жогорку, жаңыны жаратуучулар, чоң идеялардын берген жана аны ишке ашырган жаратмандар.

Философиялык мааниде караганда жаштарды онтологиялык жана гносеологиялык жактан талдоо аркылуу мазмуну ачык билинет. Онтологиялык жактан алганда, жаштар – өзүнүн барлыгын, реалдуулугун, жалпынын бир бөлүгү катары экендигин, жеке Менинин өзгөчөлүгүн, кайталангыстыгын билген жаш адамдар. Жалпынын бири, көптүн арасындагы жалгыздык экендигин, окшоштордун арасындагы өзгөчөлүк жана жеке кайталангыстыгы аркылуу жалпылыкка кирээрин туюп сезгендик.

Гносеологиялык жактан караганда, жаш адамдар – реалдуулукту жана анын маңызын таанып билүүгө умтулган, кубулуштун сырткы көрүнгөн жана байкалган ички абалын билүүгө умтулган, сезимдик кабылдоодон логикалык ой жүгүртүүгө карай өсүп жеткен, өз алдынча ой корутунду чыгарууга жөндөмдүү болгон жандар. Алар маңыз менен кубулуштун ички жактарын түшүнгөн, зарылдык менен кокустукту айырмалаган, мыйзам ченемдүүлүктү стихиялуулуктан бөлө билген, жекени жалпыдан көрө алган таанып билүүнүн субъектилери.

Социалдык жактан алганда, жаштар – өзүн-өзү аңдап билүү аркылуу табияттагы жана соцумдагы өзүнүн багытталышын, ишмердигин, өзүнүн кимдигин жана башкалар арасында ордун, “Мен жана Биз” деген бүтүндүктүн

диалектикалык байланышын аңдап билген коомдогу социалдык-демографиялык топтун бир бөлүгү. И.Ильинский айткандай “Жаштык – бул адамдын дүйнөнү рационалдуу эмес, көбүнчө сезимдик деңгээлде кабыл алган убактысы” [94, 93-94-бб.]. Эмоционалдуулук жаштарга тиешелүү мүнөздөлүш, андай адамдар менен болгон карым-катнаш ишмердүүлүктү, тажрыйбаны, билимди кыжалаттанууларды жаратат. Өзү теңдүүлөргө карата көз карашы калыптанат, алар ой жүгүрткөндөй ойлонот, кыялданат жана ишке ашырууну көздөйт. Ошондуктан жаштарда дүйнөтаанымынын бирдейлиги, кызыгууларынын, ой жүгүртүүлөрүнүн, көз караштарынын окшоштугу пайда болот. Натыйжада жүрүм-турумунун белгилери, адаты, кыял-жоругу жалпы мүнөзгө ээ болот. Жаштардын бири-бирине карата сый-урмат менен болгон мамилелери өз ара ишенимди жана өздөрүнө талап коюуну жаратат. Мамиле түзүү – жаштар арасындагы карым-катнаштын реалдуугунун далили. Анткени мамиле түзүү аркылуу жаш адамдын жөндөмү, таланты ачылат, кызыгуулары өсөт жана индивидуалдык кайталангыстыгы таанылат. Достук жана атаандаштык жаштарга карата колдонулуп, башкаруу жана тарбиялоо чөйрөсүндө чоң роль ойнойт. Баатырдык жана мекенчилдик сапаттарды жаратат, аларды жашоосундагы адат жана калып (норма) катары кабылдашат.

Экономикалык жактан алганда, жаштар – экономикалык активдүү адамдардын тобу; коомдун социалдык-экономикалык потенциалы жана негизи. Жаштар жаңы жумуш орундарын ачуу, кичи жана орто бизнести өнүктүрүү, салык жана салык салуу саясатын реформалоо, мамлекеттик колдоолордун жаңы механизмдерин түзүү, жумушсуздуктун алдын алууга кызыкдар болгон активдүү топ. Экономикалык сферада жаңычылдыкты, техникалык жана технологиялык өнүгүүнү өндүрүшкө киргизүүдө активдүү катышкан жана инновациялык өнүгүүнү колдогон алдыңкы өндүргүч күч болуп саналат. Ошондуктан ар кандай мамлекет жаштарды конкуренцияга туруктуу, экономикалык өнүгүүнүн багытын буруута жана темпин жогорулатууга кызыктар топ катары кароосу маанилүү.

Социалдык-демографиялык жактан караганда жаш адам категориясына киргендер өспүрүмдөр жана жаштар социалдык-психологиялык жактан коргоого муктаж болушат. Ата-энелерден бөлүнүп кете элек, жашоосун алар менен тыгыз байланыштырган, билим алууну улантып жаткан улан-кыздар көп. Ал эми жарандык жактан толук кандуу укуктарга жана эркиндиктеге ээ болгондон кийин акырындык менен ата-энелеринен алыстап, өзү теңдүүлөрдүн чөйрөсүнө аралаша баштайт. Атайын мыйзам менен белгиленген билимге ээ болушат, жарандык жана саясий укуктардан пайдаланышат. Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын кызмат көрсөтүүлөргө жана жеңилдиктерге ээ болот. Жаш адамдар өз алдынчалыкка жетишүү менен чектен чыккан жүрүм-турумдагыларга күбө болот, тобокелчиликтерге дуушарланат. Акырындык менен эмгек рыногуна чыгат жана өз алдынча жашоо үчүң жол издей баштайт. Андай жолдун бири катары үй-бүлө куруу жана өзүнө тиешелүү турак-жайга ээ болуу.

Жаштардын болмушунун реалдуулугу катары үй-бүлө куруууга болгон каалоонун жана муктаждыктын пайда болушу. Себеби жаш адамдардын көбү ата-энелери менен чогуу жашабай калган мезгил болот, экинчиден, үй-бүлө куруу үчүн өзүнө жар табат жана никеге турат. Үчүнчүдөн, үй-бүлө курган жаштар келечекте наристелүү болуу планын алдыга коюшат.  Бул – жаштыктын негизги белгиси.

Жаштыктын дагы бир көрүнүшү – бейрасмий бирикмелердин жана кыймылдардын катышуучусу катары болуусу. Мындай кыймылдардын булагы катары алардын карым-катнаш чөйрөсүн түзүүдөгү, субмаданиятынын пайда болуусундагы жана социалдык-саясий, социомаданий демилге көтөрүүдөгү ишмердиги эсептелет.

Эгерде 20-30-жыл мурда жаштар жогорку билим алууга багыт алган болсо, азыр андай жогорку билимге умтулган жаштардын саны азайа баштады. Социалдык-экономикалык жактан көз каранды эместикке, финансылык жактан мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууну орто кесиптик билим менен эле жетишсе болоруна басым жасап жатышат. Бул маселе заманбап илимдеги муундар

теориясында (теория поколений) илимий анализге алынып, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жараша ар бир мезгилдик убакытта адамдардын жашоо образы, керектөөлөрү, каалоолору өзгөрүлүп турары белгиленген. Кээ бир өндүрүш каражаттары маанилүү болбой, ордун бошоткон сыяктуу аны иштеткен кесиптегилер да экинчи орунга чыгат. Илимдин, техниканын, маалымат алмашуунун өсүшү адамдардын жаңы муунун жаратат. Жаңы заманбап кесиптегилер өндүрүш жана тейлөө чөйрөсүндө өзүн көрсөтө берет. Натыйжада муундардын алмашуусу жүрөт.

Жаштар жана алардын мууну тууралуу илимий изилдөөлөрдө бир муундун убактысын 15-20 жыл катары эсептешет. Алар жашоого болгон көз караштары, өздөрүнө гана таандык ой жүгүртүүлөрү менен айырмаланат. XX кылымдын аягында муундар теориясы пайда болот. Анын негиздөөчүлөрү Уильям Штраус жана Нил Хоув [281-282]. Алардын пикири боюнча ар бир 20 жылда муундардын алмашуусу жүрөт.

Натыйжада, XX кылымдагы муундардын мезгилдик убактысын жана өзгөчөлүктөрүн төмөндөгүдөй бөлүшөт: “улуу муундагылар” (1901-1925), “үн катпаган муун” (1925-1944), беби-бумерлер (1944-1967). Бул теорияга ылайык жаштардын X, Y, Z, жана альфа муундары айырмаланат. X муундагылар 1967-1984-жылдары төрөлгөндөр. Y муундагылар (миллениалдар) – 1984-2000-жылдагы жарык дүйнөгө келгендер. Ал эми Z муунга 2000-2013-жылдагы жаштар кирет. Австралиялык изилдөөчү Марк Мак-Криндл альфа муундагыларга 2010-жылдан бери төрөлгөндөр кирет деп айтат. Джин Твенге жана австралиялык изилдөө борбору Z муунга 1995-жылдан 2009 (2012-ж.) жылга чейин жарык дүйнөгө келгендерди кошот. Буларды көпчүлүк учурда “зумерлер” деп аташат. Кээ бир интернет булактарында Z белгисиндегилер 2000-2015-жылдардагы төрөлгөндөрдү киргизет. Булардын жашоосунун көпчүлүк бөлүгү интернетте өтүп, билим алуу, чыгармачылык иштери, бош убактысын маалымат технологиялары жана саякат менен байланыштуу өткөрөт [323 [https://prostudio.ru/journal/generation-x-y-z/#heading-1].

Заманбап коомду альфа муунунун доору деп айтышууда. Бул мезгилде төрөлгөндөр маалымат технологияларына өтө жакын, кызыгуулары жогору, өз алдынча билим алганга кызыкдар жаштар. Интернет желесинин активдүү катышуучулары, өз алдынча интернеттеги тиркемеге жеке маалыматтарын жайгаштырган активдүү адамдар. Ал турсун блогер жана интернет аркылуу товар сатууга активдүү катышкан, жеке гаджеттерин түзүп алууга жетишкен жандар.

Ошентип, курактык жактан алганда жаштар – акыркы муундагы адамдар; алар – ишенимдеринин, көз караштарынын, максаттарынын жана кыжалаттанууларынын жалпылыгы менен башка муундан айырмаланат. Жашоого, өмүргө карата мамилеси да окшош, натыйжада, ал курактагыларга таандык кулк-мүнөз пайда болот.

Учурда жаштарда ишеним, эртеңки күнгө үмүт артуу позициясы өтө төмөн деңгээлде. Идеялык ишеним, принципиалдуулук, каармандык сапаттардын калыптануусу жаштар үчүн өтө маанилүү. Рыноктук шарттагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр жаштардын билим алууга, эмгекке, үй-бүлө курууга, бош убактысын уюштурууга карата көз караштарын өзгөрттү. Ааламдашуу процессинен улам келип чыккан элдин турмуш-тиричилигинин бардык сферасында кулачын жайган коомдогу жаңы психологиялык-нравалык атмосфера коомдук аң сезимге да таасирин тийгизди. Мындай өзгөрүүлөр жаштардын өзгөчө субмаданиятынын пайда болушуна алып келди. Заманбап жаштар кандай гана маалымат технологияларынын жетишкендиктерин колдонбосун, салттуулукту, тарыхый-маданий баалуулуктарды өздөштүрүүнү колго алуусу зарыл.

Демек, философиялык мааниде жаштар маселеси – бул жаш адамдардын болмушун изилдөө. Алардын курактык жактан өзгөчөлүгүн, коомдук болмуштагы ордун жана ролун, социалдык ролдорду аткаруусу жана инсан катары өзүн көрсөтүүсүн талдоого алуу – жаштар маселеси.

Жаштар – бул коомдогу адамдардын тобу; курактык жактан алганда балалыктан кийинки, өспүрүм жана жаштык мезгилди башынан өткөрүп жаткан коомдогу чоң адамдардын бир бөлүгү.

Жаштык – бул социалдык-философиялык категория; кыймылдуу, мобилдүү жана өзгөрүлмөлүү адам болмушунун реалдуулугунун белгилүү этабын чагылдырган философиялык түшүнүк. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында жаштык тууралуу мындай деп айтылат: “Молодость – это время учебы, включение в труд, в активную и самостоятельную общественно-политическую деятельность. В этот период происходит политическое самоопределение человека, рост инициативы, самостоятельности, ответственности. Он получает избирательное право, дающее возможность наравне со взрослыми принимать участие в государственной жизни, избирать и быть избранным” [168, 6-б.].

Кыргыз элинин тарыхына кайрылсак жаштык түшүнүгү ар кандай аталыш менен айтылган жаш адамдарды “улан-кыздар”, “улан”, “боз улан”, “бозой” “жигит”, “селки” “кыз” деп аташкан. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө боз улан “бой тартып өсүп эр жетип калган жаштардын курагын, бозойлук куракты билдирүүдө колдонулат” [131, 165-б.] – деп чечмеленет. “Боз улан” жана “бозой” мааниси жагынан окшош синоним сөздөр катары колдонулат жана көпчүлүк учурда үйлөнө элек жаш адамдарды түшүндүргөн. Ушул сөздөргө маанилеш “улан” деген түшүнүк бар. Элибизде “үйлөнө элек жаш жигит, жалпы эле бой тартып калган жаш адам” [130, 645-б.] катары мааниси баяндалат. Орустун “юноша” деген сөзүнө жакындашат. Ошондон улам “улан кез”, “боз улан”, “кыз кезек” деген термин келип чыккан. Бул түшүнүктөр орус тилиндеги “юность” терминине маани-маңызы жагынан дал келет. Адам өмүрүнүн өтүшү тууралуу ирониялык маанидеги “Жаш кезек калат, кыз кезек калат, улан кез калат каякта?” – деген саптар жаштык терминининин бир аталышы деп билебиз. Демек, кыргыздар жаштыкты түшүндүрүүдө “улан-кыз”, “боз улан” “кыз кезек” курактык жактан жашчылык катары кабылдаган деп айтсак туура болчудай.

Кыргызда бойго жеткен эркек баланы “жигит” дешет. Ал дене-бою жагынан калыптанган, эр жеткен, социалдык ролдорду аткарууга даяр болгон жаш адам. Жигитке тиешелүү сапаттар катары эр жүрөктүк, тайманбастык, шердик жана намыстуулук эсептелет. Ушундай касиеттери аркылуу жаш, эр жеткен адам жигит катары бааланып келген. Кыргыз элинде “Жигитти намыс өлтүрөт, коенду камыш өлтүрөт” деген макал бар. Бул айтылган макалда жигиттиктин негизги белгиси катары ариет жана ар намыс эсептелет. Ал эми “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” деген накыл сөздө, илим-билимдүү, элдик тажрыйбаны өздөштүргөн, практикалык ишмердикти алып жүргөн жаш адамдын артыкчылыгын билдирген. “Жигит бир сырдуу, көп кырдуу” деген макал толук кандуу жетилген, таланттуу жаш адамды сүрөттөйт. Ошондой эле “Жигит үйдө туулат, жоодо өлөт” – деген макал эр жүрөк, эл намысын коргогон баатыр, шер адамды туюндурат. Демек, “жигит” социалдашууга барган же социалдык жактан жетилген жаш адам.

Кыздарга карата “кыз”, “селки” деген аталыштар колдонулат. “Кыз – ата-эненин ургаачы жыныстуу баласы; ургаачы жыныстуу, бойго жете элек же бойго жеткен жаш адам” [130, 387-б.] – деп маани-маңызы чечмеленет. Бул түшүнүккө “кыз-кыркын” деген сөз да маанилеш колдонулат. Кыз-кыркын дегенде бойго жеткен кыздардын турмушка чыккан же чыга элек мезгили катары кабылданат жана кыз-келиндер деп билинет. Жаштыктын маани-маңызын ачууда орду бар түшүнүк “селки”. Бул кыргыздардын дүйнөтүшүнүгүндө “бойго жеткен кыз, жаш келин” катары кабылданган. Элибизде “Селкилердин колунан секин кармап алабыз” деген тамаша сөз бар. Демек, кыз, селки түшүнүктөрү жаш адамдардагы назиктиктин, сулуулуктун жана көрктүүлүктүн чагылышы.

Ошентип, жаштарды изилдөө – бул философия, социология, психология, жаштар менен социалдык иш жүргүзүү илимдеринин изилдөөсүнүн предмети. Жаштарды изилдөөчү философиялык илим – “жаштар философиясы” деп айтууга болот.

Жаштар философиясы – бул жаштар маселесин, алардын социалдашуусу менен инсан катары калыптануусунун, социалдык ролдорду аткаруусунун онтологиясын билдирген социалдык философиянын бир бөлүгү. Ал эми жаштык жөнүндөгү окууну жаштык философиясы деп билебиз.

Жаштык философиясы же  жаш адамдардын философиясы – бул жаш муундардын (жаштык) маселесин изилдеген философянын тармагы. Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө жаштар маселесин изилдеген дисциплиналар аралык илим катары ювенологияны айтышууда. Ал өспүрүм, улан кезди гана изилдебестен жаштык куракты да камтыйт. Мааниси жагынан алганда жаштардын социологиялык, психологиялык, маданий, саясий дене-боюнун жетилишин камтыган социалдык-курактык жактан изилдеген илимдин тармагы.

Ювенология же жаштар жөнүндөгү илим жаш адамдын калыптанышы, жетилиши, социалдашуусу аркылуу коомдун бир мүчөсү катары өсүп-өнүгүшү жөнүндөгү, комплекстүү мүнөздөгү илимдин тармагы. Адамдын физиологиялык, психо-эмоционалдык, социалдык-психологиялык жактан жетилишин талдоого алат.

Демек, жаштык (же улан кез – юность) тууралуу философиялык окуу катары калыптанып келе жаткан жаш жаштарды да өзүнө камтып, методологиялык, феноменологиялык жана праксиологиялык маселелерди изилдеген илим – ювенология. Бул көп тармактуу илим катары улан-кыздардын биологиялык-социалдык жактан өнүгүүсүн, инсандыгынын калыптанышын, жаштардын коомдогу өзгөчө топ катары эсептелерин диалектикалык байланышта изилдейт. Жаштар жөнүндөгү илим катары калыптанган ювенология геронтология, гендерология же феминология сыяктуу өзүнүн ордун таап, мультидисциплинардык мүнөзгө ээ болууда. Медицинадагы жаштардын ден соолугун изилдеген “ювеналдык ден соолук”, өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы кылмыштуулукту изилдөөгө багытталган “ювеналдык криминология”, статистикалык талдоо жасоодо мааниге ээ болгон “ювеналдык статистика” ювенологиянын комплекстүү илим экендигин далилдеп турат.

Философиялык маани-маңызда изилдеп жаткан жаштар философиясы да ювенологиянын методологиялык аспектиси деп айтууга болот.

Бул бөлүм боюнча жыйынтыктар төмөндөгүдөй болмокчу:

1. Жаштар маселеси – жаш адамдардын болмушун изилдеген социалдык философиянын бир багыты. Улан-кыздардын курактык жактан өзгөчөлүгүн, коомдук болмуштагы ордун жана ролун, социалдык ролдорду аткаруусу жана инсан катары өзүн көрсөтүүсүн талдоого алат.
2. Жаштар – бул социумдагы социалдык-демографиялык жактан айырмаланган адамдардын тобу; өспүрүм мезгил менен жаштык мезгилди башынан өткөрүп жаткан коомдогу адамдардын бир бөлүгү. Жаштар – улан-кыздар жана активдүү ишмердүүлүктө болгон социалдык жактан айырмаланган, эмгекке жөндөмдүү, кыймылдуу жаш адамдардын тобу.
3. Жаштык – социалдык философиянын негизги категориясы; социалдык жактан жетилүү процессин башынан өткөрүп жаткан, мобилдүү жана өзгөрүлмөлүү билимге, эмгекке, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий турмушка активдүү катышкан, өзүн-өзү өнүктүргөн, өзүн-өзү ишке ашырууга барган адам болмушунун мезгили.

# 2-БАП. СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ДИСКУРСТУН ЧЕГИНДЕ ЖАШТАР МАСЕЛЕСИН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 2.1. Жаштар маселесинин логикалык-методологиялык анализи

Изилдөөнүн объекти жана предмети. Изилдөөнүн объекти – жаштар маселесине философиялык өңүттө изилдөө жүргүзүү. Предмети – жаштар маселесинин маани-маңызына социалдык-философиялык анализ жасоо.

Изилдөөнүн максатына жана коюлган милдеттерге байланыштуу изилдөөнүн методдору жана методологиясы аныкталды. Ааламдашуу процессинин алкагында коомдун модернизацияланууусуна ылайык жаштык жана жаштар маселесинин теориялык-методологиялык негизи катары социомаданий жана социалдык-демографиялык изилдөөлөр менен байланышкан түрдүү методдор, принциптер жана методология колдонулду.

Коюлган милдеттерди чечүүдө диссертациянын жалпы методологиялык негизи катары диалектикалык метод жаштык категориясынын маани-маңызын, анын социалдык-философиядагы өнүгүү жолдорун изилдөөдө колдонулду. Автор тарабынан социалдык кубулуштарды жана процесстерди диалектикалык түшүнүүнүн негизинде турган тарыхыйлуулук; абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү; жаштар маселесине карата комплекстүү мамиле жасоо, бүтүндүк жана системалуулук принциптери маанилүү болду.

Структуралык-функционалдык анализ жасоо ыкмасы жаштык жана жаштар категорияларынын мазмундук жагын ачууда, айрыкча жаштардын социалдык-демографиялык топ катары изилдөөдө негиз боло алды.

Жаш адамдын инсандыгынын калыптанышын, социомаданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүндөгү ырааттуулукту талдоого алууда логикалуулук, институционалдык ыкма да маанилүү роль ойноду.

Жаш адамды изилдөөдө алкагында советтик жана батыш европалык изилдөөлөрдү талдоодо компаративистика (салыштырма анализ) ыкмасы колдонулду.

Диссертациялык ишти жазуунун методологиясы катары илимий таанымдагы классикалык изилдөөлөр жана теориялык-методологиялык эмгектер эсептелди.

Өткөн мезгилдеги жана заманбап философиялык багыттарда жана окууларда белгилүү болгон классикалык эмгектер теориялык негиз катары колдонулду. Байыркы доордогу ойчулдар, орто кылымдардагы философиялык эмгектер, заманбап доордогу философтордун эмгектери теориялык-методологиялык негиз боло алды. Алсак, байыркы доордогу философтор Платон, Аристотель, Кун фу цы, орто кылымдардагы Европа философиясы, Чыгыш Перипатетикасынын өкүлдөрү Аль Фараби, Ибн Сина, жаңы жана соңку жаңы доордогу философтордун эмгектери белгилүү деңгээлде теориялык кызмат кылды.

Философия тарыхына кайрылсак, жаштар жана жаштык курак тууралуу бир топ терең мазмунду ойлорду айтып келишкен. Байыркы грек ойчулу Фалес жаш адамдын учуру менен келечеги тууралуу маанилүү насааттарды айтат. Жаш адамдарга “сырткы келбети менен сулуу болбостон, иши менен көрктүү” болушун эскертет. Жаштарга карата мындай деген: “Какие услуги окажешь родителям, такие и сам ожидай в старости от детей” [93, 80-б.]. Дагы бир Приениялык ойчул Биант жаштык курак тууралуу өтө эргүү менен жеке пикирин билдирет. Жаш адамдарга карата насаатында ар кандай ишти жасоодо шашпай, аягына чыгарууну эскертет. “Жаштык куракта жакшылыкка ээ болууну, ал эми улгайган куракта акылмандыкка жетүүнү” насааттайт [93, 80-б.]

Аристотель нравалуулук менен эркин тандоо тыгыз байланышкандыгын белгилейт. Анын пикиринде “Ар бир адам өзүнүн мүнөзүн өзү жаратат. Ал адилеттүү иштерди жасоо аркылуу гана адилеттүү боло алат; жөнөкөй аракети аркылуу гана мээлүн болот; өзгөчө абалдарда аракеттенгенинен улам, коркунучту сезбегендиги үчүн эр жүрөк боло алат; коркунучтан улам алар коркок болушат. Ар бир адамды эр жүрөк кылууга болот, ал үчүн жаш кезинен

кыйынчылык учурларда коркпоого үйрөтүү керек. Бул тарбиялоонун маселеси” [93, 129-б.].

Аристотелдин пикиринде акыл-эстүү жан бир жагынан өзгөрүп турган реалдуулукка, экинчи жагынан өзгөрүлбөс принциптерге таянат. Мында эки жакшылык – кыраакылык жана акылмандык айырмаланат. Кыраакылык (рассудительность) эмне жакшы жана эмне жаман экендигин аныктоодо көрүнөт. Ар кандай кырдаалды сергек баалаган, максатка жетүүнүн каражаттарын туура коё алган адам тажырыйбага ээ болот. Тажрыйбалуулук мээлүүндүктү талап кылат. Тажрыйбалуу болуш үчүн тажрыйба керек, ал эми жаштар тажырыйбалуу боло алышпайт. Тажрыйбалуу адамдар үй тиричилигин жана мамлекетти башкарууга жөндөмдүү, себеби тажрыйбалуулук экономика, саясат менен тыгыз байланышкан [93, 129-б.].

Байыркы Кытай ойчулу Кун фу цзы адамгерчилик бардык адамдарга тиешелүү адамдык сапат катары карайт. Бул түшүнүктү жаштарга карата колдонулушун талдап көрөлү. Кун фу цзы айтат: “Жаш адамдар (балдар) үйдө ата-энелерине урмат-сый менен мамиле кылуусу зарыл, ал эми үйдөн сырткары жакта улууларды урматтап, жүрүм-турумунда туруктуу болуп, чындыкты айтуусу маанилүү; бардык адамдарга жакын жана тааныш болуп, аларды сүйүү менен мамиле кылуу адамгерчиликке алып келет; алар муну аткаруу менен билимге үйрөнүүгө күч-кубаты жетет” [126, 22-б.].

Буддизмдеги төрт “адилеттүү чындык” окуусу адам жашоосунун маани-маңызын талдоого алып, аны азап-тозок менен байланыштуу карайт. Алгачкы адилеттүү чындык катары дүйнөдө азап-тозоктун көптүгү айтылат. Адамдын төрөлүүсү, карылык, оору, өлүм, азап, кайгы, каалоо, ирээнжүү жер бетиндеги жашоо менен байланышкан. Ал – азап-тозок болуп саналат. Экинчи чындыкка ылайык ал азап-тозоктордун себеби бар. Азап-тозок бул дүйнөдө төрөлүүнүн натыйжасы. Ал үчүн азап-тозокко алып келген шарттардан арылуу керек жана ал жолдорду басып өтүү зарыл [227, 162-б.]

Аврелий Августин адамдын курактык өзгөчөлөктөрүнө талдоо жасап, жашоодогу алты мезгилдик жашын айырмалап көрсөтөт: наристе, балалык,

өспүрүм мезгил, жаштык, жетилген курак, карылык. Ар бир курак тарыхый мезгилдер менен окшоштурулат. “Исповедь” деген чыгармасында мындай деп айтылат: “Прошло время, и из младенчества вступил в отрочества; вернее, наступило отрочество, заменив собою младенческий возрасть... Я перестал быть бессловесным младенцем, но стал отроком, умеющим произносить слова” [1, 11-б.]. Өспүрүм курактагы өзгөчөлүктөргө токтолуп, он алты жашында кадыресе жетилип калгандыгын көрсөтөт. Анын пикиринде мындай куракта адам дене түзүлүшү жана акыл эси жагынан калыптанып калган мезгил катары бааланат. Бирок ошентсе да, ата-эненин карамагында болуп, алардын пикири менен эсептешкен мезгил болуп саналат [1, 25-б.].

Ал эми жаштык курак өз алдынчалыктын, эмгекке болгон ишмердиктин калыптанган мезгили. Мындай куракта адам адашууларга да, алданууларга да барат. Ошол эле учурда акыл-эс менен өзүн көрсөткөн учур катары да болот. Бул курак тууралуу ал минтип жазат: “Мына ушул тогуз жылда, он тогуз жаштан жыйырма сегиз жашка чейин өзүмдү өзүм алдап, башкаларды да алдап, азгырылдым жана башкаларды азгырдым, алдандым жана башкаларды алдадым, кээде – ачык, эркин илимге окуттум, кээде жалган динге таянып жашыруун окуттум [1, 46-б.].

Орто кылымдагы Чыгыш Перипатетизминин өкүлү Аль Фараби «Указание пути к счастью» деген трактатында бакытка жетүүнүн жолу катары татаал жолду басып өтүү керектигин, ал жол – адамдын өзүн калыптандыруусу экендигин айтат. Аль Фараби адамдын максатына жетүүнүн жолдору менен каражаттарына токтолуп, бакытка жетүүнүн жолу адамдын калыптанышын жана чындыкты таануу аркылуу болоорун көрсөтөт. Ал мындай дейт: “Акылгөйлүк болгон учурда жана өзүнүн өмүр жолунда аны кантип айырмалоого болорун аңдап билгенде гана бакытка жетүүгө болот” [11, 8-б.]. Анын бул оюу жаштар маселесин изилдөөдө теориялык мааниге ээ жана жаш муунду адеп-ахлакка тарбиялоодогу практикалык насаат. Адам адилеттүүлүгү жана акылы жөнүндөгү маселеге талдоо жүргүзүп мындай дейт: “Адептүү жүрүм-турум жана акылдын күчү, биргеликте адамдын жетишкендиги болот, ар

бир нерсенин жакшылыгы өзүнүн иш аракетинин мыктылыгында жана кемчиликсиздигинде. Экөө тең орун алса, анда биз өзүбүздө жана биздин аракеттерибизде мыктылыкка жана кемчиликсиздикке ээ болобуз, алардын экөөсү аркылуу биз асыл, мыкты жана изги болобуз: биздин жашоо образыбыз адилеттүү, жүрүм-турумубуз мактоого татырлык болот” [11, 11-б.]

Ибн Сина коомдук турмушта үй-бүлө, нике маселелерине басым жасайт. Үй-бүлө турмушунун гүлдөп өсүшү үчүн үй-бүлөнүн башчысы жооптуу. Үй-бүлөдө күйөөсү ар дайым аялынын үй тиричилигине жана балдары менен алектенүүсүнө камкордук көрүүсү абзел. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо ага баштапкы билим берүүнү, аны өтө эле кыйнап, өтө көп билим берүү зыян экендигин айтып, кийинчерээк жеке кызыгууларына жараша кесипке үйрөтүүгө чакырат.

Ибн Синанын пикиринде адам өзүн-өзү башкарууга үйрөнүүсү керек. Ал үчүн сынчыл болуусу, өзүн байкоосу, кемчиликтерин билүүсү зарыл. Бирок өзүн-өзү талдоого алууда объективдүү болуу кыйын; ошондуктан жакын досуңдун жардамы керек. Ал сен үчүн жакшы жана жаман жагынды көрсөткөн күзгү болгону лурус. Адамда төмөнкү төрт сапатты калыптандырууну айтат: карманууучулук, кайраттуулук, акылмандык жана адилеттик.

Мамлекеттин бүтүндөй бир организм катары гармониялуу өнүгүшү үчүн анын ар бир жараны тиги же бул багытта адистешкени дурус. Ибн Рушд белгилүү бир тармакка адистешкенди колдогон: эгерде адам жаш кезинен кандайдыр бир кесипти тандап, аны менен узак убакыт алектенсе, жогорку чеберчиликке жетишет, бул мамлекеттин жана индивиддин кызыкчылыгына дал келет [227, 183-б.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө жаштык куракты жана жаштар категориясын талдоого алууда индуктивдүү жана дедуктивдүү методдор да чоң роль ойноду. Индуктивдүү методду пайдаланууда XVII кылымдагы Ф.Бэкон, Рене Декарт жана башка философтордун эмгектеринин ролу чоң. Ф.Бэкондун илимий таанып билүүдө жаңы ыкманы түзүү керектиги тууралуу идеясы “Жаңы Органон” эмгегинде чагылдырылат. Ал ыкма катары индукцияны сунуштайт.

Ал “табигый” мораль концепциянын башатында туруп, жеке жыргалчылыкка караганда жалпы жыргалчылык артыкчылыктуу болушун, жеке каалоого караганда коомдун келечеги бийик экендигин, ойломго караганда активдүү турмуштун кадыр баркы жогору тураарын белгилейт. Бирок, жалпы жыргалчылык кээ бир адамдардын эрки, акылы жана каалоосу аркылуу түзүлсө, коомдук жыргалчылык ар бир адамдын жыргалчылыкка чогуу аракетинин негизинде пайда болот. Биздин максатыбызга дал келе тургандыгына байланыштуу буюмдардын маанисин жана баалуулугун акыл-эстүү аныктоого жөндөмдүү болуу керек. Ф.Бэкон “Адам өзүнүн бактысын өзү жаратат (“Человек сам кузнец своего счастья”)” деген тезиске келет.

Жаңы доордогу ойлордун өнүгүүсүндө Дж.Локктун ролу чоң. Ал педагогикадагы жаңы идеяларды өнүктүрүп, биринчиден, балдар баары бирдей абалда (билимдеринин жоктугу боюнча), экинчиден, ийкемдүүлүк жана жөндөмдүүлүк боюнча баштапкы теңчиликте болорун белгилейт. Акылды жетекчиликке алуу керек, антпесе ал адашууларга жол берет. Ал тарбиялоонун чексиз мүмкүнчүлүктөрүнө ишенет жана инсанды калыптандырууда дене боюн чыңдоону жана руханий тарбиялоону айкалыштырууну сунуштайт.

Ал эми немецтик классикалык философиянын өкүлү И.Кант боюнча философиянын алдында турган милдет катары нраванын метафизикасын түзүү эсептелет. Ал мындай дейт: “Две вещи наполняют душу всегда новым и все более сильным удивлением и благовением, чем чаще и продолжительнее мы размышляем о них, — это зведное небо надо мной и моральный закон во мне. Философия природы имеет дело со всем, что есть, а нравственная - только с тем, что должно быть” [93, 309-б.].

Анын пикиринде милдеттүүлүк акылдын категориялык императивине баш ийген эркин жүрүм-турумдун зарылдыгы. Ал эми императив практикалык эреже, буга ылайык кокустан болгон жүрүм-турум зарылдык болот. “Белгилүү бир аракеттерге карата милдетти туюндурган категориялык (шартсыз) императив моралдык-практикалык мыйзам болуп саналат. Ал эми милдеттүүлүк бир гана практикалык зарылдыкты камтыбастан, мажбурлоону да

камтыйт, анда бул императив уруксат берүүчү же тыйуу салуучу мыйзам болуп саналат, андан кийин аны аткаруу же аткарбоо милдет болуп калат [178, 30-б.].

Адамдын жүрүм-турумунун категориялык императивге баш ийиши – адамдын милдети. И.Кант легалдуулук менен моралдыкты айырмалап көрсөтөт. Адам категориялык императивге дал келген кандайдыр бир иш-аракеттерди (поступки) жасайт; бул аны аң сезимдүү түрдө эмес, ошол жүрүм-турумга жөн гана жакындык сезимден улам болушу мүмкүн. Эгерде жүрүм-турум милдеттен улам жасалса, категориялык императивди аң сезимдүү түрдө жолдогон болсо, анда жүрүм-турум моралдык мүнөздө болот.

Немецтик классикалык философиянын белгилүү өкүлү Г.В.Гегель абсолюттук идеяны акыл катары карап, акылды субстанция деп белгилеп, ал болгон үчүн бардык реалдуулук өзүнүн болмушуна ээ болот дейт. Анын субъективдүү рух жөнүндөгү окуусунда балдарды тарбиялоо жөнүндө айтат да, тарбиялоодо тарбиячы балдардын деңгээлине түшүп окутууну сунуштайт. Балдардын өз каалоосу боюнча аракеттенбестен, тарбиялоого ылайык уга билүүнү жогорку коет. Уга билүү ар кандай акылмандыктын башаты деп белгилейт.

Ал эми объективдүү рух жөнүндөгү окуусунда укук менен адептүүлүктү талдайт. Рухтун өнүгүүсү Жеке Мен ишмердиктен эмес, коллективдүү ишмердиктен, адам коомунун практикасынан көрүнөт. Укуктун башаты катары эрктин эркиндиги эсептелет. Керектөөлөр адамдарды буюмдарга ээ болууга түртөт. Адам өзүнүн керектөөсүн жеке менчик аркылуу ишке ашырат. Инсандын эрки буюмдар аркылуу гана көрүнбөстөн, ички дүйнөсүнөн да аныкталат. Инсандын ички дүйнөсү катары мораль эсептелет. Моралдык эрк ишмердиктен билинет. Эгерде мораль индивиддин жеке позициясын мүнөздөсө, адептүүлүк адамдардын жалпылык формасынан көрүнөт: үй-бүлө, жарандык коом, мамлекет. Социалдык институттарда рух өзүн объективдүүлүк катары көрсөтөт [93, 329-б.].

Л.Фейербахтын антропологиялык материализми адам маселесин изилдеп, философиянын маселеси катары дене түзүлүшкө ээ болгон, табигый мүнөздөгү,

жер бетиндеги психофизикалык жандык – адам экендигин ырастайт. “Христианствонун маңызы” деген эмгегинде адам табиятын изилдөөгө багыт алып, “Адамдын жаныбардан башкы айырмачылыгы катары аң сезим эсептелерин айтат [254, 30-б.]. Адамдын маңызы башка жандыктардан айырмалангандыгы эле эмес, дин менен да болгон карым-катнашында. Л.Фейербах боюнча адамдагы башкы айырмачылык анын акылы, эрки жана жүрөгү. Анткени инсан катары көрүнгөн адам ойлом менен эрктин күчүнө жана жүрөккө ээ. Адамдагы акыл, сүйүү жана эрктин күчү – бул анын калыптангандыгы [254, 31-б.].

И.Фихте “Адамдын багытталышы жөнүндө бир нече лекциялар” деген эмгегинде эки түшүнүктү айырмалап көрсөтөт: “адамдын өзүндөгү багытталышы жөнүнө” жана “адамдын коомдогу багытталышы жөнүндө”. Биринчи түшүнүктө окумуштуунун багытталышы, анын адамзатка карата мамилеси жана анын кээ бир сословиелерине болгон мамилеси жөнүндө оюн билдирет. Ал эми экинчи багытталышы жөнүндөгү оюнда “адам коомдо жашаш үчүн багытталган; ал коомдо жашаш керек; ал өзүнчө обочолонуп жашаса толук бүтпөгөн адам болот да, өзүнө-өзү каршы чыгат” [264, 30-б.] – дейт.

Марксисттик философияда адам активдүү предметтик-сезимдик, табигый түзүүчү, материалдык-продуктивдүү жандык катары белгиленет. Адамдын калыптанышы жана өнүгүшү өндүрүш күчтөрү менен тыгыз байланышта талдоого алынып, эмгек анын жашоосунун базистик формасы экендигин негиздейт. Марксизм боюнча адам башкалардан эмгекке жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат. Адам ишмер жандык катары өз максатын турмушка ашырат, эмгек ишмердиги, материалдык өндүрүш адамды акыл-эстүү жандык катары айырмалайт. Адам “өзү менен жаратылыштын ортосундагы зат алмашууну жөнгө салат жана текшерет” [155, 188-б.]. Бул окуудагы башкы идея катары адамдын социалдык маңызы; социум аркылуу гана өзүнүн инсандыгын көрсөтөт.

Экзистенциализмдин идеясы белгилүү деңгээлде жаштар маселесин изилдөөдө теориялык негиз катары каралды. М.Хайдеггердин киши болмушун

изилдеп, аны “дүйнөдөгү болмуш”, “башка менен болмуш” жана “өзүнүн болмушу” катары карап, Мен экзистенциясы башкалар менен биргеликте, ал эми “өзүнчөлүк” (“самость”) башкалардан айырмалоо аркылуу көрүнөөрүн анализге алат. Ал мындай дейт: “Люди есть экзистенциал и принадлежат как исходный феномен к позитивному устройству присутствия. Они имеют сами опять же разные возможности своей присутствие размерной конкретизации. Настойчивость и выраженность их господства могут исторически меняться. Самость повседневного присутствия есть человеко-самость, которую мы отличаем от собственной, т.е. собственно взятой на себя самости. Как человеко-самость присутствие всегда рассеяно в людях и должно себя сперва найти”. [259, 153-154-б.]. Адам өзүнүн болмушунда өзүн тандай алат; өзүн жоготушу ыктымал же өзүн тандай албайт. Ал тандоо жасаганда өзгөчөлүккө ээ, аны жасабаса, өзгөчөлүк боло албайт. Камкордук же кам көрүү өзгөчө экзистенциалдык мейкиндикти жаратат. Эгерде адам эч нерсе жөнүндө кам көрбөсө, аракеттенбесе, коопсузданбаса, эч нерсе жөнүндө кайгырбаса – анда ал үчүн убакыт жашабайт.

Изилдөөдө Т.Парсонстун социалдык реалдуулукту универсалдуу түшүндүрүүдөгү структуралык-функционалдык мамиле жасоо [192], П.А.Сорокиндин жаштарды “социомаданий динамика” катары караган социомаданий мамиле жасоо ыкмалары, социалдык динамика принциби колдонулду. П.А.Сорокиндин пикиринде улам алмашып турган маданияттын өнүгүү мыйзамдары жана өсүүнүн чектери бар. Интеграция идеясы ар түрдүү социомаданий системалар келечекте интеграттивдүү социомаданий түзүлүшкө трансформациялана тургандыгын ырастайт [221].

Р.Мертон [158], В.И.Кузнецов [309], Е.А.Кансиярова [306], Н.А.Бурхановanyн [297] адаптациялык мамиле жасоо идеялары колдонулуп, жаштардын адаптациялык ишмердигинин негизинде субмаданияттык типтеги жаштар уюмдарынын келип чыгуусу жөнүндөгү көз караштары каралды. Анткени жаштардын адаптация процесси коомдогу саясий, социалдык-экономикалык процесстер менен детерминацияланган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жаштардын субмаданиятын талдоодон келип чыккан тобокелчилик теориясы да колдонулду. Бул теорияны колдонууда У.Бек [38], Ю.А.Зубоктун [86] эмгектерине басым жасалып, заманбап коом тобокелчиликтин коому деген идеяга таяндык. Себеби учурда жаштар экстремисттик типтеги субмаданияттын катышуучулары катары болуп жатканда, социумдун негизги баалуулуктарына карата агрессивдүү маанайда болгон тобокелдик-технологиялар үстөмдүгү учурунда бул теориянын мааниси чоң экендиги талашсыз.

XX кылымдын 60-жылдарындагы студент жаштардын жана “жаңы солчулдардын” (“новые левые”) коомдук-саясий кыймылынын идеологиясын жана жаштардын социалдык-философиялык маселелерин иштеп чыгууда белгилүү философ Г. Маркузенин ролу чоң. Анын «Эрос жана цивилизация» жана «Одномерный человек» деген чыгармалары дүйнөлүк деңгээлде таанылышына себепчи болгон. «Эрос жана цивилизация» деген эмгегинде З.Фрейддин идеясын колдоп, Г.Маркузе ошол учурдагы Европа өлкөлөрүндөгү өнүгүү доорун “репрессияланган цивилизация” деп мүнөздөп, дүйнөдөн бул коомду “трансцендештирүү” же болбосо, анын коомдон сыртка чыгаруу идеясын сунуштайт. Г.Маркузе: “Индивидди технологиялык жактан жок кылуу социалдык функцияларынын кулашынан көрүнөт” [157, 95-б.] - деген жыйынтыкка келет. Анын «Одномерный человек» деген чыгармасы XX кылымдагы белгилүү философиялык чыгарма катары заманбап цивилизацияны сындайт жана жаңы революциялык күч - “аутсайдерлер” пайда болгондугун, ага студенттер тобу кирээрин белгилейт [156].

Жаштарды коомдун активдүү, кыймылдуу социалдык тобу катары изилдөөдө К.Маркс, Ф.Энгельс эмгектери менен бирге эле Э.Г.Юдин, В.Н.Садовский, И.В.Блауберг тарабынан иштелип чыккан ишмер мамиле жасоо принциби (принцип деятельностного подхода), системдүү изилдөөлөрдүн методологиясы колдонулду [52, 289]. Ошондой эле М.Вебердин “социалдык аракеттенүү” теориясы негиз катары кабылданды. Анын пикиринде социалдык

аракеттерди эмпирикалык жактан гана изилдебестен, “түшүндүрүүчү”, “интерпретациялоо” ыкмасы менен талдоо зарыл [62].

Жаштардын инсан катары калыптануусун изилдөөдө В.С.Соловьев [235-136], Н.А.Бердяев [42-44], С.Л.Франктын [257] эмгектеринде негизделген инсандын социалдык-руханий табиятын изилдөө методологиясы да маанилүү роль ойноду.

Жаштык категориясы жана жаштар менен байланышкан социомаданий процесстерди талдоого алууда В.С.Барулин [37], К.Манхейм [150], И.С.Кон [118-125], В.Т.Лисовский [137-145], И.М.Ильинский [94-100] Ю.Р.Вишневский [63-64, 299], Ю.Г.Волков, И.И. Гуськов, В.С.Поликарповдун [65-66] эмгектерине таяндык.

Жогоруда белгиленген С.Л.Франк жана Н.О.Лосский [146] Э.В.Ильенков [92], Ю.П.Андреевдин [19] эмгектери жаштарды социалдык топ катары кароодо жана жаштар коомго ыңгайлашуусу менен байланышкан изилдөөлөрдү жүргүзүүдө методологиялык негиз боло алды.

Синергетикалык методду колдонуу диссертациялык иштин маани-маңызын ар тараптуу, терең ачып берүүдө чоң роль ойноду. Синергетиканын чыйырында тургана Герман Хакен [269-261], Ч.Шеррингтон [280], И.Пригожиндин [198-199] чыгармалары изилдөөнүн методологиясы катары белгиленди.

“Жаштыкты” илимий түшүнүк катары изилдөөдө логикалык-эпистемологиялык изилдөө ыкмасы чоң роль ойноду. Заманбап постпозитивисттик окуулардын өкүлү К.Поппер [197], И.Лакатос [133], Т.Кун [129], П.Фейерабенд [254], М.Полани [196] иштеп чыккан концепциялары маанилүү болду.

К.Поппер илимий таанымдын принциптерин иштеп чыгууда сынчыл реализмдин негиздөөчүсү катары верификация принцибине альтернатива катары фальсификация принцибин сунуштоосу диссертацияда маанилүү роль ойноду. Ал илимий жана илимий эмес билимдерди айырмалоо маселесин карап,

аларды айырмалоонун жолу неопозитивизмдегидей верификация эмес, фальсификация экендигин айтат [197].

Британиялык философ И.Лакатостун “илимий изилдөө программасы” теориясы илимий билимди изилдөө программаларынын күрөшү деп белгилөөсү диссертациянын экинчи бабынын биринчи жана үчүнчү бөлүмдөрүн жазууда методологиялык мааниге ээ болду. Анын пикиринде илимдин ички жана сырткы тарыхы бар. Ички тарыхы илимий изилдөөнүн идеяларынын кыймылына, методикага жана методологияга негизделсе, сырткы тарыхы илимди уюштуруу формасына жана илимий изилдөөнүн инсандык факторуна байланыштуу болот [133, 165-б.].

Америкалык философ жана тарыхчы Т.Кундун “парадигмалардын алмашуусу” идеясы жана “парадигма” түшүнүгү диссертациянын категориялык аппаратын талдоодо, тагыраак айтканда, “жаштык” жана “жаштар” түшүнүктөрүнө анализ жасоодо илимий негиз катары пайдаланылды. Ал илимдин образын бирдиктүү система катары карагандын ордуна аны социалдык институт, илимий коомчулуктун ишмердиги катары кароону сунуштайт. Андай илимий коомдордун өзүнө тиешелүү ишмердиги, ой жүгүртүү стили, илимийлүүлүгү менен рационалдуулугунун критерийи бар. Аны Т.Кун “парадигма” деп атаган [129].

Мишель Фуконун “тарыхыйлуулук” түшүнүгү салттуулукка каршы коюлуп, ар бир доорго өзүнүн тарыхы таандык, ал башында ачылат жана ал доор бүткөндө анын тарыхы жабылат. Ар бир доор кийинки доорго эч бир милдеттүү болбойт, өзүнүн өзгөчөлүгүн өткөрүп бербейт: тарыхка “радикалдуу үзгүлтүктүүлүк” мүнөздүү. Ал эми “эпистема” түшүнүгү (ар бир тарыхый доордо көз караштардын, теория же илимдердин мүмкүн болгон шарттарын аныктайт) диссертациялык иште жаштык маселесине тарыхый-эпистемологиялык талдоо жүргүзүүдө методологиялык негиз болду [258].

Жаштык жана жаштар маселесин, жаштарды коомдук өнүгүүнүн субъектиси катары кароодо М.Поланинин  ар кандай ой корутунду жеке ой жүгүртүүлөргө негизделери жөнүндөгү идеясы, “илимий коомчулук” термини,

эркин илимий коммуникацияны колдоо жана илимий салтты сактоо үчүн социомаданий шарттардын зарылдыгы жөнүндөгү идеясы колдонулду [196].

Диссертациялык ишти жазууда кыргыз философиясы жана Кыргызстанда жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча теориялык-методологиялык маанидеги эмгектер колдонулду.

Онтологиялык жана гносеологиялык багытта О.Тогусаков, А.Салиев А.Брудный, М.Жумагулов, Ж.Бокошовдун эмгектери методологиялык негиз болду.

Белгилүү философ А.С.Салиев "Ойлом жөнүндө окуу" деген эмгегинде ой жана ойлом түшүнүктөрүн изилдеп философиялык негизде феномен катары тыянагы, ой дүйнөсү жана ойломдун сферасы тууралуу идеялары, абстрактуу ойломду гносеологиялык категория катары анализ берүүсү жаштык категориясын жана жаштарды феномен катары талдоого теориялык эмгек катары каралды [207]. Философ А.Брудныйдын изилдөөлөрүндөгү "түшүнүү илими" жөнүндөгү идеялары "жаштар" жана "жаштык" түшүнүктөрүнүн маани-маңызына логикалык экспликация жасоодо, кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштык маселесинин традициясы менен инновациясын изилдөөдө илимий негиз катары кабылданды [59-60].

Прогностика илими заманбап коомдук болмушту адам жашоосун изилдөөнүн жана келечегине карата ой жүгүртүүлөрдүн негизинде тургандыгы шексиз. Бул багытта Кыргызстанда да белгилүү деңгээлде изилдөөлөр жүргөндүгүн академик О.А.Тогусаковдун эмгектери тастыктайт. Анын турмуштук, диний-мифологиялык, утопиялык, илимий-теориялык болжолдоо жөнүндөгү ой корутундулары коомдун трансформацияланууу шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясы жана заманбап коомдогу жаштардын өзүн-өзү аныктоо жөнүндөгү маселерин изилдөөдө методологиялык кызматты аткарды. Ошондой эле жаштардын өзүн-өзү аныктоосу, турмушта жана кесиптик ишмердикте тандоо жасоосу үчүн прогностиканын мааниси жогору [241-244].

Профессор Ж.Бокошовдун логикалык-гносеологиялык багытта талдоо жүргүзгөн билим, салттуу билим, илим тууралуу идеялары, болмуш жана болмуш эмес, кыргыздардын логикасы жана аң сезими жөнүндөгү теориялык эмгектери, кыргыздардын дүйнө түшүнүгү, менталитети, ой дүйнөсү, салттуу билим жана анын табияты, эстетикасы менен этикасы, кыргыз философиясынын учурдагы маселелери жөнүндөгү изилдөөлөрү жаштык маселесине тарыхый-эпистемологиялык изилдөө жүргүзүүдө, кыргыз элинин жаштык жана жаштар тууралуу ой жүгүртүүлөрүнүн традициясына анализ жасоодо колдонулду [53-58].

М.Жумагуловдун экологиялык этика илиминин көз карашында субьект-обьектилик мамилелерди, социалдык реалдуулуктун сфераларын экологиялаштыруу жана гумандаштыруу маселесин изилдөөсү диссертациядагы коомдун трансформациялануу шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясын изилдөөдө жана жаштарда коомдук аң сезимдин формаларын калыптандыруу, өзүн-өзү аныктоо жана өзүн-өзү ишке ашыруу маселелерин кароодо методологиялык кызмат аткарды [79-82].

Жаштардын аң сезиминин калыптанышы, баалуулуктарды өздөштүрүүсү жөнүндөгү маселелерди кароодо А.Исмаиловдун, Ш.Ниязалиевдин, М.Амердинованын, Н.Саралаевдин, Р.Стамованын, А.Бекбоевдин эмгектери методологиялык негиз боло алды.

Профессор А.Исмаилов менталитет, улуттук психология маселесин изилдеп, коомдун руханий болмушу, идеология жана саясат, кыргыз улуттук философиясы, тарых философиясына карата теориялык анализдерди жасайт. Кыргыз элинин руху жана болмушу, кыргыз философиясынын философия тарыхындагы ордун, антропогенез жана социогенез маселелерин талдоо аркылуу кыргыздарга тиешелүү оригиналдуу ойлорун чагылдырууга жетишет. [102].

Ш.Ниязалиев коомдук аң сезимдин турмуштук жана теориялык деңгээлин изилдеп, коомдук психологиянын аң сезимдеги ордуна талдоо жүргүзөт. Инсандын калыптанышында улуттун жана улуттук жалпылыктын

таасири чоң экендигин аныктайт [182]. Аталган окумуштуулардын бул ой корутундулары жаштарды коомдук өнүгүүнүн субъектиси катары изилдөөдө, жаштардын баалуулук ориентациясын талдоого алууда жетекчиликке алынды.

Р.Стамова инсан, анын калыптануу факторлорун, эволюция маселесин, теориялык жактан изилдейт. Трансформацияланып жаткан коомдогу инсанга карата түрдүү теориялар менен концепциялар таасирин тийгизип жаткандыгын анализге алат [224]. Кыргыз элинин улуттук белгилеринин башаты жана өзгөчөлүктөрүн изилдеген эмгеги [225], белгилүү деңгээлде методологиялык мааниде болду [226].

М.М.Амердинованын инсан жана анын өздүк аң сезим түшүнүгүнүн маанисин, функцияларын, өздүк аң сезимдин калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн принциптерин, структурасын, стадиясын изилдөөсү белгилүү. Инсандын өзүн-өзү таанып билүүсү, эмоционалдык баалуулугу, кызыгуулары, өзүн-өзү жөнгө салуусу жөнүндөгү теориялык жыйынтыктары диссертациялык изилдөөдө теориялык жактан негиз боло алды. Инсандын этникалык өздүк аң сезимин изилдөөнүн теориялык негиздери, заманбап коомдогу этникалык иденттүүлүктүн өсүшүнүн психологиялык себептери жаштар мселесин изилдөөдө колдонулду [18].

Натыйжада Р.Стамова жана М.Амердинованын эмгектери жаштарды коомдук өнүгүүнүн субъектиси катары изилдөөдө жана коомдун трансформациялануу шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясына талдоо жасоодо методологиялык мааниге ээ болду.

Кыргыз элинин менталитетине философиялык талдоо жасаган А.Айтбаевдин изилдөөлөрү менталитеттин маңызына жана анын калыптанышынын шарттарына арналат. Бир нече эмгектеринде социалдык-тарыхый, тарыхый-философиялык материалдардын негизинде менталитет Батыш жана Чыгыш өзүн-өзү идентификациялоосунун түрү катары изилденет. Менталитет менен байланышкан “этникалык аң сезим”, “улуттук аң сезим”, “улуттук идеология” түшүнүктөрүнүн маани-маңызы жана алардын эволюциясы философиялык изилдөөгө алынат [5].

Жаштарды социалдык-демографиялык топ катары жана жаштык категориясын изилдөөдө Н.Саралаев, А.Бекбоевдин логикалык-гносеологиялык багыттагы эмгектери чоң мааниге ээ болду. Профессор Н.К.Саралаев тарыхыйлуулук жана логикалык түшүнүктөрүнө философиялык талдоо жасап, тарыхыйлуулук жана логикалык байыркы дүйнөдө эле пайда болуп, эволюциялануу процесси аркылуу калыптангандыгын негиздейт. Тарыхыйлуулук жана логикалык категорияларынын классикалыкка чейин, классикалык жана постклассикалык мезгилдери талданат. Тарыхыйлуулук менен логикалыктын классикалык интерпретациясында трансценденталдуу жана диалектикалык логикада изилдениши, андан кийин постклассикалык илимдеги маани-маңызы ачылат [208-209].

Белгилүү философ А.Бекбоев зарылдык жана кокустук категорияларын философиялык жана логикалык көз караштa изилдеп, мифология жана рудименттер “зарылдык” жана “кокустук” категорияларынын генезиси жана феномен катары ырастоо жасайт. Монографиялык изилдөөсү антикалык доордогу ойчулдар Демокрит, Эпикур, Платон жана Аристотелдин зарылдык жана кокустук категорияларынын калыптанышына белгилүү деңгээлде салымын кошкондугун, орто кылымдагы Перипатетиканын өкүлдөрү бул түшүнүктөрдүн (булардан сырткары диалектиканын башка категорияларынын да) онтологиялык жана гносеологиялык табиятын ачууга жетишкендигин белгилейт [39-40].

Н.К.Саралаев жана А.Бекбоевдин жогорудагы теориялык көз караштары диссертациянын “Жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн маани-маңызын логикалык жактан талдоодо, кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштык маселесинин традициясы менен инновациясын изилдөөдө методологиялык роль ойноду.

Ошондой эле А.Алтмышбаевдин, Б.Аманалиевдин А.Табалдиевдин, А.Ч.Какеевдин, Ы.Мукасовдун, Т.Аскаровдун, Ш.Акмолдоеванын, Р.Ачыловнын, Э.К.Шарипованын, М.Эдилованын, К.Сариеванын, Г.Токоеванын, К.Исаковдун Г.Ботокановaнын, Ө.Козубаевдин эмгектери

социалдык-философиялык багыттагы теориялык-методологиялык негиз катары каралды. Кыргыздардын социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрүн анализдеген бул илимий эмгектерде жаштык маселесине тарыхый-эпистемологиялык анализ жасоодо, “жаштар” жана “жаштык” түшүнүктөрүнүн маани-маңызын логико-гносеологиялык жактан талдоого алууда, жаштардын баалуулук ориентациясын изилдөөдө методологиялык негиз катары алынды.

Б.Аманалиевдин “Кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхынан” [17] илимий эмгеги кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүүсүн изилдейт. Анын пикиринде кыргыз эли байыркы мезгилден тартып жаңы доорго чейин дүйнөгө карата бири бирине карама карашы эки көз караш - дүйнөгө сергек көз караш жана диний-фантастикалык элестөөлөр таандык болгон.

Академик А.Алтмышбаевдин социалдык-философиялык изилдөөлөрү биздин диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи болгондугу талашсыз. Академиктин “Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өнүгүшү”, “Революцияга чейинки Кыргызстандагы коомдук-саясий жана философиялык ойлордун өнүгүү тарыхынын очерктери” аттуу эмгектери кыргыз элинин советтик доордогу методологиялык маанидеги эмгектер экендигин белгилеп кетүү зарыл [13-14].

Академик А.Какеевдин “Кыргызстандагы философиялык ойлор: изденүүлөр жана проблемалар” аттуу эмгеги совет дооруна чейинки жана совет мезгилиндеги социалдык-философиялык ойлордун өнүгүүсүн талдоого алган теориялык-методологиялык изилдөө [104]. Ал эми Т.Аскаров философиялык рефлексияда дүйнөнү көркөм чагылдыруу, образдуу ой жүгүртүү, элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикалык бааланышы, кыргыздардын көркөм-руханий мурасы туралуу ойлору чагылдырылат [23-25]. Акыркы жылдары жарык көргөн эмгегинде кыргыз элинин эстетикалык дүйнөтаанымы, эстетикалык-философиялык ойдун реконструкциясы, элдик оозеки чыгармалардагы көркөм-эстетикалык жана этикалык маселелер талдоого алынат [26]. Натыйжада А.Какеев менен Т.Аскаровдун идеялары диссертациялык иштин коомдун

трансформациялануу шартындагы жаштардын баалуулук ориентациясы жөнүндөгү маселени талдоого алууда чоң мааниге ээ болду.

Академик Ы.Мукасовдун кыргыздардын социалдык-философиялык ойлорун руханий маданиятынын традициясынын контекстинде изилдөөсү жана дүйнөтаанымдын өнүгүүсү жөнүндөгү идеялары теориялык мааниге ээ. Кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлорунун идеялык булактарын, орто кылымдагы, XIX жана XX кылымдын башындагы ойчулдардын реалисттик ойлорун изилдеп, социалдык-философиялык ойлор кыргыздардын руханий маданиятынын ажырагыс бөлүгү экендигин ырасташы жаштарды руханий баалуулуктардын негизинде инсандыгын калыптардыруу маселесин изилдөөдө теориялык мааниге ээ болду [173-174]. Ы.Мукасовдун кыргыз мифтеринин дүйнөтаануучулук маселелери, космогониялык мифтердеги рационалисттик тенденциялар жана социотабияттык кубулуштарды таанып билүүдө мифологиялык аң сезимдин ролу талдоого алынат [175]. Байыркы кыргыздардын жаш адамдарга турмуштук билим-тажрыйбасын өткөрүп берүү маселесин изилдөөдө Ы.Мукасовдун байыркы кыргыздардын астрономиялык жана медициналык көз караштарын, жандуу табият жана эмгек көндүмдөрүн изилдеген эмгеги да маанилүү роль ойноду [176].

Ө.Козубаевдин “Этиканын парадокстары” деген эмгеги коомдук ойлордун тарыхынын методологиялык маселелерин талдоо менен бирге мифология дүйнө таануунун жолу катары болоорун, адам тууралуу ойлордун мифтик концепциясы, адам менен табияттын биримдигинин этикалык жактары фольклордун социалдык-этикалык маани-маңызы, Жусуп Баласагындын этикасынын онтологиясы жана Молдо Кылычтын этикалык көз караштары, заманбап илимдин этикалык жактары изилденет [117]. Ошондой эле моралдык аң сезимдин философиялык парадигма жана этикалык феномен катары изилдөөсү, заманчы жана демократ акындардын этикалык философемаларын изилдөөсү этикалык маселелерди теориялык жактан талдаган заманбап эмгек катары колдонулду [116].

Э.Шарипова социалдык-философиялык изилдөөнүн алкагында “социалдык нормалар” маселесин изилдеп, аны феномен катары анализге алат. Үрп-адат, каада-салттын маани-маңызын талдоо аркылуу алардын социалдык ролун илимий-теориялык жол менен тариздейт [315]. Кыргыз элинин руханий коопсуздугу талданып, этностор аралык чыр-чатактар экологиялык коопсуздуктун маселелери, тилдик коопсуздуктун коркунучтарын изилдеген эмгеги маанилүү роль ойноду [276]. Авторлоштор менен иденттүүлүктүн эволюциялык табиятын, жарандык идентүүлүктүн калыптануу механизмдерин жана өнүгүү тенденцияларын талдаган эмгеги [277], кыргыз искусствосунун ролуна философиялык өңүттө талдоо жүргүзгөн монографиялык изилдөөсү [278] чоң роль ойноду.

К.Сариеванын изилдөөлөрү кыргыз элин тоолуу жерде жашап тоону жан дүйнөсүнө жакын көрүүсүнөн улам мифологиялык, диний, философиялык окууларда тоону түшүнүүнүн динамикасын талдоого алат. Тоо моделин гносеологиялык өңүттө изилдеп, тоону таануудагы интуитивдик-логикалык моделдөөнүн ролун, тоонун транзиттөөчү, интеграциялоочу кызматын көрсөтөт [210].

Жаштардын идеялык, адеп-ахлак жактан калыптануусунда идеологиянын ролу чоң экендиги талашсыз. Бул багытта Ч.Т.Нусуповдун изилдөөлөрүн белгилеп кетүү зарыл. Анткени идеологиянын коомдук болмуш жана анын формалары менен карым-катнашын, Кыргызстандын мамлекеттик көз каранды эместигин жана бүтүндүгүн камсыз кылуудагы улуттук идеологиянын ролун көрсөтөт. Ошондой эле улуттук идеологиянын теориялык принциптери, улуттук идеология менен коомдук болмуштун диалектикалык байланышы, этно-социалдык мамилелер, саясий элита маселеси, коомдогу социалдык мобилдүүлүк жана миграциялык процесстер талданат [183-184].

Адеп-ахлак жана эстетикалык баалуулуктар менен байланыштуу изилдөөлөрдү Н.К.Кулматов, Ж.Т.Уметалиева, Ж.К.Урманбетова, Р.Амановалар жүргүзүп, жаштык феномениниң социалдык-философиялык маани-маңызын ачып берүүдө, жаштарды элдик баалуулуктардын негизинде

калыптандыруу маселесин изилдөөдө теориялык-методологиялык ролду аткарды.

Ш.Б.Акмолдоева “Манас” эпосунун философиялык маанисин изилдеп, кыргыз элинин байыркы дүйнө моделин философиялык анализге алат. Кишидеги “Мен” жана “Менге” каршы турган объект, “биз” түшүнүктөрү, “мен” жана “биздин” байланышынын бузулушу дисгармонияга алып келээрин изилдейт [8-9].

Р.Ачылова жаштар маселесин жана алардын бош убактыларын пайдалануусу, советтик мезгилдеги үй-бүлө жана коом маселесин, Кыргызстандагы аялдардын билим алуу жагдайларын, өткөөл мезгилдеги өспүрүм кыздардын социалдык абалын Борбор Азия мамлекеттеринин мисалында талдоого алат [30-33].

М.Эдилова транзиттик коомдогу жакырчылык маселесин изилдеп, аны социалдык көрүнүш катары, элет жакырчылыгынын алкагында өспүрүм балдардын социалдык абалын, демократиялык кайра куруулардагы гендердик маселелерди жана аялдар укугун талдоого алат [283-284].

Г.С.Токоева кыргыз философиясындагы адам маселесин изилдеп, кыргыздардын дүйнөтаанымындагы илимге чейинки адам жөнүндөгү ойлорун, элдик оозеки чыгармалардагы адам табиятынын чагылдырылышын, элдик акындардын дүйнөтаанымындагы адам маселесин жана заманбап коомдогу адам болмушунун логикалык экспликациясын изилдейт. Бул изилдөөнүн алкагында жаштар жана жаштык маселесин элдик оозеки чыгармаларда, Ж.Баласагын жана М.Кашкаринин эмгектеринде, элдик акындардын мурасында чагылдырылышын талдоого алат [245-246].

А.К.Эшиевдин изилдөөсүндөгү “маскулиндик” категориясына социалдык-философиялык анализ жасап, анын феноменин философиялык жактан айкындаган жыйынтыктары жаштардын инсандыгынын калыптануусунда теориялык маанидеги эмгек болуп саналат [288].

К.Исаков орто кылымдагы Чыгыш ренессансынын белгилүү өкүлү Жусуп Баласагындын дүйнөтаанымына илимий философиялык талдоо жасоо менен

“Куттуу билим” дастанындагы эпикалык парадигмалардын философиялык негиздерин изилдейт. Ошондой эле Чыгыш ренессансынын тарыхый-философиялык маңызы жана орто кылымдагы кыргыз элинин маданияты иликтөөгө алынып, андагы кыргыз элинин жашоо образы, реалисттик көз караштары, социомаданий жана социотарыхый абалдары талдоого алынат [101].

Диссертациялы ишти жазууда М.Алымкуловдун экологиялык коопсуздук маселесин тарыхый-логикалык принципте изилдөөсү [15], Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыздоодогу ички иштер органдарынын ордун жана ролун изилдеген эмгеги [16] маанилүү эмгек катары кабылданды

Г.Ботокановaнын эмгектери салттуу билим маселесине арналып, бул түшүнүккө гносеологиялык жана онтологиялык аспектиде талдоо жүргүзүлөт. Салттуу билимдин маани-мазмундук өзгөчөлүгү, келип чыгуусунун табияты, тарыхый динамикасы, классификациясы жана функциялары ачылып берилет. Табият жөнүндөгү салттуу билимди изилдөөнүн алкагында кыргыздардын курчап турган чөйрөгө болгон мамилеси, адам менен табияттын карым-катнашы, экологиялык салттуулуктун кайра жаралышы, табиятты пайдалануунун этикалык баалуулуктары, этноботаникалык жана этно мал-чарбачылык билимдери изилдөөгө алынат. Коом тууралуу салттуу билимдердин контекстинде салттуу коомдун туруктуулугун сактоонун учурдагы абалы, салттуу жана техногендүү коомдун айырмачыктары, салттуу коомдун укуктук аспектилери каралат [296].

Диссертациялык иштин 3-бабын жазууда А.Бейшенованын изилдөөлөрү белгилүү деңгээлде теориялык негиз боло алды. Анын “Чыгыш-Батыш дихотомиясы: жаңы реалийлер жана парадигмалар” деп аталган доктордук диссертациясында Чыгыш жана Батыш парадигмаларынын заманбап өзгөрүүлөрү, алардын карым-катнашы жана Батыштын өнүгүүсүн шарттаган себептери ачылган. Кыргыз элинин тарыхый өнүгүү жолундагы ислам динин кабыл алуусу менен шартталган кыргыз коомунун өзгөрүүсү, жаңы жана соңку

жаңы доорлордогу кыргыз коомунун парадигмаларынын өзгөрүүлөрү философиялык өңүттө талданат [295].

Изилдөөнүн жүрүшүндө жана кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштык маселесинин традициясы жана инновациясын талдоого алууда Г.Абылкасымованын кыргыздардын макал-лакаптарынын философиялык маңызын изилдеген эмгеги белгилүү деңгээлде мааниге ээ. Анда кыргыз элинин турмуштук тажрыйбасынан улам пайда болгон болмуштун түрдүү формаларын чагылдырган макал-лакаптарынын социомаданий булактары, макал-лакаптардагы натурфилософиялык маанайдагы көз караштар, адеп-ахлак парадигмалары талдоого алынат. Кыргыздардын дүйнөнү эстетикалык кабылдоонун жана өздөштүрүүнүн макал-лакаптардагы чагылдырылышы изилденет [293].

Изилдөөнүн эмпирикалык негизи катары жаштар маселесине арналган расмий документтер, стратегиялык өнүктүрүү программасы, кыргыз элинин руханий мурасы түздү.

## 2.2. Кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштар маселесинин традициясы жана инновациясы

Кыргыз эли узак убакытка созулган тарыхый-маданий өнүгүүсүнүн жамааттык, уруу-уруктук мамилелеринде болобу же мамлекеттүүлүктүн курамында болобу терең философиялык ойлорду жаратып, аны кийинки муунга таберик катары өткөргөн. “Улуу-кичүү”, “жаш-кары” деген түшүнүктөрдүн алкагында муундар аралык байланышты жана алар ортосундагык карым-катнаштын табиятын философиялык өңүттө ой толгоп келишкен. “Ата-бала”, “эне-бала” диадасынын диалектикалык байланышын талдоо аркылуу коомдогу, жамааттагы, үй-бүлөдөгү социалдык ролдордун маани-маңызына баа беришкен. Изилдөөбүздүн бул бөлүгүндө кыргыз элинин дүйнөтаанымында улан-кыздарга, жаштарга карата ойлорунун өзгөчөлүгү менен жалпылыгы, мазмуну жана формасы талдоого алынмакчы. Анткени кыргыздардын дүйнөтаанымындагы жаштарды коомдогу социалдык топ жана жаштык

түшүнүгүн философиялык категория катары ой жүгүртүүсүнүн табиятын изилдөө учурдагы кыргыз коомундагы маанилүү маселе болуп саналат.

Байыртан бери жаштарды маданий-руханий баалуулуктарды алып жүргөн социалдык-активдүү топ, коомдук турмушта, маданияттын калыптануусунда жана социалдашуу процессинде өзгөчө баалуулук катары кабылдап келишкен. Кыргыздар жаштарды тарбиялоонун башкы каражаты катары фольклордук чыгармага басым жасашкан. Элдик оозеки чыгармачылыкты өздөштүрүү – адамда ыймандуулукту, адеп-ахлакты, инсандык баалуулуктарды калыптандырып, коомдо ордун табууга, жеке өздүгүн калыптандырууга, инсан катары чыдамкай, толеранттуу, сабырдуу болууга тарбиялаган.

Жаштарга кайсы доордо болбосун баалуулуктарды алып жүрүүчү жана өнүктүрүүчү катары үмүт менен карап, ишеним артышкан. Ошондуктан, жаштар курактык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы, социалдык абалдын өзгөчөлүктөрү жана алар тарабынан шартталган башка социалдык-психологиялык касиеттери менен аныкталган социалдык-демографиялык топ. Кыргыздардын тарыхый өнүгүүсүндө, коомдук түзүлүштүн калыптанышында, маданияттын өнүгүшүндө, социалдаштыруунун жүрүшүндө жаштар коомдогу өзгөчөлөнгөн катмар катары өзүн аныктап келген.

Элибиздин тарыхый-маданий эстеликтеринде жаштарга болгон мамиле, алардын ордун көрсөткөн көз караштар кеңири кездешет. Жаштарды тарбиялоого, интеллектуалдык жактан өсүшүнө чоң маани берилип, калыптандыруунун башкы каражаты катары элдик оозеки чыгармачылык эсептелген. Оозеки чыгармачылык аркылуу жаштарды адамгерчиликке, чыдамкайлыкка, бири-бирин сыйлоого тарбиялаган. Алар моралдык баалуулуктарды өздөштүрүп, жүрүм-турумду калыптандырып, жашоосунда туура колдоно билүүгө багыттаган.

Кыргыз эли эң байыркы элдерден экендиги тарыхый жактан тастыкталып гана тим болбостон өзгөчө маданиятты жараткан этнос катары белгилүү болду. Социалдык-экономикалык шарттарына ылайык материалдык жана руханий маданиятты жаратып жана өнүктүрүп келди. Руханий маданиятынын өнүгүү

процесси элдик оозеки чыгармачылыкты жаратуу, эволюциялаштыруу менен тыгыз байланышта. Кыргыз фольклору элибиздин тарыхынын, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн гана проекцияланышы болбостон этнофилософия, этнопедагогика, этнопсихология жана башка ушул сыяктуу этникалык баалуулуктардын топтому, таалим тарбиянын нускамасы. Кыргыз эли бекеринен “Манас” эпосун энциклопедиялык чыгарма деп атаган жок. Бул төгүндөн эле келип чыкпады, аны илимий изилдөөнүн, тестологиялык талдоонун натыйжасында ушундай улуу тезис келип чыкты. Башка баатырдык жана турмуштук эпостор да элдин дүйнөтаанымын чагылдырып, бүгүнкү күнгө чейин жетти. Бул тууралуу белгилүү жазуучу Ч.Айтматов мындай деген: “Киргизи – один из древнейших народов Центральной Азии. За свою многовековую историю они достигли исключительно высокого развития эпической культуры. Длительное существование кочевого народа в своеобразных исторических условиях (отсутствие письменности и изобразительного искусства, постоянная борьба с сильными феодальными государствами за свою свободу и независимость) при высокой поэтической одаренности привело к возникновению и расцвету сказочного эпического жанра. Киргизы вложили в свои эпосы то, что многие другие народы отобразили в описаниях истории, в художественной литературе, театре, картинных галереях и скульптуре” [6, 10-б.]

“Манас” эпосу баштаган эпостор, жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар, табышмактар, “улуу-кичүү”, “жаш-кары” дилеммасында жаш адамдар менен улуу муундун, бала менен ата-эненин айырмачылыгын көрсөткөн жана жаштардын иш-аракетин, коомдогу ордун баалап, өзгөчөлөнгөн жандар экендигин билдирген. “Жаш-кары” диалектикасы кыргыздын “Жашка – кызмат, карыга – урмат” [110, 144-б.] деген макалында таасын чагылдырылат. Макалда белгилүү болгондой улуу муун, улгайган адам кадыр-барктын, сыйдын, жаштар иштин, эмгектин ээси, коомдогу материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуучу активдүү жандар, коомдук турмуштагы негизги өндүргүч күч экендиги айтылат.

Кыргыздардын баатырдык эпосу “Манаста” адам курагынын түрдүү баскычтары антропологиялык өңүттө чагылдырылат. Алсак, Бакайдын образы улгайган адамдын, насаатчынын, даанышмандын, Манас – жаштыктын, күч-кубаттуулуктун жана айкөлдүктүн чагылдырылышы. Бакай акыл менен билимдин, насаатчы-тарбиячынын көрүнүшү болсо, Манас жаш адамдын, күжүрмөн жаратуучунун, активдүү куруучунун, акыл менен күчтүн толук чагылдырылышы.

Эпосто жаштык – коомдогу активдүү катмар жана жаңыны жараткан, ой-пикир менен көз караштты, идеяларды берген, материалдык баалуулуктарды пайда кылган түзүүчү, өндүрүүчү. Моралдык-этикалык сапаттар катары эмгек жана эмгекти сүйүү бааланат. Эмгектенүү жаш адамга таандык, ансыз жашоо мүмкүн эмес. Жаштардагы негизги ишмердүүлүк катары эмгек таанылат. Эмгек адамга жыргалчылык жана канаттануу, бакыт жана дөөлөт алып келүүчү социалдык күч. Эмгек менен алектенүү адамдын коомдук-маанилүү активдүүлүгүнүн белгилүү түрү; ал аркылуу адам өзүн коомдук болмуштун бир бөлүгү катары сезе алат, өзү жасагандын жыйынтыгына кубанат, коолдугуна суктанат.

Кенже эпостордо да жаштык маселеси өзгөчө интерпретацияланат. “Кожожаш” эпосунда башкы каарман Кожожаштын образы аркылуу жаштар категориясы башка өңүттө талданат. Эпосто элди жерди коргогон, кыйынчылык учурда жардамга келген адамдар – жаштар. Кожожаш жана анын досу аңчылык менен уруусун баккан, каатчылыкка дуушар болгондо эли үчүн кам көргөн, аракеттенген активдүү инсандар. Алар акылы жана күчү жагынан жетилген, өз алдынча ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жаштар. Эпосто жаш адам – дене түзүлүшү жагынан калыптанган, моралдык жактан туруктуулукка ээ болгон, социалдык-психологиялык кырдаалга баа бере алган акылдуу инсан.

Жаштыктын маани маңызы, коомдогу орду тууралуу кеңири маалыматты берген чыгармалардын бир жанры – жомоктор. Алар “жашоо-турмушту, жан-жаныбарларды, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелерди сыйкырдуу, кереметтүү кылып баяндаган философиялык көркөм чыгарма.

Жомоктордун келип чыгышын эне менен балага байланыштырышат. Анткени энеси жаш балага жомокторду айтып берип, баланын адамдык сапаттарын калыптандыруу милдетин аткарып келген” [245, 122-б.]. Жаш адамдын инсандыгынын калыптанышынын булагы, тарбиянын башаты катары энени баалашкан. Алар адептүүлүккө, кыйынчылыкты жеңүүгө, гумандуулукка, жакшы менен жаманды, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти айырмалоого тарбиялаган. Жомоктордо кээ бир жандыктар, буюм-нерселер адамдар сыяктуу сүйлөп, каарман катары катышышкан. Мазмундук жагынан түрдүү багыттарга бөлүнгөндүгүнө карабастан жакшылыктын орношу, адилеттүүлүктүн жеңиши менен аяктаган.

Кыргыздар жаш адамга үмүт артып, андан адамдагы баалуулуктардын баарын көрүшкөн. Акылкарачач, Кожожаш өндүү жомок каармандары акыл менен билимди, эрк менен кайратты чагылдыруучулар. Акылкарачач тууралуу жомокто ханга Карачач калыңга алып келе тургандарды санап буларды алып келүүсүн айтат: “Кийиктин он улагын, жыйырма түлкү, отуз карышкыр, кырк арстан, элүү ат, алтымыш чидер, жетимиш аркан, сексен каны жок кургаган жүрөк” [132, 38-39-б.]. Хан жырткычтардын эмне кереги бар деп сураганда, Карачач жырткыч айбандарды сурабастан, башына эркиндик сураганын айтат. Табышмактын жандырмагына ылайык кийиктин он улагын берсин дегени Карачачтын он жаш курагы – бул улактай ойногон кези, жыйырма түлкү берсин дегени - киши жыйырма жашта түлкүдөй булактаганы, отуз карышкыр дегени – адам отузга чыкканда карышкырдай жүткүнүп турганы, кырк арстан дегени – кыркка чыккан адам арстандай күчүнө келе турганы, элүү ат – элүүдө адам ат болот, алтымыш чидер - алтымыштагы адамдын бутуна чидер түшүп, өзүнчө басып кете албай калганы, жетимиш аркан – адам жетимишке чыкканда аркандалып калганы, сексен каны жок жүрөк – адам сексенге чыкканда каны жок жүрөктөй кургап каларын ырастайт. Муңу жок картаң молдого никемди кыйдырсын дегени – картаң адамдын ичинен капа-кайгысы жок бир да адам болбойт. Ошондуктан, никемди кыйдыра албай, мага уруксат бербейби, - деп

ханга табышмактуу суроосун айтат. Бул – жаш адамдын акылынын тунуктугунун, билиминин жогорулугун далили.

Элдик ырлар кеңири таралган руханий мурастын бир түрү, алардын мазмунунан жаштык куракка карата көз караштар даана байкалат. Байыртан бери алектенип келген мергенчилик, малчылык, дыйканчылык өңдүү чарбачылыктын түрдүү формалары чагылдырылат. Кыргызда “Бекбекей”, “Шырылдаң”, “Селкинчек”, “Жарамазан” сыяктуу салттык жана чарбачылык ырлар негизинен жаштар тарабынан аткарылган. Жогорудагы макалга кайра кайрылалы, ”жаш келсе ишке” деп жаш адамды ишмер, эмгекчил инсан катары баалап жатат. Ошондуктан эмгек ырлары жаштар тарабынан аткарылган. Үрөөн сепкенде, эгин оргондо, мал кайтарганда ырдалып, мол түшүм алууну, малга сак болууга чакырган.

Каада-салтты, үрп-адатты чагылдырган ырлар да кеңири таралган. Наристе төрөлгөндөн баштап – бешик ыры, тушоо кесүү, үйлөнгөндөгү жар-жар айтуу, кыз узатуу ыры, сүйүү ырлары сыяктуу түрлөрү белгилүү. Сүйүү лирикасы “секетпай” жана “күйгөн” ырлар да жаштарга таандык болуп өнүгүп келген.

Санат, насыят, терме ырлары жаштардын акылы, жүрүм-туруму менен байланышкан таанып-билүүчүлүк, этикалык-эстетикалык маанидеги көркөм чыгарма. Жаштарга өрнөк, үлгү, кеңеш берүүчү социалдык кызматты аткарган. Терме ырлары жашоонун ар кайсы кырдаалына карата ата-эне, кыз-уул, тарбия-билим, жакшы-жаман тууралуу жаралган.

Макал-лакаптар өзгөчө мааниге ээ болуп, кыска, образдуу терең философиялык ойду чагылдырган. Адам жашоосунун өзгөчө курактык мезгили болгон жаштык макал-лакаптарда кеңири баяндалат. Аларда адам акылы башкы баалуулук катары кабылданып, байыртан бери акылдуу болуу жаштардын интеллектуалдык жана социалдык жактан калыптангандыгын түшүндүргөн. Кыргызда “Акылдуу мактанса, ишти тындырат, акмак мактанса бутун сындырат” же болбосо: “Акылдуу миң азаптан кутулат, акылсыз бир азапка тутулат” [110, 31-б.] – дешет. Жогорудагы макалдан белгилүү болгондой акыл

адамдын бар экендигин, анын болмушун аныктайт. Акыл – жаштардын инсандыгынын белгиси, калыптангандыгынын көрүнүшү. Элибизде “Кылыч курал эмес, акыл курал” – деген сөз бар. Бул акыл бардык кыйынчылыкты жеңүүнүн аспабы, тоскоолдукка туруштук берүүчү калканы. Акылга ээ болуу – байлык. Аны кыргыздар: “Малдан жарды калсаң кал, акылдан жарды калба” [110, 226-б.] – деген макал менен тастыкташкан. Интеллектуалдык, руханий, ички дүйнө жагынан бай болуу жаштардагы чон жетишкендик.

Жаштардын акылын толуктап аны калыптандырып турган билим жана илим экендигин макал-лакаптар туюндурган. Кыргыз элинде “Билимдүү болсоң озорсуң, билимсиз болсоң – осолсуң”, “Билими бар ар балээден кутулат, билими жок миң балээге тутулат” – деп, билим адамдын артыкчылыгын билдирген реалдуулук катары айтып келишкен. Жаштарга карата: “Билимди элден изде, алтынды жерден изде” [110, 187-б.] – деп билим алууга, эмгектенүүгө чакырат. Жаштарды калыптандыруунун башкы жолу – эмгек. Алардын турмушунда эмгектин ролун көрсөткөн макал-лакаптар арбын. “Болот отто чыңалат, адам иште чыңалат” – деп айтышат. Эмгек адамдын бардык керектөөлөрүн канааттандыруунун булагы. Ошондуктан элибизде макал-лакаптарды баалап, муундан-муунга өткөрүп берип, жаштарды тарбиялап келишкен.

Демек, макал-лакаптар өзгөчө ой туюмду чагылдырган кыска формадагы философиялык ой корутунду. Адам табияты, тааным жөндөмдүүлүгү, жашоосунун маңызы чагылдырылат жана түрдүү жаш-курактык өзгөчөлүгүнө талдоо жасалат. Макалдар адамдын эстетикалык табитин, этикалык жүрүм-турумун жөнгө салып, тарбиялоочу, жашоого багыт берүүчү функцияны аткарат. Жаш адамдарга, жаштык куралтын өзчөлүгүнө карата айтылган макал-лакаптар келечектеги инсандык сапаттардын калыптануусуна зор таасирин тийгизет. Алар регулятивдик милдетти аткарып, жаш адамдын дүйнөтаанымынын калыптануусуна, инсандык баалуулуктарынын өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Адамдын куррактык жактан калыптануусунун өзгөчөлүктөрүнө, акыл-эс жөндөмдүүлүгүнө, билим-тажрыйбага ээ болуусуна, үй-бүлө баалуулуктарын өздөштүрүүсүнө байланыштуу айтылган макал-лакаптар абдан арбын. Макал-лакаптар ар бир этнос менен кошо жаралып, анын болмушун, таанымын, кулк-мүнөзүн, ак-карасын, жашоо-тиричилигин, өйдө-ылдыйын чагылдырып келген руханий баалуулуктардын бири. Бул элдик оозеки чыгармачылыктын бир формасы катары өнүгүп, коомдук турмушта, күнүмдүк жашоодо өз ордун таап, дүйнөтаанымдын калыптануусунда чоң роль ойногон руханий мурас

Макал-лакаптар байыркы мезгилде эле пайда болуп, элдин гносеологиялык, онтологиялык, этикалык, эстетикалык, аксиологиялык көз караштарын чагылдырат. Адам жашоосу, багытталышы, жашоосунун маңызы сыяктуу маселелерди, адамдын онтогенези: төрөлүү, балалыгы, жаш чагы, жетилген мезгили, улгайган курагы жөнүндө философиялык ойлорду чагылдырат. Коомдогу ар түрдүү социалдык катмарга, алардын кесиптик ишмердүүлүгүнө, адеп-ахлагына карата насааттарды айтат.

Кыргыз эли макал-лакаптары аркылуу жаштарды тарбиялап, дүйнөтаанымын калыптандырган. Ар бир курактын өзгөчөлүгүнө жараша макалдарды үйрөтүп тарбиялоо процессинде колдонуп келишкен. Биринчи кезекте макалдар жаштарга карата алардын өсүп эрезеге жетүүсү, коомдо өз ордун табуусу тууралуу насаат айтат. Алсак, “Аз көбөйөт, азган – оңолот. Жарды – байыйт, жаш – чоңоёт” - [253, 13-б.] деп мезгилдин өзгөрүлмөлүүлүгүн, убакыттын алга карай жылып турарын эскертет. Бул диалектикалык өнүгүү процессин, себеп-натыйжалык байланышты көрсөтөт. Жеке, жалгыз, бирөө бара-бара көп боло тургандыгы, жамандык жакшы турмуш менен алмашаары, жаш адам жетилип, калыптанаары тууралуу ой корутундуланган. Макалдар жаштарга карата насаат ирээтинде адам болумушу бир ордунда, өзгөрүүсүз эле турбастан жамандыкты жеңүүгө, жакшылыкка, өзүнүн инсан катары калыптандырууга багыттала турганын көрсөтөт. Кыргыз элинде мындай макал бар:

Чийки бышып даамына келет,

Жаш чоңоюп алына келет,

Азган айланып элине келет [253, 38-б.]

Мында ар кандай өсүмдүк, мөмө бышып даамына келсе, жаш адам чоңоюп, калыптанып инсан болоору айтылат. Жаш бала татыктуу тарбия, пайдалуу билим алып, коом үчүн бараандуу, пайдалуу салым кошкон, үй-бүлө күтүп, дени сак муун улантып, татыктуу тарбия бере турган жаштын орду-жолу көрсөтүлөт. Жаш куракта бардык шык-жөндөмдү калыптандыруу зарыл, антпесе ал эр жеткенде адам ээ болчу сапаттардан куру калат. Ошондуктан элибизде “Жаш кезде коркок болсо, Карыганда чоркок болот”, – деп айтышат. Маани-маңызын талдай турган болсок, ымыркайдын төрөлгөндөн баштап келечегине кам көрүү милдеттендирилет. Балалык чагынан анын адеп-ахлагына тыкыр көңүл буруу, анын эркин өсүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү аркылуу жоопкерчиликтүү, аракетчил, чебер, иш билги адамдын калыптануусуна көңүл буруу маанилүү экендиги айтылат. Анткени адамдын жаш чагы – “алтын так” – бул жашоодо, баскан жолунда из калган сыяктуу ар бир учурдун, куракты эч нерсеге алмашкыс, баалуулугу бар. Жаштыктын алтын убагын улуу муун өздөрүнүн басып өткөн учурун эстеп эскеришет.

Демек, жаштык – адам өмүрүнүн өзгөчө кайталангыс баалуу мезгили. Бул курактагылар эмгек менен жакшыны жасаган, баалуулуктарды жараткан өзгөчө адамдардын тобу. Алар дене-түзүлүшү жагынан калыптанган, күчтүү, акыл жагынан тунук, ой-туюму, кабылдоосу өскөн жандар. Ар тараптуу мүмкүнчүлүккө ээ болгон, жаңыны пайда кылган, эскини бузуп жок кылган, зыяндууну залалсыздандырган, зарыл нерсени өнүктүргөн күч. Жаш курактагылар эмгектин ээси, билимдин кени жана ойдун ачкычы катары мазмун менен форманы пайда кылган инсандар

Макалдарда адам курагынын ар бир учуруна баа берип, социалдык турмуштагы, үй-бүлөдөгү орду белгиленген. “Жаш” түшүнүгү кайрат-күчтүн, акыл-эстин, мээнеткечтиктин, эмгекке болгон аракеттин символу. Ошол эле учурда жаштарды эмгекчилдикке, билим алганга үндөө менен коом үчүн болуп көрбөгөндөй чоң күч, келечек экенин түшүнүүгө түрткү берет.

Жаштардын басканы – жыргал,

Карылардын жатканы – жыргал.

Жаштык бар жерде, жалын бар.

Жаштык кезиң мастык кез.

Кары уйкуну сүйөт,

Жаш күлкүнү сүйөт [253, 105-б.]

Бул курак эмгектенүү, окуп, билим алуу менен эле чектелбестен, оюн күлкү, жыргалчылык, бактылуу көз ирмем, сүйүү сезимдерине бай кызуу, курч, тайманбаган мезгил. Өзгөчөлөнгөн, кайталангыс жаштык узак мезгилге турбастыгы, башка адам курагына алмашаары жөнүндө айтылат. Бул аркылуу кыргыз эли киши курагынын ыраатуулугун, себеп-натыйжалык байланышын, жаштык кезде алынган илим-билим улгайганда насаат бергенге негиз болоорун, жасаган эмгегинин үзүрүн карыганда көрөөрүн эскертет. “Жашында мылжың болсо, Карыганда кылжың болот”, – деп жаш куракта адамдык касиеттер калыптанбаса, адепсиз болсо, жакшылык менен жамандыкты, сулуулук менен көрксүздүктү билбесе, улгайганда өзүнүн орду жолу, сый-урматы төмөн адам болот. Ошондуктан макалдар жаштарды эмгекти, жакшылыкты, сулуулукту, көрктүүлүктүү жаратуучу болууга чакырат.

Коомчулукта чектен чыккан жүрүм-турум түшүнүгү кеңири кулач жайып турган чакта ата-бабаларыбыз таштаган кадамыбыз, баскан жолубуз, кылган аракетибиз бизди кайсы тарапка жетелерин макалдар аркылуу таамай айтып берген. Жаштарды кайраттуулукка, туура жолдо жүрүүгө, бала кезден аракеттенүүгө, адамдык сапатка ээ болууга үндөгөн. Адам баласынын жаштайынан ээ болгон мүнөзү анын жаштык мезгили үчүн гана эмес карылыгы үчүн да таасирин тийгизерин белгилеп өткөн. Элибиз: “Абийириңди жашыңдан сакта” – деп чакырык таштайт, жакшылыкка үндөйт, таалим-тарбия берет. Ариет-намыстуу болсо – адамдагы жакшылык, адепсиз болсо – жамандык.

Жаштардын тарбиялоодогу эң чоң социалдык институттардын бири үй-бүлө. Мында үй-бүлөдө алган тарбиясы анын инсандык сапаттарынын калыптануусу үчүн өтө маанилүү. Анткени “Куш уясында көргөнүн кылат”

деген сыяктуу бала үй-бүлөдө кандай таалим-тарбия алса, ошондой адам болот. “Агасы минген атты – иниси минет, Атасы салган кушту – баласы салат”, – дешет кыргызда [253, 177-б.]. Бул кыргыз элинин дүйнөтаанымындагы ырааттуулукту, салттуулукту, себеп-натыйжалык байланышты көрсөтүп турат. Элдик макал жаштарга төмөндөгүдөй чакырык таштайт: “Атаң барда – эл тааны, Атың барда – жер тааны!”. Бул ата-энеден, улуулардан турмушту, салтты, ырым-жырымды, жорук-жосунду бил, үйрөн деген маанидеги накыл сөз. Кыргыз эли байыртан уруу-уруктук, жамааттык жашоону кечирип келгендиктен улам, ар бир уруунун өзгөчөлөнгөн баалуулуктары болгон, турмуш-тиричилигинде айрым бир жекеликке ээ болушкан. Анткени, ар бир чоң уруу ирегелеш башка эл менен катышта болгон. Алардын жакшы жактарын алышкан, ошого карата өзгөчөлүк пайда болгон. Мына ушул өзгөчөлүктөрдү жаштар билип, тарбияланып келишкен. “Баланы жашынан үйрөт, болбосо жакшы тарбия албаган бала – тентек, орой, осол болуп калат” – деп насаат айтышкан.

Ата-бабалар “жаштык”, “жашчылык” мейкиндик менен мезгилде убактылуу экендигин, өмүрдөн өтүп кетерин, аны чөптүн гүлү, жамгырдын өткүнү менен салыштырып айтышкан. Мындай образдуу жана таамай айтылган ой корутунду жаштарды эмгекчилдикке, ишке, жетилген куракта маанилүү, мазмундуу өмүр сүрүүгө, муун улантуудагы мол тажрыйбага ээ болууга элдик наркты билүүгө чакырат.

Демек, макал-лакаптар кыска, образдуу түрдө бүткөн бир терең философиялык ойду чагылдырып, адамга карата багытталып пайда болгон. “Макал-лакаптарда бардык реалдуулуктун борборуна адам коюлат, анын ишмердигиндеги жашоонун коздугунун, бүтүндүгүнүн мазмуну ар тараптуу берилет, адам акыл-эстүү жандык болгону үчүн жогору бааланат” [245, 125-б.].

Жаштарга карата айтылган макал-лакаптар ымыркайдын төрөлүүсү, балалыгы, өспүрүм мезгили, боз улан жаштыгы жөнүндөгү ойлорду чагылдырат. Жаштык – бул адамдын калыптанган, инсандыгын көрсөткөн, бардык жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон болмушунун көрүнүшү. Ал адам

жашоосунун, өмүрүнүн узактыгынын бир мезгили. Бул активдүү иш аракеттеги, жаңыны жараткан, барлыкты пайда кылган курак. Аксиологиялык өнүттө алганда жакшылыктын, сонундуктун, сулуулуктун көрүнүшү. Аны менен реалдуулук жакшы, сулуу, көрктүү болот.

Табышмактар жаш баланын, өспүрүмдүн калыптануусунда чоң роль ойногон. Жаштарга карата “Эртең менен төрт буттап басат, Түштө эки буттап басат, Кечинде үч буттап басат” деген макал туура келет. Төрт буттуп баскан мезгили – балалыгы, үч буттап калган чагы – улгайган курагы, ал эми түштө эки буттап калганы – жаштык курагы. Жаштыкты алдуу-күчтүү, иштерман курак деп билет. Табышмактарда көрүнүп тургандай жаш адам акылы жана күчү менен таанылган, адам болмушунун өтө кызыктуу жана баалуу мезгили. Бул куракта адам жаратуучу, жаңыны пайда кылган активдүү жан катары билинген. Анын активдүүлүгү “барды өнүктүргөн, ордунда турганды кыймылдаткан” активдүү социалдык топ катары болгондугу.

Жаштык – бир сутканын түшкү мезгилине, чак түшкө салыштырылат. Ал ортоңку убакыт – саар менен кечтин ортосу. Байыркы Кытай ойчулу Кун фу цзынын пикири менен алганда жаштык – алтын ортолук. Анткени кыргыздар жаштык куракты “алтын курак”, “жаштык мезгил” деп айтып келишкен. Демек кыргыздар ортоңку жол же алтын ортолук жөнүндө билип, анын маани-маңызына түшүнгөн деп айтууга болот.

Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашында жашоо маңызы жана анын жашоого карата багытталышы эмпирикалык деңгээлде, турмуштук тажрыйбанын жүрүшү аркылуу интерпретацияланат. Алар акылмандыкка, сабырдуулукка, айкөлдүккө үндөгөн инсандар катары таанылган Асан-Кайгы, Толубай Сынчы, Санчы-Сынчынын ойчулдардын көз караштары жаштардын адеп-ахлак жактан калыптанышына чоң таасирин тийгизген. Алар адамды сүйүүгө, гумандуулукка, мээримдүүлүккө чакырат. Акылман ойчулдардын акыл-насааттары жамандык менен күрөшүүгө адилеттүүлүккө умтулууга, жалпы баарыга бирдей болгон жакшылыкка жетүүгө багыттайт.

Асан Кайгы “белгилүү көчмөн философу” катары, адам болмушун адеп-ахлактык маселелер менен байланышта карап, жакшылык менен жамандык, сулуулук менен көрксүздүк жаштарга таандык экендигин айткан. Жаштарды адилеттүү, гумандуу, башкаларга карата жылуу мамиледе болуу сыяктуу сапаттарды баалоо менен бирге жаратылышка, адам жашоосуна карата аяр мамилеге чакырат. Адамдар ортосундагы карым-катнаштын чен-өлчөмүн, “адам-табият” кошилтигинин диалектикалык байланышын, кишинин табиятка этияттык мамилесинин зарылдыгын таанып билүүгө чакырат.

Ойчулдардын арасында Кет Бука табышмактуу, сырдуу сөз чебери жана күү санаты менен турмуш чындыгын, киши болмушун таанууга чакырган. Чынгызхандын уулу Жучунун дүйнөдөн кайткандыгын күүнүн сыры менен жеткириши анын терең ойчул, адамдын жан дүйнөсүн ойготкон инсандыгынан кабар берет. Ал табышмакты табуу жөндөмдүүлүгүн ачкан, сыр түйүнүн чечкен инсан болууга чакырат жана улуу муундун жаштарга болгон мамилесин, кыз-уландарга карата сый урмат көрсөтүүгө үндөгөн.

Легендага айланган ойчул катары Токтогул ырчы жашоо менен өлүм алмашарын, адам өлгөндөн кийин анын ишмердиги гана каларын, ушуга байланыштуу татыктуу жашап өтүүгө чакырат. Ал эми Толубай сынчы жана Санчы сынчы белгилүү аналитиктер катары таанымал болгон. Толубай сынчынын пикиринде жаштардын акылдуу болуусу шарт. Санчы сынчы өзүнүн доорун сынга алып, адилетсиздикти, адепсиздикти, ач көздүктү жамандык катары кабылдайт.

Демек, легендарлуу ойчулдардын насааты жаш адамды тарбиялоонун нускасы. Сырдуу, табышмактуу сөздөрү жана ойлору жаштардын инсандыгынын калыптануусунда, адеп-ахлакты орнотууда руханий байлык катары кабылданат.

Орто кылымдагы ойчулдар Ж.Баласагын жана М.Кашкаринин чыгармаларында да жаштарга карата терең ойлор кездешет. Адамдын төрөлүшү, калыптанышы жана анын бул дүйнөдөн кетиши – табияттын мыйзамы. Киши жашоосу да болмуш баш ийген мыйзамдарга баш ийет. Адам

төрөлгөндөн кийин балалык куракты өткөрөт. Балалык жаштыкка жол бошотот, ал улгайган куракка, андан кийин карылык келет. Акын минтип жазат:

Жаштык өтөт көз ирмемде – баалай бил,

Кармасаң да өмүр бүтөт – билип жүр.

Жаштыгыңды болбос ишке коротпо,

Тобо кылып, жаман ойду жолотпо.

Кимдин жашы кырктан өтсө болжолу,

Жаштык менен кош айтышып койгону [36, 73-74-б.].

М.Кашгаринин этикалык көз караштарында түрк элдеринин мүнөздүү өзгөчөлүгү жөнүндө ой жүгүртүп, адамга карата минтип айтат: “Им присущи добродетель, красота, изящество, благопристойность и учтивость, уважение к старшим и верность в славу, скромность, гордость и бесстрашие, - всего, что достойно похвалы, и не счесть!” [108, 25-б.]. Акындын пикиринде жаштар инсан катары калыптанышы зарыл. Калыптанган, жетилген адамды “киши” “эр” катары баалаган.

Жаш адамдын мүнөзү, жөндөмдүүлүгү, сапаттары жөнүндө кыргыз эли байыртан эле айтып келишкен. Ата-эне баласын жакшы үлгүнүн, эмпирикалык билимдин, турмуштук тажрыйбанын, акыл-насааттын жардамы менен тарбиялап келишкен. Жакшы бала тарбияласа ата-эненин бактысы, ал коомго да пайдалуу инсан катары боло алат. Бул тууралуу мындан миң жыл мурда жашап, өзүнүн “Дивану лугатит ат түрк” деген чыгармасында жазып калтырган Махмуд Кашкари минтип жазган:

Калк кубанып карабайт,

Каардуу жүздүү нааданга.

Уулум акылга ээ бол!

Атың калсын алыска (эртенкиге) [109, 73-б.]

Муну менен адам акыл-эстүү болуусу, абийирин жашынан сактоого умтулуусу, эр жигиттин сырдуу жана ар тараптуу жөндөмдүү, таланттуу, өнөрлүү болуусу башкы баалуулук экендигин ырастайт. Ал эми адепсиз чектен чыгуулар жаш үчүн гана эмес анын үй-бүлөсү, чөйрөсү жана коом үчүн

жамандыктын көрүнүшү. Азыркы илимдин көз карашы менен айтканда жаш адамдын жан дүйнөсүн дарылоону, калыбына келтирүүнү баса белгилешкен. Элибизде: “Майкана көрбөй бала оңолбойт” – дешет. Бул үй-бүлөнүн, ата-эненин тарбиясында болбосо ал адам катарына кире албайт деген мааниде. Ата-Журттун жорук-жосунун, салт санаасын үйрөнүп, анын тарбиясын көрбөй өссө, ал суук боор болуп, коомго татыктуу адам боло албайт деген маанини түшүндүрөт [105, 182-б.]

XVIII жана XX кылымдардын орто ченинде жашап өткөн “заманчы” акындар Калыгул Бай уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Арстанбек Буйлаш уулу жана элдик акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов), Барпы Алыкулов, Жеңижоктун дүйнөтаанымында да жаштар маселеси орун табат.

Арстанбек адам болмушу курак жагынан айырмаланарын айтып, жаштык кайра келбесин, карылыкка, сөзсүз, жол бошотоорун белгилейт. “Канча кайрат кылсаң да, кайрылбайт экен жыйырма жаш” [84, 181-б.] - дейт. Акындардын пикиринде адам акыл-ою, эс-тутуму жагынан айырмаланат. Калыгул адам акылы жөнүндө “Киши акылы кишен менен тушоо, Өз акылы өзөк менен тамыр” – деп айтат. Бул акылдын ролунун канчалык деңгээлде жогоркулугун айгинелеп турат.

Калыгул жаштарга «азамат» деген түшүнүктү колдонот. Алар эли үчүн кам көрөт, калкы жөнүндө ойлонот, кыйынчылыктан чыгуунун жолун табат, изденет. Талыкпай билим алуу зарылдыгын баса белгилейт да, Калыгул мындай дейт: “Жакшы чыккан азамат элин билет. Элин билген ал адам билим билет. Окуп, карап, ойлонуп, илим билет. Эчен түрдүү адамдын тилин билет” [84, 93-б.].

Кыргызда элдик акын катары таанылган Токтогул Сатылганов жаштык куракты өзгөчө кооз, кайталангыс баалуулук катары айтып, аларды “ойноп күлүп” алгыла, “ойной албай күлө албай, оюндун баркын биле албай калбагыла, жаштар!” – деп чакырат. Ал жаштарды “Бет келген жоодон качпастан, ишеничти актагын. Жаш кезинде жаркылдап, эмгегинден талбагын.

Кагыштырып калп айтып, көрүнгөн жерге барбагын" [247, 44-б.], – деп чакырат.

"Күлгүн жаш өтүп эскирет" деген ырында акын жаштык куракты "күлгүн жаш", "асыл жаш" деп, "кыл мурут кызыл бала" же "кыраңга бүткөн тал" сыяктуу өтө турганын белгилейт. Акын жаштык кайрылып келбестигин минтип ырдайт: "Күндө муңдуу күү чертип, чакырсаң келбейт жашчылык. Күрөк менен күмүштү, сапырсаң келбейт жашчылык" [247, 215-б.].

Тоголок Молдо "жыйырма менен отуз жаш – жигиттиктин дөөлөтү" деп, жаштарды өнөр билим менен инсан катары калыптануусун белгилейт. Себеби жаштык – "ташкындаган дайра", "ачылган кызыл гүл", "кыялы мас", "толгон айдай" толукшуган курак. Акындын көз карашында жаштык – курактык белгилер боюнча айырмаланат. Анын жаш адам катары көрүнүшү жаш курагында экендигин баса белгилейт. Аны бул ойлору учурдагы психология, антропология, медицина илимдериндеги жыйынтыктарга ылайык курактык жактан калыптанган мезгилге үндөшүп тургандыгы ачык айкын көрүнүп турат.

Кыргыздын классик акыны А.Осмоновдун пикиринде балалыктан кийин жаштык курак келет. Жаштык адамдын өзгөчө курагы экендигин акын "Дүйнөгө көз кароо" деген ырында минтип жазат: "Дүйнөдө адам болуп жаралмак бар, дөөлөт кең, жаштык качат, өмүрүң тар" [189, 78-б.]. Анын дүйнөтаанымында "өмүр тынымсыз кыймылдап, алга жылып, өзгөрүп" турат. Жаштыктын өтүшү кыймыл менен салыштырылат. Диалектикадагы кыймыл жана убакыт, анын алга карай гана жылып туруусу жөнүндөгү көз карашка ылайык, кыргыздын акыны да жаш курак улам кийинки мезгилге жол бошотоорун, ал бир ордунда турбастан улгайган мезгилге өтөөрүн белгилеп, мындай мыйзам-ченемдүүлүктү аңдап билүү зарылдыгын эскертет.

Жаштык тууралуу Ч.Айтматов минтип жазат: "Жаштар – турмуштун өнүп келе жаткан жаңы күчү, адамзаттын жаңыланган мууну, коомдун ар түркүн милдеттерин жана негизги идеяларын улантып, өнүктүрүп, келечекке алып кетүүчү канат-бутагы. Өмүрдөн өз ордун издеген ар бир жаш, менимче, өз

жолун, өз ролун мына ушундай тарыхый көз караш менен белгилеш керек” [7, 19-б.].

Жаштар маселеси заманбап Кыргызстанда четте калган жок. Ааламдашкан коомдо Кыргызстандын жаштары да философиялык изилдөөнүн предмети бойдон калууда. Мамлекет тарабынан жаштарды колдоо боюнча жаштар саясаты ишке ашырылууда. Жаштарга карата инновациялык көз караштар пайда болду. Жаш адамдарды колдоо, турмуштан ордун табуу боюнча атайын иш-чаралар мамлекеттик социалдык саясаттын бир багыты катары эсептелүүдө.

Эгемендүү Кыргызстандын жаштар маселесине карата стратегиялык өнүгүү концепциясын кабыл алып аны ишке ашырып келүүдө. Анткени жаштар жөнүндө кам көрүү бул келечекти түзүү, коомду өнүктүрүү дегендик. Ошондуктан кандай гана коом болбосун жаш муундарды баалоо жана социалдык жактан коргоо маселесине көңүл буруусу зарыл. Анткени жаштар өлкөнүн келечектеги өнүгүүсүнүн негизи. Демек, коомдогу жаштардын санынын салыштырмалуу көптүгү мамлекет тарабынан сөзсүз түрдө аларга көңүл буруусун талап кылат. Жаштар менен иштөө, алардын социалдык көйгөйлөрүн чечүү боюнча мамлекеттик уюмдар ишмердүүлүгүн жургүзүүдө. Эң башкысы – жаштарга заман талабына жана миң жылдыктын максаттарына ылайык билим жана тарбия берүү мамлекеттин стратегиялык багыттарынын негизгиси.

Демек, жаштык – адам жашоосунун бир мезгили, адам өмүрүнүн өзгөчө баалуу курактык доору. Адамдын дене түзүлүшү жагынан жетилип, интеллектуалдык өзгөчөлүгүнүн калыптанган учуру. Жаштык мезгилде адам кайраттуу, сулуу, көрктүү, келбеттүү, сымбаттуу. Жаштык – адамдын ар тараптан өнүгүүсүнүн мезгили, адамдыктын көрүнүшү, инсандыгынын калыптанышы.

Жаштар – жаш адамдардын тобу, ал курактык жактан, аткарган кызматы, жасаган иши менен өзгөчөлөнгөн социалдык-демографиялык биримдик. Алар

муундардын байланышын улантуучулар, материалдык жана руханий турмуштагы активдүү катышуучулар жана жаратуучулар.

Ошентип, кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүү диалектикасында жаштык, жаштар, жаш муундар маселеси ар дайым башкы темалардан болуп келген. Анткени алар жаңыны жараткан, жакшыны уланткан, сонундукту пайда кылган өзгөчө адамдардын тобу. Аларга карата коом өзгөчө мамиле жасап туура саясатты жүргүзүшү керек. Анткени жаштар коомдогу зор күч, ар тараптан колдоону талап кылган керектөөлөрү жогору активдүү катмар.

Бул бөлүм боюнча жыйынтыктар:

1. Кыргыз элинин руханий мурасындагы "Жаш-кары" дилеммасында жаштар активдүү, кыймылдуу, жаратман, улгайган аламдардын колдоочусу, толуктоочусу, ордун басуучу топ. Алар коомдогу материалдык байлыкты жараткан, демографиялык маселеге активдүү катышкан, улуу муундун жараткан мурасын андан ары улантуу жоопкерчилигин өзүнө алган социалдык-демографиялык топ. Ал эми улуулар (карылар) насаатчы, билим берүүчү, тарбиялоочу, нускоочу кызматты аткаргандар. Жаш менен улуу муундун карым-катнашы болмоюн коом алга жылбайт.

2. Кыргыздардын социомаданий салтына ылайык "жаштык" менен "карылык" адам болмушунун табигый көрүнүшүн чагылдыруучу курактык-демографиялык мүнөздөлүшүн чагылдырган философиялык категория. "Жаштык-карылык" аркылуу жаштыктын философиялык маани-маңызы ачылат. "Жаш-улуу муун", "улуу-кичүү" аркылуу жаш адамдын курактык өзөчөлүктөрү, коомдогу социалдык ролу, орду аныкталат. Жаш адам – бул жетилүүнүн баскычынан өткөн, инсандыгы калыптанган, коомдогу социалдык-маданий баалуулуктарды өздөштүрүү жана өнүктүрүү жолу менен кийинки муунга өткөрүп берүүгө жөндөмдүү жан. Жаштар – коомдук болмуштагы социалдык-демографиялык активдүү, жаратман топ.

3. Жаштык – курактык жактан өспүрүмдөр менен улуу муундун ортосундагы, адам өмүрүнүн ченинин бир бөлүгү. Социалдык-демографиялык жактан коомдо билим алууга, өз алдынча турмуш жолун курууга максат койгон, жашоосун

уюштуруу жөндөмүнө ээ болгон, кесиптик жактан тандоо мүмкүндүгүнө же кесиптик жактан өзүн көрсөтүүгө жөндөмдүү болгон кези (курагы) жана социалдык жоопкерчилик алган жана коомдун бардык тутумунда жана сфераларында Менин көрсөтүү учуру.

# БАП 3. ЗАМАНБАП СОЦИОМАДАНИЙ МЕЙКИНДИКТЕГИ ЖАШТАР

## 3.1. Ааламдашкан коомдун өнүгүү шартында жаштардын баалуулуктарга багытталышы

Заманбап реалдуулукту илимде маалыматтык коом катары мазмундук жактан анализ жасалып келүүдө. Адатта маалымат коому деген эмне? Ал качан башталды? Кандай белгилери бар? Эмнеси менен айырмаланат? деген сыяктуу суроолор пайда болот. Айрым учурда маалыматтык коом, постмодерн, постэкономикалык, ааламдашкан коом менен алмаштырышат.

Изилдөөчүлөрдүн пикиринде заманбап коомду интеллектуалдык же профессионалдык коом катары кароону туура көрүшөт. Анткени негизги өндүргүч күч катары “интеллектуалдар табы” эсептелет да, бийлик интеллектуалдык элитага таандык болот. Буларды америкалык социолог Д.Белл “меритократия” деп атаган жана постиндустриалдык коом “интеллектуалдук таптын келип чыгышын шарттайт, алар саясий деңгээлде консультанттар, эксперттер же технократтар катары чыгышат” [41, 546-б.]. Натыйжада адамдар билим деңгээли боюнча мүлктүк жактан жиктеле баштаган тенденция пайда болот. Ал эми экономист П.Друкенин пикиринде “билим кызматкерлери” коомдо көп санда болбосо да жетектөөчү тапка айланышты. Аларды Э.Тоффлер өзүнүн “Третья волна” деген эмгегинде “супериндустриалдык коом” деп атаган.

Маалыматтык коомдо негизги өндүрүш каражаты катары кызматкерлердин квалификациясы же билими эсептелип, жумушчу өнөктөш катары кабылданат, иш берүүчүдөн көз карандылыгы азаят. Натыйжада квалификациясы жок адамдарга болгон керектөө төмөндөйт да, жогору билими жок адамдарда оорчулук жаралат.

Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча роботтоштуруунун, автоматташтыруунун натыйжасында өнөр жайда эмгектенген жумушчулардын санынын кыскарышы жаралды. Ошол эле учурда менеджер, администратор сыяктуу кызмат оруңдары да кыскарууга дуушар болууда. Маалыматташкан ишкана-мекемелер кызмат акы аз өлчөмдө төлөнүүчү техникалык

кызматкерлерге гана муктаж болуп калууда. Ошол эле учурда маркетинг жана жарнама адистерине суроо-талап көбүрөөк боло баштайт. Натыйжада билимдин өзү жана билимдүү адис алдыңкы орунга чыгып, жогорку квалификациялуу, чыгармачыл акыл эмгеги талап кылынып калат.

Учурда ааламдашкан коомдун реалдуулугу, анын оң жана терс жактары тууралуу кайчы пикирлер бар. Ага карабастан социалдык болмуштун реалдуулугу маалыматташкан, санариптик технологиянын доорунда жашап жаткандыгыбызды ырастады. Мына ушундай шартта жаштар коомдо кандай орунду ээлеп турат, аларды эмне кызыктырат, максаты менен баалуулуктары кайсылар экендигине философиялык талдоо жасоо өтө маанилүү.

Маалыматтык коомдо жаштардын баалуулук багытталышы же “баалуулук ориентациясы” деген түшүнүккө маани берүү зарыл. “Баалуулук” дефинициясы социалдык философияда адам үчүн, маданий жактан шартталган туруктуу маанилүү, барктуу социалдык жакшылык катары болгон нерселерди билебиз. Баалуулук конструкциялар абстрактуу түрдө болуп, ар дайым эле аң сезимдүү түрдө кабылдана бербейт, бирок жашоодо максат коюуда, ага жетүүнүн жолдорун тандоодо таасирин тийгизет.

Баалуулуктар бир беткей эмес, ал көп баскычтуу жана динамикалуу. Бул тууралуу О.А.Шаваева мындай дейт: “На каждом этапе развития общества формируется своя иерархия ценностей, что выражается в ценностных ориентациях. Ценностные ориентации – это сознательные предпочтения или отвержения определенных способов поведения и удовлетворения потребностей. Они воздействуют на мотивацию поступков, мировоззрение людей. Семья остается для индивида одной из важнейших ценностей. Под ценностями понимается свойство общественного предмета удовлетворять определенные потребности человека, группы, общества” [327 http://ej.kubagro.ru/2014/02/pdf/22.pdf].

Баалуулук ориентациясы же баалуулуктарга багытталуусу – инсандын негизги жашоо-турмуштук принциптеринин көрүнүшү, дүйнөкараштык

позицияларынын багытталышы, адеп-ахлактык, эстетикалык-руханий көз караштарынын калыптанышы жана ага жараша жашоосун уюштуруусу.

Баалуулуктарга багытталуу – адамдын реалдуулукка карата мамилесинин пайда болушу жана ага ылайык жүрүм-турумунун, иш-аракеттеринин жүрүшү. Жашоодо, турмушта адам үчүн негизги, башкы жана баалуу болгон реалдуулукка жетүү, сонун жана жакшынакай деп эсептелген идеалга умтулуу жана ага ылайык өзүн багыттоо.

Жаштардын баалуулуктарга багытталуусу – бул улан-кыздардын дүйнөтаанымынын калыптанышы, аларда негизги ишенимдердин, принциптердин, көз караштарынын турукташуусу жана социалдык жактан жетилүү жолунда баалуу, кымбат, асыл деп билингендерге жетүүгө карата багытталган ишмердүүлүгү. Жаш адамдардын социалдашуусу коомдук баалуулуктарга ориентация кылуусу менен коштолот.

Социалдык баалуулуктардын ичинен үй-бүлө эң башкы, маанилүү баалуулук болуп эсептелет. Жаш адамдын калыптануусунун жана өсүп жетилүүсүнүн башкы институту – үй-бүлө. Үй-бүлөдөгү жашоо образы, ата-энелери менен тил табышуу, улуу муундагыларды үлгү катары кароо жаштар үчүн эң маанилүү тарбиялоонун негизи. Өспүрүмдөрдө жоопкерчилик, эмгекке болгон сүйүү, сабырдуулук жана башка сапаттарды калыптандыруу үй-бүлөдөн башталат.

Коомдун өнүгүүсү менен баалуулуктардын тутуму, анын маани-маңызы да өзгөрүүсү мыйзам-ченемдүү. Советтик доордогу баалуулуктар, учурда башка баалуулуктар менен алмашты жана өзгөрүүгө дуушар болду. Үй-бүлө баалуулуктары да коомдун өзгөрүүсүнө жараша трансформацияланып, “ата-бала”, “эне-бала” карым катнашында, үй-бүлөнү пландаштырууда, репродуктивдүү кайра өндүрүүдө, балдарды тарбиялоодо ата-эненин ролунун маани-маңызы башка мазмунга өттү. Заманбап үй-бүлөнүн социалдык болмушу маалыматташтыруу, санариптештирүү менен тыгыз байланышта эволюцияланып, салттуу тутумдан, салттуудан кийинки этабына өтүп жатат. Үй-бүлөдө ата-эне менен балдардын карым-катнашында көбүрөөк өз

алдынчалык, баланын салттуулукка эмес инновацияларга басым жасап, сырткы социалдык болмуштун таасири жогору экендигин тастыктады.

Бирок ага карабастан үй-бүлөнүн өзү баалуулук катары сакталып калды. Үй-бүлөнүн болушу, анын коомдогу социалдык институт катары кызмат аткаруусу – заманбап коомдогу баалуулуктар иерархиясынын эң жогоркусу. Аталык менен энелик милдеттин аткарылышы, башкача айтканда алардын балдарды дүйнөгө алып келип, тарбиялап, билим берип, коомго киргүүсүнө мүмкүндүк ачышы – заманбап коомдогу баа жеткис баалуулук.

Ал эми Э.Дюркгейм үй-бүлө баалуулуктарын изилдеп, нормалар жана баалуулуктар ар кандай социалдык тутумдун, анын ичинде үй-бүлөнүн реалдуулугун камсыз кылып турарын айтат. Бирок заманбап коомдо үй-бүлөнүн баалуулук катары сакталып турушуна тескери таасирин тийгизген тенденциялар орун алды. Бул үй-бүлөнүн коомдун алгачкы ячейкасы деген маанисине коошпогондой кубулуштар пайда болду. Мындай таасирлерди Э.Дюргейм “аномия” деген түшүнүк менен белгилейт. Анын пикиринде “аномия – жеке жүрүм-турумду туруктуу моралдык жөнгө салуунун жоктугунан улам, эски баалуулуктар али аракеттенип турган жана жаңылары бекем орной элек коомдун абалынын көрүнүшү” [74, 239-б.]. Ал баалуулуктар системасында экономикалык, нравалык, диний, эстетикалык жана метафизикалык баалуулуктар айырмаланарын көрсөтөт. Биздин пикирибизде булардын баары үй-бүлө баалуулуктарынын контекстинде каралуусу абзел. Анткени үй-бүлөдө материалдык баалуулуктар, адеп-ахлак, диний жана эстетикалык баалуулуктар жаш адамды, үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоонун, калыптандыруунун базистик түзүмү. Белгилүү Окумуштуу П.Сорокин коомдогу кризистин себебин үй-бүлөдөн көрөт. Аталык жана энелик онтологиялык маани маңызында салттуулуктан кийинки доорго өттү. Өз ара карым катнаштын ыйыктыгы, улууларга болгон сыйынуучулук сыяктуу баалуулуктар четке чыга баштады

Учурда үй-бүлө жаш адамдарга үй-бүлөлүк жашоо максаттарын, чогуу жашоону уюштуруу жолдорун, үй-бүлөдөгү баалуулуктарды сактоону жана

улантууну мурастаган социалдык институт бойдон калуусу өтө маанилүү. Үй-бүлө баалуулуктары жалпы адамзаттык баалуулуктардан келип чыгат жана жашоону барктоого, ден соолукту сактоого, саламаттыгы үчүн кам көрүүгө, жеке ар намысын, ариетин коргоого үйрөтөт. Үй-бүлөдө карым-катнаштын маани-маңызы, жеке эркиндиги, чындыкка, бакытка, адеп-ахлакка болгон умтулуулары аныкталат. Адилеттикти, чынчылдыкты, сабырдуулукту калыптандыруу үй-бүлөдө коомдун жана жалпы адамзаттын талаптарына ылайык жүрөт.

Үй-бүлөлүк жашоо жана анда балдарды дүйнөгө алып келүү, тарбиялоону салт-санаага, элдик наркка, коомдун талаптарына ылайык жүргүзүү, руханий-адептик сапаттарды калыптандыруу, бири бирине сүйүү жана урматтоо менен мамиле жасоо, руханий жан дүйнөсүн байытуу – үй-бүлө баалуулугу. Буларды балага жаш кезинен берүү ата-эненин милдети экендигин заманбап үй-бүлө аңдап билип, социалдык кызматын аткаруусу зарыл. Жаш адамдар да ушул баалуулуктарга ээ болуп үй-бүлө куруууга багыт алса, анда коомдун талабына шайкеш келген үй-бүлө баалуулугун уланткан адам болору шексиз. Нике-үй-бүлө-наристе диалектикалык байланышы негизги тезистик парадигма экендигин жаштардын дүйнөтаанымында калыптандыруу үй-бүлөнүн, коомдун алдында турган милдет деп айтууга болот.

Никеге туруу – ар бир адамдын болмушундагы баалуулук; ал аркылуу адам реалдуулугунун ырааттулугу көрүнөт. Өзүнүн жеке турмушун жакын адамы – никеге турган жубайы менен жашоо өткөрүү жаш адамдын болмушундагы башкы баалуулук болуп калуусу өтө маанилүү. Никеге туруу аркылуу үй-бүлөнү бекемдөө, анда баланы жарык дүйнөгө алып келип жашоо тартуулоо ар бир адамдын бул дүйнөдөгү парзы экендигин ар бир жаш адам туюп сезүүсү зарыл.

Нике жана репродуктивдик баалуулуктарга карата жаштар арасында көз караштар өзгөрө баштады. Үй-бүлөдө балдардын санынын азайып баратышы, нике курагынын кийинкиге жылдырылышы, никеге тургандардын наристелүү болууну артка калтырышы сыяктуу тенденциялар жогорулоодо. Расмий

катталбаган үй-бүлөлөрдүн саны көбөйүүдө жана өнөктөш катары жашоого басым жасаган жаштардын саны өсүп жатканына күбө болууга болот. Ошол эле учурда үй-бүлө курган жаштардын ажырашуусу да жогору экендигин акыркы статистикалык маалыматтар тастыктоодо. Эгерде Советтер Союзу учурунда, тагыраагы 1990-жылы 1000 адамга 8,9 никеге тургандар жана 3,8 ажырашуулар болсо, 2019-жылы советтик социалисттик республикалар катары эсептелген өлкөлөрдүн кээ бирлеринде 6,5 нике жана 4,2 ажырашуу кездешет. Статистика көрсөтүп тургандай, бул жагдайга көбүнчө жаш адамдар кабылат. Жаштардын көпчүлүгү никесиз эле өнөктөш катары жашоону каалашат. Бул биздин мамлекетте үй-бүлө куруу боюнча баалуулук төмөндөп кетти дегендикке жатпайт, ал жаш адамдардын баалуулук императивдери катары кала берүүдө. Жаш адамдар өздөрүнүн ата-энелерине, үй-бүлөсүнө болгон таандыктуулугун туюп-сезүүсү жогору болуусу маанилүү. Бул кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүүсүндө байыртан бери сакталып келген жогорку баалуулук катары кабылданып келген. А.К.Искендерова белгилеп кеткендей: “Кыргыз үй-бүлөсүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири – жаш үй-бүлөнүн сөзсүз түрдө ата-энелери же башка туугандары менен чогуу турушу. Бул ата-энеге болгон сый-урматты, ызаатты гана билдирбестен, үй-бүлөдөгү улуу муундар менен жаш муундардын жана башка курактагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилени чыңдоого, бекемдөөгө багытталган” [305, 102-103-бб.] Учурда жогорку билим алып жаткан курагында же өз алдынча үй-бүлө курган алгачкы жылдары жаштар ата-энесине кайрылып, жардам күткөн жагдайлар жок эмес. Муну үй-бүлө баалуулугунун сакталып турушунун жана жаш муунду тарбиялоонун социалдык институту бойдон калууда деп айта алабыз.

Ата-энесинин үй-бүлөсү – жаш адамдын материалдык жактан гана көз карандылыгын камсыздабастан социалдык-психологиялык жана моралдык колдоонун очогу. Анткени ата-энесинин үй-бүлөсү жаш адамдын социумдагы түрдүү катаалдыктар менен күтүлбөгөн тоскоолдуктардан коргонуусунун жайы. Кандайдыр бир туңгуюкка кептелген учурда андан чыгуунун, кыйынчылыкка дуушар болгондо жеңилдик алып келүүнүн, коркунуч пайда

болгондо коргоонун очогу. Үй-бүлө жаштардын максатсыз, пландалбаган стихиялуу жашоо образын жүргүзүп, күнүмдүк, утурумдук менен гана жашаган жаштарга багыт берүүчү социалдык институт.

Салттуу түрдө жакын туугандар, кошуналар менен карым-катнаш аркылуу белгилүү бир деңгээлде таасир алган жаштар, учурда виртуалдык дүйнөнүн таасиринен улам маалыматтык-технологиянын таасирине кабылып, обочолонуп, жалгыздап жашоосу көбүрөөк байкала баштады. Өткөн кылымдын 90-жылдарындагы жаштар өзүн сактап калуу абалына туш болсо, XXI кылымдагы жаштар коомдук социалдык-экономикалык өсүшүнөн жана калктын бакубатчылык деңгээлинин жогорулашынан улам өзүн-өзү өнүктүрүү жолуна түштү. Жаштар үчүн үй-бүлө жана ата-эне ийгиликке жетүүнүн бирден бир жолу бойдон калууда. Үй-бүлөнү, ата-энени жана балдарды колдоонун мамлекеттик программалары үй-бүлө баалуулуктарын сактап калууга, ата-бала жана эне-бала карым катнашынын бекем жана тыгыз болуусуна жана өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө. Балалыктын үй-бүлөнүн кучагында өтүүсү, жаш адам үй-бүлө аркылуу социалдашууга багыт алуусу – эң чоң баалуулук. Ошондуктан ар кандай коом жаш адамдын калыптануусунда үй-бүлөнүн ролунун өтө жогору экендигин көрсөтөт. Анткени, үй-бүлөдө материалдык жактан камсыз болуп, руханий жактан таалим-тарбия алган өспүрүм келекчекте жоопкерчиликтүү инсан, өзү да ата-эне милдетин аткаруучу боло тургандыгын сезе алган деңгээлге жете алат. Ошондуктан үй-бүлөдө ата-эненин өз милдеттеринин аткарылышы балдарынын келечектеги инсан катары калыптануусунун негизи. Үй-бүлөдөгү атасы экономикалык жактан гана маселени чечүүгө катышпастан балдарга болгон жылуу маанай, аларды сүйүү, жакын адамы катары алар менен тыгыз карым-катнашта ишенимдүү колдоочу экендигин көрсөтө алуусу үй-бүлөнүн бекем болуусунун ачкычы. Ал эми энеси балдарынын мээримдүү, бири-бири менен өтө жакын мамиледе болуусунун себепкери. Бирок, үй-бүлөнүн материалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендигинен улам ата-эне ар дайым жаш бала талап кылган мээрим менен камкордукту, идеалдуулукту бере албаган жагдайлар бар.

Ошондуктан, аталыкты жана энеликти аткаруу ар бир жаш адамдын милдети катары багыт алуусу чоң баалуулук. Аталык милдетти аткаруу аркылуу өзүнө жоопкерчиликти алган адам экендигин туюп сезет. Энеликти моюнга алган жаш аял мээримдүүлүк менен сабырдуулуктун жогорку сапаттарын көрсөткөн инсан болууга умтулуусу да жогорку баалуулук катары болот.

Учурда салттуу эмес тенденциялардын орун алышынан улам үй-бүлөдөгү салттуу баалуулуктар экинчи планга чыгууда. Жаштар вариативдүү үй-бүлө мамилелерин колдогон дүйнөдө жашап жатышат. Моно ата-энелик үй-бүлө, кеңейтилген үй-бүлө сыяктуу үй-бүлө моделдеринин орун алышы салттуу үй-бүлө баалуулуктарынын, идеалдуу үй-бүлө образынын көлөкөдө калуусуна алып келүүдө. Бул тенденциялардан улам жаштар арасында үй-бүлө күтпөстөн, никеге турбастан эле жалгыз, өз алдынча жашоону каалагандардын саны өсүүдө.

Демек, коомдун модернизациялануусу, үй-бүлө баалуулуктарынын да өзгөрүүгө учурап, трансформациялануусуна алып келди. Бул тууралуу А.К.Искендерова минтип жазат: “Ааламдашуу шартында жаш муундардын талаптары, кызыкчылыктары ар кылдуу, ар тараптуу болгондуктан кандай гана жагдай болбосун учурдагы өз проблемаларын өздөрү жеке, өз алдынча чечүүгө умтулушат. Натыйжада, чоң-ата, чоң-энелердин гана таасири эмес, өз ата-энелеринин таасири да төмөндөп, жаштар өз алдынчалыкка, азыркы мезгилге шайкеш жашоо образын табууга багытталды. Жаш муундардын жашоо-турмушка болгон көз караштары өзгөрүп, керектүү маалыматтарды, кеп-кеңештерди көбүнчө интернет булактарынан, массалык маалымат каражаттарынан жана айрым атайын теле берүүлөрдөн алып, улуу муундардын ой-пикирлерине, аларды колдонууга анча деле зарылчылык болбой калгандай көрүнөт” [305, 121-б.]. Коомдун ушундай трансформациялануу шартында жаштардын билим алууга умтулууларын алдыңкы планга чыгарды. Билим алууга багыттоо үй-бүлөнүн негизги милдети экендиги аңдалып билинди жана билимдин өзү баалуулук экендигин көрсөттү.

Советтик коомдогу коллективизм, Батыштын индивидуализмине жол бошотуп жаткан тенденция көбүрөөк жаштарда байкалат. Жаштар жамааттык типтеги маданияттан индивидуалдык типтеги маданиятка өтүү процессине катышууда. Жаштарда коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгынан өзүнүкүн жогору коюу жана ийгиликке жетүү баалуулук катары үстөмдүк кылат. Ошондуктан учурда үй-бүлөнүн ролун жогорулатуу, салттуулукту, иденттүүлүктү жаштарда калыптандыруу ролун үй-бүлө аткаруусу зарыл.

Жумуш менен камсыз болуу жаш адамдын болмушундагы негизги жана маанилүү баалуулуктардан. Учурда жаштар эмгек рыногунда негизги фигура болуп эсептелет. Калктын демографиялык жактан өсүү темпинин төмөндөшү – жаштардын баалуулук ориентациясынын өзгөрүүсүнүн далили. Жаштардын эмгек рыногуна кирүүсү эрте жашынан эле башталууда. Көпчүлүгү окуу менен ишти айкалыштырышат. Жогорку окуу жайында окуп жатып студенттердин иштеши реалдуулук катары аң сезимде орун алды. Жаш курактагы өспүрүмдөрдүн эмгекке тартылышы тууралуу маселе эки жактуу каралып келүүдө. Биринчиден, өспүрүмдөрдүн үй жумуштарына, үй чарбачылыгындагы иштерге катышуусу инсан катары калыптануусунда оң мааниге ээ экендиги белгилүү болсо, экинчиден, өспүрүм курактагы мажбурланган эмгек коомдогу социалдык көйгөй болуп калды.

Өз каалоосуна ылайык жумуш менен камсыз болуу жаш адамдын ийгилигинин бир көрүнүшү жана ал жетишкен баалуулук. Анткени бул социалдык-экономикалык кубулуш катары жаш адамдын коомдук-пайдалуу болгон ишмердүүлүгү аркылуу жеке жана коомдук керектөөлөрүн канаттандырат жана андан киреше алат, коомдогу материалдык жана руханий баалуулуктарды өндүрүүгө катышат. Эмгек аркылуу адам өзүн көрсөтөт, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында анын канааттануусунун деңгээлин чагылдырат.

Заманбап коомдогу жаштар эмгек жана эмгектенүүнүн зарылдыгын аңдап билүүсү өтө маанилүү. Ар бир жаш адам өзүнүн каалоосуна жараша эмгектин түрүн тандоого жана ишмердүүлүк жүргүзүүгө мүмкүндүгү бар экендигин

билет. Эмгектенүү аркылуу ал өзүн реализациялайт. Окуп-билим алуу, үй жумуштарына жардам берүү жаш өспүрүмдө адатка айлануусу маанилүү. Жаш курактагы билим – келечектеги кесипке ээ болуунун мезгили. Улан-кыздар орто же жогорку кесиптик билимге ээ болуусу үчүн окуусу жана билим алуусу – эмгектенүүнүн бир формасы. Жаштар эмгектенүүнүн жолун да тандап алуу мүмкүндүгүнө ээ. Өз каалоосу боюнча акыл же күч эмгегин талап кылган жумушка орношуп иштей алат. Эмгектенүүнүн экономикалык, социалдык жана юридикалык чөйрөсүн тандоо мүмкүнчүлүгү да бар.

Жаштардагы дагы бир мүмкүндүк – жөндөмдүүлүктөрүн өндүрүш чөйрөсүндө же чыгармачылык жаатта көрсөтүүнүн формасына жана кайсы жерде көрсөтүүнүн ордун тандоо варианттарынын болушу. Ушундан улам заманбап жаштар өздөрүнүн эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн өз өлкөсүндө же андан сырткары аймакта өзүнүн тандоосун көрсөтө алат.

Ошондуктан, эмгектенүү – бул жаш адамдын каалоосу менен керектөөсүнүн айкалышкандыгынын көрүнүшү; анын чыгармачылыгынын, интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүнүн же физикалык эмгек ишмердүүлүгүнүн реализацияланyуусу.

Жаштар эмгектенүүнү зарылдык деп билишет; ал адамдын материалдык жана руханий керектөөлөрүн канааттандыруунун жолу. Адам катары жашап турушу үчүн тамактануусу, ден соолугуна кам көрүүсү, карым-катнашка баруусу зарыл экендигин аңдап билет. Ал керектөөлөрүн канаттандырбаса адам катары, инсан катары бар болуп тура албайт. Демек, эмгектенүү – адам болмушунун зарылдыгы, анын бар болушун аныктоочу маанилүү, зарыл болгон ишмердүүлүгүнүн базистик негизи. Эмгектенүүдө анын жолун жана формасын айырмалоо зарыл.

Эмгектенүүнүн жолу – адам тандап алган мүмкүндүк, аны өзү гана аныктай алат жана келечектеги жашоосун уюштурууга, ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө болгон мейкиндик менен убакыттагы реалдуулугу.

Эмгектенүүнүн формасы – инсан тандаган акыл же күч эмгегинин аракети, ал каалоосу же тандоосу боюнча чыгармачыл ишмердүүлүк кылуусу же күч эмгегин жумшап материалдык байлыктарды өндүрүүгө өзүн багыттоосу.

Эмгектенүү аркылуу адам максатына жетет, жашоонун маңызын түшүнөт; процесс катары адамдын реалдуу жашап турушундагы образы жана адаты катары боло турганын түшүнөт.

Коомдогу өзгөрүүлөргө даяр болуусу, жаңы жумуш орундарына ыңгайлашуусу, эмгек рыногунун талаптарына ылайык өзгөрүүлөргө баруусу, келип чыккан карама-каршылыктарга туруштук бере билүүсү жаштарды өзүн-өзү өнүктүрүү зарылдыгын аңдап билүүгө алып келди. Бул жагдай алардын тез эле ыңгайлашууга баруусун талап кылууда. Ошол эле учурда жаштардын жумуш менен камсыз болуусунун оң жактары катары алардын заман талабына жараша инновациялык технологияларды жакшы өздөштүрүүсү. Алар улуу муундагылар үчүн новацияларды алып жүрүүчү жана ишке киргизүүчү болуп саналат. Мындан сырткары жакынкы жылдары болгон пандемияда жаштар обочолонгон тартиптеги (удаленнный режим) жумуш менен алектенүүдө өздөрүнүн билермандыгын көрсөттү. Жаштар башкаруучудан, иш берүүчүдөн азыраак көз каранды болгонду каалашат жана өз алдынча жаңычылдыкты киргизүүгө көбүрөөк аракет жасашат. Кезегинде орус окумуштуусу И.Кон бул тууралуу төмөндөгүчө жазат: “Человек, чъя деятельность более автономна, свободна от постоянного контроля, лучше осознает внутренний смысл и социальную ценность своего труда. Напротив, жесткий внешний контроль вызывает у работника чувство бессилия, что сказывается на его мировоззрения, а иногда вызывает нервно-психические расстройства. Чем меньше трудовая самостоятельность индивида, тем больше он склонен и в других сферах жизнедеятельности ориентироваться на внешние авторитеты, считать окружающий мир враждебным и тем вероятнее появление у него эмоциональных расстройств” [118, 44-б.]

Заманбап реалдуулук инновациялык технологияны жакшы өздөштүргөн муун экендигин тастыктады. Жаш адамдар – ийкемдүү, ар кандай новацияларга

өтө тез барып, өзгөрүүгө бат кирүүчү коомдун социалдык катмары. Маалыматты алуу, алмашуу, пикир билдирүү боюнча жаш адамдар активдүү тайманбас калк экендигин ырастады. Санарип технология жаатында эмгектенүүгө ынтызар жаштардын көп экендиги, бирок алар үчүн жумуш орундары ар дайым эле боло бербестиги белгилүү.

Ал эми биздин республикада жаштар жумуш менен камсыз болууда туруктуу жумуш орундарына ээ эмес. Айрыкча жаштар убактылуу же толук эмес жумуш орундарында эмгектенет. Алар тейлөө тармагы, ар кандай кызмат көрсөтүү чөйрөсү. Жаштар үчүн актуалдуу болгон эмгек рыногунда иш менен камсыз кылуунун жаңы формаларын камсыздоо зарыл. Бүгүнкү күндө обочолонгон режимде алектенүү жана атайын штатта турбастан эле (фрилансер) эмгектенүү жаштар үчүн өтө ыңгайлуу. Фриланс кызмат көрсөтүүнүн белгилүү формалары – буйрутмаларды аткаруу, биржаларда кызмат көрсөтүү жаштарды көбүрөөк өзүнө тартат. Себеби бул көз карандылыкты азайтат жана көбүрөөк эркин болот. Жаштар ушундай эмгек менен камсыз болууну жактырышат, анткени көбү жогорку же орто кесиптик окуу жайларынын студенттери болуп саналган жагдайлар көп кездешет. Жогорку окуу жайында окуп, иштеген жаштардын саны 2000-жылдардын башына салыштырып караганда үч эс өскөн. Бул жаштардын кошумча каражат издөөсү, өзүн-өзү өнүктүрүүсү, материалдык жактан үй-бүлөсүнө көз каранды болбоого умтулуусунун далили. Мындай жагдай жаштардын үй-бүлө курууну же никеге туруусун кийинкиге жылдырууга алып келүүдө. Жаштар биринчи кезекте экономикалык жактан көз каранды эместикке жетишүүгө, туруктуу жумуш орундарына ээ болууга, карьералык жактан өсүүгө көбүрөөк басым жасашат. Мындай мүмкүнчүлүккө жетишүүнүн жолу – жогорку билимге ээ болуу. Анткени жогорку окуу жайы жаштардын кесиптик жана инсандык жактан калыптануусунун мектеби. Бул тууралуу С.И.Иконникова мындай дейт: “Годы пребывания в вузе являются серьезным и важным этапом становления личности молодого человека. В этот период раскрываются потенциальные способности и задатки, проявляются таланты, совершенствуется интеллект,

расширяется круг познания, приобретается профессия. Подготовка специалиста, отвечающего требованиям не только сегодняшнего уровня развития науки, но и способного к решению задач будущего – основная цель высшей школы" [90, 107-б.]

Жаштардын жогорку деңгээлдеги ийкемдүүлүгү жана тез адаптация болушу, кесиптик жактан эрте жетилиши алардын биологиялык жана социалдык жактан жетилүүсүндөгү ажырымды (социалдык инфантилизация) пайда кылууда. Дагы бир жагдай жогорку окуу жайын аяктагандан кийин алар күткөн эмгек акыга ээ болбогондугу. Бул алардын миграциянын активдүү катышуучусу болууга алып келүүдө. Жаңы муундагы жаштар социалдашуунун жана инфантилизациянын кеч болуусун каалашат. Комфорттук чөйрө, жетекчинин жумшак жана өтө катуу талап кылбоосу, өзүн өнүктүрүүгө жагымдуу жагдайдын болушун каалашат. Ал эми коом болсо жаш адамдарды келечектеги интеллектиси жогору, өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүнө өз салымын кошкон инсандар катары болуусун көздөйт. Э.М.Эркебаев жаштарга карата: "Билим алууга умтулуу, кадыр-барктуу кесипке ээ болууга аракет жасоо, чыгармачыл эмгекте өзүн реализациялоо, өз алдынча койгон белгилүү максаттарга умтулуу, жеке өзүнүн күчүнө жана ийгиликке жетишине ишеним сыяктуу сапаттар жаштарга келечектин потенциалдуу субъектиси катары болгон ишенимди артат" - [317, 114-б.] деген пикирин билдирет.

Жашоодо, турмушта ийгиликке жетишүү – чоң баалуулук. Ийгилик – улан-кыздар үчүн жашоонун жакшынакай, сонун болуп көрүнүшү. Ийгилик – үй-бүлөлүк жана жеке жашоосундагы максатынын ишке ашышы, материалдык жана руханий жактан керектөөлөрүнүн канааттандырылышы.

Ийгилик – жаштардын турмуштук алдыга койгон максаты; анын жеке иш аракеттеринин натыйжасынын индикатору; жашоонун, өмүрдүн багытталышы. Аны жашоонун маңызы менен жакын социалдык баалуулук катары мүнөздөшөт. К.Ясперс адамдын иштей турган жумушу болгондугу үчүн гана адам болуп көрүнө тургандыгын жазат. Ошондуктан адамдын маңызы жана

анын багытталышы өзүн жана турмушун өзгөртүүгө болгон ишмердигинин жүрүшүнөн көрүнөт. Ийгилик жашоонун маңызын аңдап билүүдөн, койгон максатты ишке ашыруудан, ишке ашкан максаттын натыйжасынан көз каранды.

К.Ясперстин пикири боюнча максат коюу аркылуу жашоонун маңызы көрүнөт да, максаттын жогорку деңгээлдеги чагылышы катары болот. Ийгилик жана жашоонун маңызы бири бири менен байланышта болуп, бири бирин аныктап турат. Ал адам ишмердик кылганы үчүн гана бар боло турганын белгилеп, анын жашоосунун маңызы жана багытталышы ишмердиктен көрүнөөрүн, иши аркылуу гана өздүгүн көрсөтөөрүн айткан [292, 45-б.]. Андыктан жаш адамдын Менин иши жана максат коюп ага жетүүгө болгон аракети, өзүн жана чөйрөсүн өзгөртүүсү аныктайт. Ийгилик – жашоонун маңызын билүүдөн, өмүрдүн өтмөлүгү жөнүндөгү маселени таануудан көз каранды. Ал максатка жетүүгө болгон багыты жана ийгиликке жетүү үчүн тынымсыз аракетте болуусу.

Бул маселелер “жашоодогу максаты” жана “жашоонун маңызы” деген түшүнүктөр аркылуу маани-маңызы кеңири ачылат. Булар бири бири менен тыгыз байланышкан, мааниси жагынан өтө жакын. Жашоонун маңызы максат коюну аныктайт, бирок аларды окшоштурууга да болбойт. Айырмачылыктары жашоонун маңызын түшүндүрүүдө эле байкалат “Жашоонун маңызы эмнеде?” деген суроону бардык философтор же философияга кызыккандар жана жөн гана бул маселенин алкагында ой жүгүрткөндөр коюп келишкен. Л.Н.Коган “жашоонун маңызы” түшүнүгүн философиялык категория катары белгилеп минтип жазат: «Смысл жизни – это философская категория, отражающая долговременную, устойчивую, ставшую внутренним убеждением личности, имеющую общественную и личную задачу, реализующуюся в ее социальной деятельности» [115, 23-б.].

Адам жашоосунун маңызы эмгектенүү, ишмердүүлүк аркылуу маанисин табат. Жаштар ийгиликти финансылык жактан жетишкендик, сүйүктүү жумуш менен алектенүү, өзүн-өзү реализациялоо, эркиндикке ээ болуу катары эсептешет. Жашоодон канаттануу, кубануу жаш адамдын ийгилигинин

көрүнүшү. Өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүндүгүн аңдап билүү, каалоосу боюнча активдүү, кызыгуусу боюнча чыгармачылыкта болуу ийгиликтин ачкычы.

Бакытка жетүү да ийгиликтин көрүнүшү. Бакыт жана бактылуулук жаштардын жашоо образындагы башкы баалуулук. Жаштарды эмне үчүн жана кайсы максатта жашап жаткандыгын сураганда, ар дайым бактылуу болуш үчүн жашап жаткандыгын билдиришет. Бул бир жагынан туура, анткени адамдын өзүн бактылуу сезүүсү, каалаган тилек-максатына жетүүсү жашоонун маңызы катары бааланат. Экинчиден, бактылуу болуу – бул эмгек, тынымсыз жасаган ишмердүүлүк гана бакыттын кепилдиги боло алат. Бакыт тууралуу Жусуп Баласагын бабабыз: "Бакытка сен ишенбе, ал алмашат, Көрүнөт, бирок дароо бат жоголот" [36, 98-б.] - деп айтат. Демек, бактылуу болуу адамдын өзүнө гана байланыштуу баалуулук. Ал жасаган ишине, тынымсыз эмгегине, акыл-эстүү, ыймандуу жүрүм-турумуна көз каранды. Адам качан бактылуу боло алат? Алдына койгон максатына жеткенде, жашоосу жаркын маанайлар менен коштолуп, кубануу, сүйүнүү реалдуу болгондо бактылуумун деп айтат. Жусуп Баласагын айткандай бул кубулуш көпкө турбайт, анткени адам дагы башка ийгиликке жетүүнү, каалоолорун канаттандырууну көздөйт. Кезегинде бул да адамдын өзүнө жаңы талаптарды коет. Алар дагы кийинки максаттарды ишке ашыруу, өзүн-өзү өнүктүрүү, акыл-билимин реализациялоо, же дагы башка таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу дегендик. Ошондо гана адам улам жаңы ийгиликке, бакытка жетет. Заманбап коомдогу жаштар ушул диалектикалык жактан шартталган себеп-натыйжалык байланышты билүүсү аркылуу бакытка жетүүнүн жана бактылуу болуунун философиясын билүүсү зарыл.

Ден соолугуна кам көрүү жалпы адамзаттын жашап турушундагы негизги жана жогорку баалуулук. Жаш адам ар дайым ден соолуктун, саламаттыктын чагылышы катары болуп келген. Жаштар дени сак, күч-кубаттуу, дене түзүлүшү жагынан калыптанган, жан дүйнөсү таза жана саламаттыгы жагынан кайрат-күчүн тез калыбына келтирүүчү жандар. Жаш адамдын ден соолугуна

кам көрүүсү, аны баалуулук катары кароосу, келечектеги бакубат өмүр сүрүүсүнүн негизи.

Адамдын ден соолугуна кам көрүүнүн жалпы маданиятын жогорулатуу глобалдык тенденция болуп саналат. Жаштар дайыма алга карай багыт алып, ден соолук жана жыргалчылык үчүн умтулган социалдык топ. Жаш адамдын ден соолугунун чың жана бакубат болушу анын жашоо образына байланыштуу; сергек жашоо образында болуу, спорт менен алектенүү, туура тамактануу жана психикалык жактан өзүн бузууга жол бербөө сыяктуу маселени биринчи орунга коюп, чылым, алкоголдук ичимдиктерден алыс болуусу маанилүү.

Ден соолук – бул адамдын дене түзүлүшүнүн кыймыл аракетинин талаптагыдай болушу, табият кандай тартуулаган болсо, ошондой абалда дене түзүлүшүнүн кыймылынын жүрүшү, ички жана сырткы кубулуштардын таасирине туруштук берүү аркылуу өз ченеминде жана формасында болуусу.

Ден соолук философиялык маселе катары байыркы доорлордо кызыгууну жаратып, ой жүгүртүүнүн предмети катары болгон Гиппократ ден соолук тууралуу оюн билдирип, ал тууралуу адамдын күчү менен денеси карым-катнашта болгондо жана ыраатуулук сакталганда ченемге ээ боло тургандыгын айтат.
[329
https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%93%D0%B8%D0%BF%D0%BF%D0%BE%D0%BA%D1%80%D0%B0%D1%82].

Ден соолук – оорудан сапаттык жактан айырмаланган, жалпы жана табияттан кандай берилсе, ошондой абалда болуу. Жаштарга ошол табият берген абалда ден соолугуна кам көрүүнү үйрөтүү эрте куракта эле баштоо зарылдыгын илимдин көп тармагы эскертет. Дене тарбиясы аркылуу ден соолукту сактоо, жеке өзүнүн саламаттыгына кам көрүү узак өмүр сүрүүгө түрткү берээрин учурдагы валеология жана санология илимдери эскертет. Айрыкча COVID-19 пандемиясынын учурунда бул ар бир адамды жеке өзүнүн ден соолугу үчүн кам көрүүнү актуалдаштырды. Ошондой эле пандемия шартында коомдук саламаттыкты сактоо жалпы элдин ден соолугу үчүн

камкордук экендигин ырастады. Медицина сергек жашоо образын адамдын узак жана дени сак жашоосунун негизи экендигин эскертет. Адамдын ден соолугуна кам көрүүсүнүн жолу – жашоо образы. Ал сергек жашоого багытталышын медицина гана эмес, адамды тарбиялоого жана калыптандырууга багытталгандыгын башка бардык илимдер да белгилейт. Сергек жашоо – бул ден соолукту сактоо жана адамдын дене түзүлүшү жана руханий жактан шайкештиги үчүн багытталган адамдын ишмердиги. Мында "ишмердик" түшүнүгүнө маани берүү зарыл. Анткени жаштарды тарбиялоодо жашоонун өзү баалуулук экендигин жана жашоосунун узактыгы өзү каалагандай болуусу үчүн сергек жашоо образын ишмердик катары кабыл алуусу маанилүү. Анткени жашоо образын өзүнүн дене боюнун жана жан дүйнөсүнүн ойдогудай болуусуна камкордук көрүүсү ар дайым жана тынымсыз жүрүүсүнө үйрөнүүсү зарыл. Бул анын социомаданий жашоосунун, саламаттыгынын чын болуусунун кепилдиги. Жаштардын жашоо образында жашоо шартынын сапаттык жактарын мүнөздөгөн жашоо деңгээли чоң роль ойнойт. Анткени адам жашап жаткан коомдогу калктын улуттук кирешеси, керектөө фонду, социалдык жактан камсыздалышы жана корголушу өтө маанилүү. Жаштардын ишмердүүлүгү жүргөн социалдык тартиптер, жеке өзүнүн жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү, жашаган турак-жайы, тамак-аш менен камсыздалышы жана башка шарттар жашоо образын түзүүдө эске алынат. Ошондуктан жашоо образы жашоо шарттарын ишке ашыруунун сандык жана сапаттык белгилеринин биримдиги катары көрүнөт. Башкысы сергек жашоо образы дене түзүлүшү, психикалык жактан саламаттыкты камсыз кылат, оорунун алдын алат. Ал социалдык-экономикалык, табигый, маданий жана башка факторго шартталса да, адамдын өзүнүн ишмердүүлүгү жана жүрүм-туруму менен жөнгө салынат.

Ошондуктан, ден соолук – адам жашоосунун стратегиясы; анын болмушунун биологиялык жана психологиялык негизи; жашоо образын, жүрүм-турумун аныктоонун жана түзүүнүн базиси.

Демейде ден соолуктун баркы ооруп калганда билинет. Жаштар мындай жагдайга көп кабыла бербейт, ошентсе да ден соолук башкы баалуулук экендигин түшүнүшөт. Ден соолукка кам көрүү – жашоо образынын бир түрү, жаш адамдын келекчекте узак өмүр сүрүүсүнүн, бакубат жашоосунун негизи.

Ошентип бул бөлүм боюнча жыйынтыктарды беребиз:

1. Адамзаттын өнүгүүсүнүн ааламдашуу процесси баалуулуктарга ориентация жасоонун жаңы парадигмаларын пайда кылды. Салттуу баалуулуктар транформациялануу процессинин таасири астында башка мазмунга жана түргө өттү. Маалыматташкан, компьютердик технологиянын өнүккөн доорунда жаштардын баалуулуктарга карай багытталуусу коомдогу ээлеген ордуна, кызыгууларына, жашоодо койгон максаты менен жашоо образына жараша мааниге ээ болду. Алар – адам үчүн, маанилүү, барктуу, сонун, жакшынакай, керемет болгон жакшылык. Баалуулук конструкциялар жашоодо максат коюуда, ага жетүүнүн жолдорун тандоодо, жашоо образын жүргүзүүдө жетектөөчү ролго ээ болду.

2. Социалдык баалуулуктардын ичинен үй-бүлө маанилүү, нарктуу социалдык баалуулук. “Нике-үй-бүлө-наристе” диалектикалык байланыштагы парадигма катары жаштардын дүйнөтаанымынын калыптануусунда никенин расмийлигин, үй-бүлөнүн салттуулугун, наристени дүйнөгө алып келүүнүн салттуулугун далиддеген үчилтик. Никеге туруу жана ал аркылуу үй-бүлөнү бекемдөө, баланы жарык дүйнөгө жаратуу, жашоо тартуулоо парадигмалдык жашоо образы экендигин жана ар бир адамдын бул дүйнөдөгү парзы катары болоорун бардык жаш адам дүйнөтаанымында калыптандыруусу коомдун талабы.

3. Социалдык-экономикалык, саясий, маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөр үй-бүлө институтунун трансформациялануусуна таасирин тийгизди. Натыйжада “маалыматтык коом менен тыгыз байланышкан үй-бүлөнүн” пайда болуусуна жана никеге туруу, үй-бүлө куруу моделдеринин тутумунун өзгөрүүсүнө алып келди. Салттуулуктан инновацияга өтүүсү жүрдү: ата-эненин ролунун төмөндөшү, туугандар аралык карым-катнаштын мейкининин тарышы, аял-эркек диадасынын инвариантынын пайда болушу, ата менен эненин социалдык

ролдорунун трансформацияланышы, балдардын ата-энесинен көз карандылыгынын төмөндөшү жүрдү. Маалыматташтыруу менен санариптештирүүнүн кеңири таралышына жана социалдык парадигмалардын алмашканына карбастан кыргыз үй-бүлөсүндө салттуулуктун белгилери сакталып калууда.

4. Жаштардын кымбат, баалуу деп эсептеген социалдык ориентациясы – жумуш менен камсыз болууга умтулгандыгы. Эмгек же жумуш менен камсыз болуу жаш адамдын болмушундагы негизги жана маанилүү кымбаттык. Эмгек рыногуна жаш адамдардын белгиленген курактан эрте баруусу социалдык маселе экендигин көрсөттү. Бул жаштардын турмушта ийгиликке жетишүүсүнүн негизи экендигин аңдап билгендиги. Жаштар үчүн ийгилик – жашоонун керемет, сонун, жакшынакай болушу. Ал үй-бүлө болмушунда, жеке өздүк жашоосунда материалдык жана руханий жактан керектөөлөрүнүн канааттандырылышы.

5. Бактылуу болуу жаштардын жашоо образындагы башкы, эч нерсеге алмаштыргыс баалуулугу. Биринчиден, жаштардын өзүн бактылуу сезүүсү, каалаган тилек-максатына жетүүсү жашоонун маңызы катары бааланат. Экинчиден, бакытка жетүүнүн формуласы – тынымсыз эмгек, ырааттуу, үзгүлтүксүз үмүт артып жасалган ишмердүүлүк.

6. Ден соолуктун чың болушу жана сергек жашоого багытталган турмуш образы жалпы адамзаттын жашап турушунун негизи. Жаштык – бул ден соолук, саламаттык, күч-кубат жана сулуулук. Улан-кыздар дени сак, күч-кубаттуу, дене түзүлүшү жагынан калыптанган, жан дүйнөсү таза жана саламаттыгы күчтүү жандар. Жаштардын саламатта болуусу, ден соолугун ошол калыбында кармап туруусу, бактылуу болуу үчүн күч-кубатын жумшоосу, өзүн-өзү реализациялоосу жана өзүн-өзү өнүктүрүүсү жалпы адамзаттык баалуулуктарга багытталгандыгынын күбөсү.

## 3.2. Заманбап коомдогу жаштардын өзүн аныктоосу

Жаш адамдардын өзүн аныктоосунун негизи катары алар жашап жаткан коомдун нормативдик-укуктук базасы жана аларга карата жүргүзүлүп жаткан саясат эсептелет. Изилдөөбүздүн бул бөлүгүндө жаштардын өзүн-өзү аныктоосунун базистик негиздеринин маңызы ачылмакчы. Кыргыз Республикасынын жалпы калкы 7 миллион болсо 1миллион 600 миңдей адам жаштар категориясына кирет [330 https://vesti.kg/obshchestvo/item/103180-natsstatkom-chislennost-molodezhi-v-kyrgyzstane-umenshaetsya-s-kazhdym-godom.html]. Бул өлкөнүн жалпы калкынын 23 пайызын түзөт. “Жаштар” категориясынын жаш курактык чегине 14-35 жашка чейинки улан-кыздар киришет, алардын ичинен 14-16 жаштагылары – өспүрүмдөр, 17-23 жаш курагындагылары – улан-кыздар; билим алып, кесипке ээ болуп, иштеп жаткандары – 35 жашка чейинкилер. Жаштардын биздин өлкөнүн жалпы калкынын үчтөн бирин түзгөндүгү мамлекеттин сөзсүз түрдө аларга көңүл буруусун талап кылат. Анткени алар, бир жагынан караганда, саны боюнча чоң топ, экинчи жагынан, өзүнүн жаш өзгөчөлүгү боюнча өлкөдөгү калктын аморфтуу бөлүгү. Бул алардын инсан катары толугу менен калыптана электиги, ошондой эле коомдогу ар түрдүү шарттарга тез өзгөрүүгө баруучу адамдар экендиги менен түшүндүрүлөт. Жаштар менен иштөө, алардын көйгөйлөрүн чечүү бүгүн эле пайда болгон маселе эмес. Бул ар бир мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатынын бир багыты. Жаштарга карата ырааттуу иш алып барууга мамлекет жана жаштар өздөрү дагы кызыкдар. Албетте, ар бир коомдун өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша жаштарга байланышкан ар түрдүү иш-чаралары, саясаты бар. Мисалы, советтик доордо жаштарды комсомол аркылуу башкаруу жана ал аркылуу саясат жүргүзүү ишке ашып келген. Бирок бул державанын кулашы менен комсомол уюмунун ролу четке чыгып кетти. Кыргызстандын жаштары башка эгемендүү мамлекеттре сыяктуу эркин сүзүүгө дуушар болушту жана көз карандысыздыктын алгачкы жылдары жаштар маселесине мамлекет тарабынан олуттуу көңүл бурулбай калды.

Жаштар өз тагдырын аныктоонун жолуна түшүп, бири дарыянын аркы жээгине өтсө, экинчиси бул жээгин тандады. Убакыттын өтүшү менен өлкө бир

нукка түшүп, демократиялык өнүгүү жолуна өттү. Саясатта, экономикада, социалдык-маданий чөйрөдө өзгөрүүлөр жүрдү. Ар кандай ички жана тышкы таасирлердин астында жаңы баалуулуктардын тизмеги пайда болду жана буларды кабыл алуу улуу муундагылар үчүн өзгөчө бир көйгөйгө айланды, ал эми жаштар аларды тез эле өздөрүнө сиңирип алышты. Улан-кыздар жаңы замандын ыргагында өздөрүн суудагы балыктай сезип, бул “терс” же “оң” деген ылгоосуз коомдогу бардык жаңылыктарга кулачын ачты.

Алар аз убакыттын ичинде өздөрүнүн чоң күжүрмөн күч экендигин көргөзө баштады. Көп учурда алар саясаттагы убактылуу пайдасы бар топтун ролун аткарып калышты. Албетте, мында биздин өлкөдөгү “саясатка аралашам” деген айрым адамдардын кызыкчылыктары жаштарды өздөрүнүн куралы катары пайдаланууга жол берди.

Бул жерде жаш муундарды бир эле терс жактан кароого болбос, анткени эгемендиктин жылдарында алар үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөр ачылды, бүгүнкү күндүн талабына ылайык өзгөрүүгө барышты. Коомдун кээ бир сфераларында кризистик шарттардын өкүм сүрүп турган чагында жаштарда идеалардын жоголуусуна, скептиктик көз караштардын пайда болуусуна (нигилизмдин күчөшүнө), кайдыгерликке, ишенбөөчүлүккө (апатияга), баалуулуктар системасынын төмөндөшүнө алып келет. Анткени баалуулуктар ар дайым өзгөрүп, дүйнөтааным жаңылануу абалында болот, бул өз кезегинде элдин адеп-ахлагынын жана рухунун нукуралыгынын төмөндөшүнө алып келет.

Ушундай кырдаалда Кыргыз Республикасы жаштарга карата көңүл буруп, эсептеше баштады. Туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу жана жаштардын билим алуусуна, саламаттыгынын чын болушуна камкордук көрүү жана жумуш менен камсыз кылуу, коомдук жана мамлекеттик турмушка активдүү аралашуусун түрткү берүү максатында 2000-жыл КРнын Президентинин жарлыгы менен “Жаштар жана билим берүү” жылы деп жарыяланган. Буга ылайык жаш адамдарда демократиялык маданиятты жана мекенчилдикти калыптандыруу, улуттук жана жалпы адамзаттык маданий

мурастардын алкагында адеп-ахлак жана руханий жактан өнүктүрүү, жаштардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, өзүн-өзү реализациялоого мүмкүндүк берүү, коомдун бардык чөйрөсүнө активдүү катышууну камсыздоо, таланттуу жаштарды колдоо сыяктуу маселелер приоритеттүү багыт катары аныкталган [217]. 2008-жылы “Биз XXI кылымдын Интеллектуалдарыбыз” деген жаштар арасындагы чыгармачылыгынын республикалык конкурсу ишин баштаган. Бул жаш өспүрүмдөрдүн билим алуусун, илимий-техникалык, изилдөөчүлүк, ойлоп табуучулук ишмердигин жогорулатуу максатында уюштурулган. Буга улай эле 2009-жылы Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамга ылайык “жаш жарандар (жаштар) – Кыргыз Республикасынын 14 жаштан 28 жашка чейинки курактагы жарандары жана жарандыгы жок адамдар” [287] кире тургандыгын мыйзам менен аныктаган. Ал эми 2023-жылдын август айындагы КРнын Президентинин жарлыгына ылайык жаштар категориясына кирген жаш адамдардын курагы 35 жашка чейин узартылган [325 https://ru.sputnik.kg/20230807/kyrgyzstan-zakon-molodej-1077646896.html].

“Жаш адамдын өзүн-өзү аныктоосу” деген суроо социалдык философиянын негизги маселелеринен болуп саналат. Бул маселени философия илими гана карабастан психология, педагогика, социология илимдери да талдоого алып келген.

Өзүн аныктоо – бул адамдын социумдагы ордун билүүсү; андан өзүнүн жеке кызыкчылыктары менен керектөөлөрүнө ылайык өзүн аңдап түшүнүүсү; жөндөмдүүлүгү менен талантынын натыйжасында социалдык болмуштагы ролунун чагылышы.

Өзүн аныктоо – адам жашоосунун тигил же бул кырдаалына жараша өзүнүн жеке позициясын, максатын жана ага жетүүнүн каражаттарын тандоосунун жолу жана аны ишке ашыруу процесси.

Өзүн аныктоосу – бул адамдын кесип тандоодо, эмгек ишмердүүлүгүндө, үй-бүлө куруудa, өзүнүн максаты менен тилегинин ишке ашыруусунун чагылышы.

Бул түшүнүк С.Л.Рубинштейн тарабынан кылдат талдоого алынат. Ал адамдын өзүн-өзү аныктоосунун активдүүлүгү жөнүндөгү идеянын маани-манызын ачып көрсөтөт. С.Л.Рубинштейндин пикиринде өзүн-өзү аныктоо субъектинин жеке активдүүлүгүнө байланыштуу болот. Анткени адам өзү жашап турган дүйнөгө карата мамилесин аң сезимдүү түрдө билет жана жеке өзүнүн Мендигин аныктайт жана тааныйт [201, 47-б.].

Илимде өзүн-өзү аныктоонун турмуштук, кесиптик жана инсандык түрлөрүн айырмалашат. Турмуштук (же социалдык) өзүн аныктоо социалдык ролдорду, жашоо стилин, жашоо образын ишке ашыруунун жолдорун тандоодон көрүнөт. Инсандык өзүн тандоо – жеке инсандык Менди табуу, өзүнүн ордун бекемдөө дегенди билдирет.

Инсандын өзүн аныктоосу – коом тарабынан салыштырмалуу түрдө иштелип чыккан критерийлерге ылайык инсандын өзүнүн калыптануусу жана аларга ылайык өзүн реализациялоосу. Белгилүү изилдөөчү М.Р.Гинзбург инсандын өзүн аныктоосу жөнүндөгү маселени изилдеп, анын баалуулук-мазмундук жана активдүү-ишмер компоненттерин бөлүп көрсөтөт [69]. Анын пикиринде өзүн аныктоо маселесин изилдөөдө адамдын экилтиги таанылат. Ал экилтик адамдын баалуулук-мазмундук жана материалдык-убакыттык дүйнөдө жашагандыгынан көрүнөт. Материалдык-убакыттык ченеминде адам өзүнүн баалуулуктары менен ойлорун ишке ашырат. М.Р.Гинзбургдун пикиринде бул ченем үч компоненттен турат: өткөн мезгил, учуру жана келечеги. Бул ченемди ал “инсандын жашоосунун реалдуулугу” (жизненное поле личности) деп атаган. Анын пикиринде инсандын жашоо талаасы – реалдуу аракеттенген мейкиндиктеги жеке баалуулуктары, ойлору жана көз караштары; ал өткөн чагын, учурун жана келечегин камтыган актуалдуу жана потенциалдуу аракеттери. Башкача айтканда бул жашоо реалдуулугунда инсандын маани-маңызы, үч убакыттагы белгиси аныкталат. Өткөн мезгили – анын тажрыйбасы, учуру – анын мүмкүнчүлүгү, келечеги – өзүн идеалдуу көрүүсүнүн долбоору. Келечектеги адамдын өзүн көрүүсү учурундагы

реалдуулугуна түрткү берет, анын баалуулугун арттырат. Адамдын мындай өзүн-өзү аныктоосу жаш курагынан эле башталат.

Жаш адамдарда өзүн-өзү аныктоо керектөө катары болот. Анткени ар бир жаш адам зарыл болгон баалуулуктар системасына ээ болууга, ал аркылуу өзүн көрүүгө умтулат. Анткени инсандын өзүн аныктоосу келечекке багытталган. Адам бир нече убакыттан алдыга карап өзүнүн ордун жана кимдигин элестетет, ошондой болууну самайт жана өзүн көрөт. Инсандын өзүн аныктоосу кесип тандоо менен байланышкан. Кесибине жараша андан аркы жашоосун долбоорлойт жана өзүнүн жеке жашоосунун маңызын аңдап билет. Инсандын өзүн аныктоосу иденттүүлүк менен тыгыз байланышкан.

Иденттүүлүк – социалдык ролдордун жана абалдарынын чегинде инсандын тигил же бул социалдык-инсандык позицияга таандык экендигин аңдап билиши. Кээ бир учурларда өзүн аныктоо менен иденттүүлүк бири бирине жакын түшүнүктөр катары кабылданат. Бирок, өзүн аныктоо процесс катары, ал эми иденттүүлүк болсо инсандын касиети, анын абалы катары түшүндүрүлөт.

Өзүн аныктоо процесс катары альтернативалуу баалуулуктарды, социалдык ролдорду тандоодон көрүнөт. Н.В.Антонова менен В.В.Белоусова өзүн-өзү аныктоо идентүүлүктүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн механизмдеринин бири катары карашат [22].

Демек, өзүн аныктоо – өзүн таанып билүү жана өзүн ишке ашыруу менен байланышкан, баалуулук-мазмундук мүнөзгө ээ болгон ишмердик. Өзүн ишке ашыруу реалдуу ишмердик аркылуу баалуулуктарды өзүнө алуу дегендикти билдирет. Ар бир өспүрүм же жаш адам жашоо жана адамзаттын алдында турган маселелери жөнүндө ой жүгүртөт. Анын ой жүгүртүүсү өзүн аныктоо процессинин жүрүп жаткандыгынын далили болуп саналат. Ушул аталган маселелер тууралуу жаш адамдар арасында ой жүгүртүү, талкуулар болсо анда, өзүн аныктоо процесси жүрүп жаткан болот. Жаш адамдарды келечекке карата үмүт артышына мотивация чоң таасирин тийгизет.

Өзүн-өзү аныктоодо тандоо маанилүү роль ойнойт. Тандоо – бул адамдын бир нече көп жактуу, көп вектордуу реалдуулуктан өзүнүн ордун табууга багытталуусу, аракеттенүүсү, өзүн көрүүсү, алга жылуусу.  Адамда ар дайым көп жактуу жана түрдүү каттамдуу жолдорду тандоо мүмкүнчүлүгү болот. Жаш адамдын тандоосу биринчи кезекте кесип тандоодон башталат.

Кесип тандоо адамга берилген эркиндик, аны өзү каалагандай тандай алат. Жаш адамдар ар дайым өзүнүн шык-жөндөмүнө жараша кесип тандоо мүмкүндүгүнө ээ. Адам ишмердигинин тигил же бул багыты жаш адам үчүн жакын сезилет, жан дүйнөсү аны менен бирге жашайт. Ал ишмердикке болгон жакындыгы аркылуу өзүн ошол чөйрөдөн көрөт жана ал аркылуу жашоосун элестетет. Ошого байланыштуу жеке тандоосуна жана кызыгуусуна ылайык кесипти тандайт жана аны менен алектенет. Кесип тандоо менен анын келечектеги ишмердиги, жашоосу, бүтүндөй болмушу аныкталат.

Өспүрүм куракта келечектеги кесип тандоо процесси башталат. Жаш адам ар дайым коомдо татыктуу орунга ээ болууну көздөйт, ойлонот, кыялданат жана ага жетүүнүн аракетинде болот. Ошондуктан өспүрүм курактагыларга мотивация берүү зор мааниге ээ. Эгерде бул маселе болбосо, анда жаш адам үчүн келекчек үмүтсүздүктүн, маанисиздиктин жана маңызы жок жашоонун элесин тартат. Ошондуктан ар бир жаш адамдын аң сезимине келечекти болжолдоо (прогноздоо) жана ага ишенүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусу маанилүү. Жаштар келекчекти болжолдоодо кокустуктарга таянбастан максаттуу өнүгүү планына ишенүү зарыл. Ар бир жаш адам келекчегин болжолдоодо өз алдынча пландоону жана аны ишке ашырууну адатка айландыруусу аркылуу гана өзүнүн ордун табат жана болжогон жеринен өзүн көрө алат.

Жаш адамдын болжогон жеринен өзүн көрүүсүндө өзүн башкаларга окшоштуруу чоң роль ойнойт. Эгерде жаш өспүрүм ата-энелерине таянып, ошолордой болууга умтулса, бул натыйжаларды берет. Социалдык ролдорду жаш курагынан аңдап билген болсо, өспүрүм кезде же жаш курагында идентүүлүккө ийгиликтүү жетишет.

Ал эми кесиптик жактан өзүн аныктоо – бул келечектеги адистигин өз алдынча, аң сезимдүү түрдө аңдап билген, өз эрки менен тандоо, уюштуруу, түзүү жана ишке ашыруу жолу. Бул психологдорду, педагогдорду, социологдорду, философторду өзүнө тарткан маселе. Кесиптик жактан өзүн аныктоо көпчүлүк учурда инсандын өзүн аныктоонун бир бөлүгү катары талдоого алынып, мазмундук жактан аныкталып келүүдө. Кесиптик жактан өзүн аныктоо эмгек жамааты менен карым-катнаш түзүү, ал жамаатта өзүнүн жөндөмдүүлүгү менен кызыгууларын тастыктоо дегендик. Анткени адам жашоосунун бардык мезгилинде өзүнүн жетишкендиктери же ийгиликсиздиктерине талдоо жасайт, кемчиликтеринин үстүнөн иштейт, өзүн кайра түзүү аракетинде болот. Жетишкендиктерине таасирленип, эмгек процессинде өзүн дагы өнүктүрүү ишмердигин улайт.

Заманбап маалымат технологияларынын өнүгүшү жаштардын өзүн-өзү аныктоосунун багытынын жана мазмунунун өзгөрүүсүнө алып келүүдө. Жеке кызыгуусуна жана жөндөмдүүлүгүнө жараша жаштар көбү жамаатта эмес, жеке эмгеги аркылуу өзүн көрсөткөн жагдайлар көп кездешүүдө. Маалымат технологиянын өнүгүүсү менен жаш адам көп убактысын техника же компьютердик технология жаатында өткөрүп, өзүн ошол өңүттө көрсөтүүдө. Бул анын инсан аралык мамиле түзүү чөйрөсүнүн өзгөрүп жаткандыгын далилдеп жатат.

Ааламдашкан коомдо жаштардын өзүн-өзү аныктоосунда кесипти тандоосу жана ага багыт алуусу өзгөчө маанилүү. Жаштар маалымат-коммуникациянын, илимий-техникалык прогресстин өнүккөн доорунда жашап жатат. Бул азыркы муундун мүнөздүү белгилеринин калыптанышына таасирин тийгизет. Айрыкча акыл эмгегинин мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, жасалма интеллект пайда болуп, билим берүүнүн көп баскычтуу деңгээлинин өкүм сүрүүдө. Жаңы кесиптерге, айрыкча, IT тармагындагыларга, суроо-талап жогорулап жатканда жаштардын кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосу ушул багытка бурулууда.

Коомдогу жаштардын алгачкы позицияга ээ болуусу жаш адамдардын орто мектептеги курагынан башталат. Алар келечектеги социалдык-экономикалык өнүгүү сферасын толуктоочулар. Коомдун талаптарына ылайык өндүрүш, бизнес чөйрөсүндө же социалдык сферада өзүн көрсөтүүчүлөр катары мектептерде билим алышат. Ушул мезгилден баштап эле келечектеги кесибин тандоого мүмкүндүгү бар экендигин туюп-сезет жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоого багыт алышат. Статистикалык маалыматтарга таяна турган болсок 2020-жылга карата биздин өлкөдө мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде 196123, орто мектептерде окуган окуучулардын саны 1357408, башталгыч кесиптик билим берүү мекемлеринде 32042 окуучу, орто кесиптик билим берүү боюнча 95600, жогорку кесиптик билим берүүдө 214157 жаш адам билим алат. Билим берүү мекемелеринде окуп-тарбияланып жаткан ар бир жаш адам өзүнүн келечектеги кесиби же ким болгусу келгендиги тууралуу ойлонот, ээ болуу аракетин жасайт. Кесип тандоодо түрдүү кыйынчылыктар жана көптөгөн кубанычтуу учурлар болоорун алдын ала туюп-сезүүсү маанилүү. Кыйынчылыктарды жеңе билүүгө, оор күндөрдү баштан өткөрүүнү үйрөнүүсү зарыл. “Кесипти тандоо туруктуу принципти, бекем жана кебелбес ынанымдарды, идеялуулукту жана принципиалдуулукту талап кылат” [90, 73-б.]. Биздин өлкөдө билим алып жаткан өспүрүмдөр келекчектеги кесибин жүрөгү менен өз алдынча, ички туюмдарын, каалоолорун жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алып тандаса, адашпайт жана жан дили менен эмгектенет. Бирок жаш адамдардын каалоосу менен мүмкүнчүлүктөрү дал келбей калган учурлар көп. Алсак, орто мектепти аяктап жактанда Жалпы республикалык тестирлөө жүрөт. Анын жыйынтыгы менен гана окуучу жогорку окуу жайларына тапшыра алат. Ал эми тиешелүү босого балл албай калган жаш адамдын каалоосу менен максаты ишке ашпай кала тургандай коркунучка кептелет. Бул анын келечектеги тандоосунан баш тартууга алып келет жана кырдаалга жараша ыңгайлашууга барат да, билим алууну экинчи планга коюп, эмгек рыногуна чыгууга баш коет. Бул анын ички жана тышкы миграциялык процесстерге катышуусуна же убактылуу жумуш издеп жакынкы

же алыскы чет мамлекеттерге чыгуусун шарттайт. Турмуштук зарылдык каалоосунан баш тартып, башка жолду тандоого түрткү берет. Натыйжада улан-кыздар тандоосун башка нукка бурат. Алар тандоо деген эмне экендигнине түшүнөт жана турмушта, жашоодо адам ар дайым тандоого жана жол табуу мүмкүндүгүнө ээ экендигин билет.

Тандоо жүргүзүүдө улуу муундун кеңеши жаштар үчүн маанилүү. Анда ата-энеси, окутуучулар же жакын адамдары тандоо боюнча кеңештерин берүүсү, багыттоосу маанилүү. Ушул жагдайларды эске алуу менен келечектеги кесипке багыттоодо социалдык реалуулуктун да ролу чоң. Коомдун талаптары эмнеге багытталган, жаштарга кайсы жерде суроо-талап жогору экендигин билүү маанилүү. Жаш адамдын акыл же күч эмгеги кайсы сферага зарыл экендигин билүүсү анын келекчектеги жумуш орду үчүн чоң роль ойнойт.

Заманбап коомдо жаш адамдын алдында кесип тандоосу жана өзүнүн жашоосун уюштуруусу боюнча кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ал өзүнүн гана жашоосун уюштурбастан, коомдун социалдык-экономикалык, саясий жана башка чөйрөсүнө катышат, таасирин тийгизет. Илимий-техникалык прогресстин өнүгүүсү жаш адамдын эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүсүнө олуттуу таасирин тийгизет. Бир нече жыл мурун адам ресурстарын талап кылган иш орундары жасалма интеллект менен алмашып, автоматташуу процесси жүрүүдө. Бул кезегинде жумушсуз жаштардын санынын көбөйүшүнө алып келүү коркунучун пайда кылууда. Ушул жагдайдан улам жаш адамдар эмгек рыногуна зарыл болгон кесиптин ээси болууга багытталуусу зарыл. Учурда коомдун бардык чөйрөсүндө IT адистерине болгон талап жогору. Жаштар да ушул керектөөдөн улам тандоосун ошол багыт аркылуу ишке ашыруусуну көздөйт. Тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө ар кандай кесиптин ээлери ошого жараша ыңгайлашууда. Тагыраак айканда, жумушчунун кесиптик чеберчилигин тынымсыз жогорулатууну, өзгөрүүлөргө ыңгайлашууну, адистигине жакын кесиптин өзгөчөлүктөрүн билүүнү талап кылат.

Кесиптик жактан өзүн аныктоодо өзүн-өзү баалоо чоң мааниге ээ. Өзүн-өзү баалоо – адамдын өзүн, жеке сапаттарын, коомдогу ордун билүүсү жана ага баа берүүсү. Кесиптик жактан өзүн аныктоодо адамдын мүмкүнчүлүктөрүнүн тигил же бул кесипке дал келүүсүнүн деңгээлин баалоо маанилүү. Өзүн таанып билүү жана өзүн баалоо аркылуу жаш адам келекчектеги кесибин тандайт. Өзүн ошол кесиптин ичинен көрөт, жөндөмдүүлүктөрүн, инсандык сапаттарын, каалоолорун, турмуштук пландарын ишке ашырат. Ал реалдуу Мени менен идеалдуу Менинин дал келгендигин көрөт.

Кесиптик жактан өзүн аныктоо – жаш куракта жүрүүчү процесс; ал адам жашоосунун белгилүү этабы. Бул келечекке жана алыскы аралыкка багытталып, адамдын андан кийинки жашоосуна, анын жүрүшүнө таасирин тийгизет. Кесиптик жактан өзүн аныктоо белгилүү бир жаатта билим алуу жана алган билимди эмгек рыногунда реализациялоо дегендик. Бул эмгек процессинде өзүн реализациялоо аркылуу адамдын кесипке адаптациялануусу менен коштолот.

Бүгүнкү күндө адамдын эмгекке болгон мамилеси өзгөрдү. Жаш адам өзүнө карата катуу талап коюуну, жоопкерчиликтүү болууну жана ошол эле учурда өз алдынчалуулукка ээ болууну үйрөнүүсү зарыл. С.Н.Иконникованын жаштардын кесип тандоосуна карата айтылган пикири туура ой экендигин белгилеп кетишибиз керек. Ал мындай дейт: “Профессиональная ориентация включает в себя выбор будущей специальности, представление о характере трудовой деятельности и ее месте в системе разделения труда, приобретение нового социального статуса, изменение образа жизни, появление новых прав и обязанностей. Все это существенно меняет структуру сознания и жизнедеятельности молодежи, усиливает роль самооценки, ответственности за принятие решения, определяет основу социальной активности” [100, 75-б.].

Жаш адамдардын, айрыкча, орто мектепти бүткөн бүтүрүүчүлөрдүн өзүн-өзү аныктоосу миграциялык процесстерге тартылуусу менен коштолот. Жаштар сырткы миграциялык процесстердин активдүү катышуучусу болуп калууда. Жакынкы жана алыскы чет мамлекеттерге эмгек мигранты катары кетип

жаткандардын саны өсүүдө. Акыркы жылдары Европа жана Америка Кошмо Штаттарына кетүүнү каалагандардын саны өсүүдө.

Орто мектепти аяктаган окуучулар жогорку же орто кесиптик билим алуу үчүн шаарларга кетишет. Бирок окуу жайды аяктагандан кийин кайра туулган жерине баары эле кайтпайт. Алар шаар жеринде калып эмгектенүү жолун тандагандар. Мындай тандоо жасоо жаштардын көп бөлүгү тарабынан колдоого алынат.

Жаш адамдардын тандоосунун дагы бир жолу үй-бүлө куруудагы жубай тандоодон көрүнөт. Ар бир адам үй-бүлө куруу, жубай тандоо мүмкүндүгүнө ээ. Жаш адамдар өз каалоосу боюнча жубайлыкка барышат жана чогуу жашоону өткөрөт. Үй-бүлө куруу эки жаштын тең каалоосу аркылуу ишке ашат. Ошондуктан жаштар үй-бүлө курууда да жубайларды тандоо мүмкүндүгүнө ээ болушат.

Жаштардын тандоосунун дагы бир түрү катары иштеген жумушуна жараша жашаган жерин тандоо эсептелет. Жашаган орду акыл жана күч эмгегине негизделгендигине байланыштуу аныкталат. Эгерде жаш адам акыл эмгеги аркылуу ишмердигин жүргүзсө, анда ал негизинен интеллигенциянын өкүлү же шаар жеринин жашоочусу болушу ыктымал. Бирок шаар жеринде жашап деле күч эмгеги менен алектенгендер көп. Ошондуктан шаар менен айылга карап акыл жана күч эмгегин түздөн-түз айырмалоо мүмкүн эмес.

Айыл же шаар тургуну болууга болгон каалоосунан улам алар тандоо жасай алат. Ар бир инсан каалоосу жана мүмкүндүгүнө жараша жашоо ордун аныктай алат. Бирок адам өмүр боюу бир жерде туруктуу жашоосу мүмкүн эмес. Каалоолорунун орундалуусуна жана мүмкүнчүлүгүнө жараша социалдык мобилдүүлүктүн катышуучусу болуп турат. Ал кесибинин өзгөчөлүгүнө, аткарган социалдык ролуна жараша орун которуп, шаар же айыл тургуну болуп алмашып турушу мыйзам ченемдүү. Мындай социалдык мобилдүүлүккө катышууда анын каалоосу менен тандоосу биринчи орунда турат.

Жаш адамдын тандоосу үй-бүлө мамилелерине байланыштуу да жүрөт. Эгерде жубайлардын бири (көпчүлүк учурда күйөөсү) шаар жеринде жашап,

акыл эмгеги менен эмгектенсе, аялы да шаар жерине жер которот. Бул үй-бүлө кургандан кийин аялынын социалдык ролу да өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Белгилүү бир деңгээлде аялы социалдык жактан мобилдүүлүктүн субъектиси болуп калат.

Үй-бүлө репродуктивдик жактан пландоодо да тандоого ээ болот. Жаш жубайлар балалуу болууну алдын ала пландаштырат жана бул жаатта да өз ара келишим аркылуу тандоого барышат. Үй-бүлөдөгү өз ара мамиле, балалуу болууга болгон каалоо жана жубайлардын мүмкүнчүлүгү өзүн-өзү аныктоодо маанилүү роль ойнойт.

Демек, өзүн аныктоо инсандын жамааттагы, коомдогу ишмердүүлүгүнүн багытталышы, коомдун социалдык-экономикалык турмушунда тигил же бул социалдык ролдорду аткаруусу аркылуу жекелигинин, мининин, бар болуп тургандыгынын көрүнүшү.

Өзүн аныктоо – адам тарабынан жеке өзүнүн турмуштук баалуулуктарынын, жүрүм турумунун стереотиптеринин, керектөөлөрү менен келекчектеги өзүн көрүүсүнүн, жеке баалоолору менен кызыкчылыктарынын тандоосу жана ага ылайык аларды калыптандыруусу.

Өзүн аныктоо – адам тарабынан жашоонун маңызын аңдап билгендик; жашап турушунун максатын түшүнгөндүк; социумдагы өзүнүн ордун көрө билип, ага ылайыкташкандык.

Өзүн аныктоо – жаш адамдын социалдашуусунун жүрүшү; өзү жана коом тууралуу билимдерге ээ болуусу жана ага ылайык өзүн ыңгайлаштыруусу жана өзүн көрсөтүүсү. Өзүн көрсөтүү жаш адамдын өзүн аныктоосунун бир жолу.

Өзүн көрсөтүү (самовыражение) – бул адамдын коллективде, жамаатта, үй-бүлөдө, социалдык чөйрөдө руханий же материалдык баалуулуктарды жаратууда өзүнүн Менин чагылдыруу. Адамдын курчап турган реалдуулукта өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү катары билүүгө болот. Эгерде адамды руханий турмуш же маданият менен байланыштырып карасак анда өзүн көрсөтүүсү чыгармачылыктан: музыка, сүрөт, бий, скульптура, адабият ж.б. көрүнөт. Өзүн көрсөтүү көпчүлүк учурда психология илиминин негизи түшүнүгү катары

кабылданат. Ошол эле учурда бул философиянын да негизги талдоосунун объекти. Аталган эки илимдеги түшүндүрмөсүнө токтоло кетели. Психология илиминде өзүн көрсөтүү адамдын ички жан дүйнөсүнүн абалын: кубанычын же кайгысын, муңун же сүйүнүчүн сырткы дүйнөгө чыгарып берүүсү, чагылдыруусу. Жан дүйнөнүн чагылышы адам тарабынан аңдалган же аңдалбаган формада сыртка чыгышы мүмкүн. Бул жагдайды психология илими ар тараптуу изилдеп, адамга карата психологиялык анализ жасоо зарылдыгын белгилейт.

Ал эми философияда өзүн көрсөтүү же Мендигин көрсөтүү – кандайдыр бир ишмердүүлүктө адамдын жеке жактарын, кайталангыстыгын өзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүү. Өзүн көрсөтүү процессинде адамдын жеке билими, таланты, кесиптик чеберчилиги, кызыгуулары ишке ашат (реализацияланат). Ошондуктан, өзүн ишке ашыруу (самореализация) – жаш адамдардын коомдон ордун табуусу, максатын ишке ашыруусу катары кабылданат.

Өзүн ишке ашыруу (самореализация) – бул адамдын жеке потенциалынын ишке ашырылышы; жеке багытталышынын, кызыгуусунун (призвание) жүзөгө ашуусу. Өзүн ишке ашыруу – адамдын каалоолорунун, үмүт-тилегинин аткарылышы, максатына жетүүсү; адамдын жашоосунун стратегиясы жана тактикасы.

Жаштардын өзүнүн денгээлин аныктоосунда ар тараптуу тарбиялоонун мааниси зор. Жаш адам өзүн-өзү аңдап билүүсү үчүн билимдүү, илимдин жетишкендиктерин билген абалга өсүп өтүүсү маанилүү. Бул тууралуу К.Ажибекова мындай дейт: “В процессе формирования научного мировоззрения молодежи надо обращаться не только к прошлым великим открытиям наук, в частности естествознания, но и к современным. Если анализировать то, что сейчас происходит в области естественных наук, то можно сделать вывод, что в наши дни революция, которая в начале века охватила физику, продолжается на всех фронтах естествознания. В физике происходят открытия, действительно меняющие представления с такой же силой, как это было в начале века” [3, 37-б.]

Өзүн аныктоодо ишмердүүлүк (деятельность) чоң роль ойнойт, анткени бул аркылуу гана жаш адамдын инсандыгы калыптанат жана өзүн көрсөтөт. Ошондуктан ишмердүүлүк адам жашоосунун чагылышы, болмушунун көрүнүшү. К.Маркс “1844-жылдагы экономикалык-философиялык кол жазмалар” деген эмгегинде жашоонун өзү ишмердүүлүк экендигин белгилейт [154, 126-б.].

Ал эми инсандын өзүн реализациялоо жана өзүн бекемдөө (самоутверждение) маселеси боюнча изилдөөсүн жүргүзгөн Н.О.Касымова кандидаттык диссертациясында мындайча белгилейт: “Деятельность людей представляет собой путь становления и возвышения человека как личности. Своими действиями человек сам изменяет свою ситуацию в сторону прогресса или регресса. Основным способом самореализации является материально-предметная деятельность. Деятельность – это реализация своих сущностных сил. Реализовать свою способность как одну из определенных видов труда в общей трудовой деятельности, найти себя и осуществить себя – в этом смысл бытия человека” [308, 77-б.]

Жаштардын өзүн аныктоосунун мектеби катары советтик доордо комсомол чоң роль ойногон. Советтер Союзу учурунда жаш-улан кыздардын өзүн-өзү аныктоосунун учуру комсомолдук курагы болгон. Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик жаштар Союзу (ВЛКСМ) жаштардын кадыр-барктуу коомдук уюму катары советтик жаштардын инсан катары калыптануусунун, эрезеге жетүүсүнүн, коомго аралашуусунун мезгилин аныктаган такшалуунун жолу болгон. Улуу муундун өкүлдөрү советтик жаштардын комсомол уюмун өтө сыймыктануу менен эскеришет. Анткени комсомол тарбия берүүнүн, калыптануунун жана такшалуунун мектеби катары жогору бааланган. Комсомолдун катарына кошулуу жаш улан-кыздар үчүн чоң сыймык жана кадыр баркка барабар болгон. Бул тууралуу ВЛКСМдын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата мындайча эскерилет: “Мезгилдер тынымсыз өзгөрүлө берет, бирок комсомол жаштарды тарбиялап берген чыныгы баалуулуктар, бүткүл жүрөгүң менен Мекенди сүйүү жана аны сактоо, өз элинин тагдыры жөнүндө

ойлоо, анын келечегине ишенүү. Бүгүн биздин өлкө экономиканын жаңы шартында инновациялык өнүгүүнүн, өндүрүштү модернизациялоонун, экономикалык жактан көз карандысыздыгына жетишүүнүн жана түпкүлүктүү улуттук кызыкчылыктарын коргоонун жолуна түшкөн кезде, биздин жаштардын чыгармачылык жана эмгектик дарамети мурда болуп көрбөгөндөй деңгээлди талап кылып жатат, анткени ал коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө техникалык жана технологиялык ийгиликтерди жаратууга жөндөмдүү” [76, 6-б.]. Демек, жаштардын өзүн-өзү аныктоосунда комсомолдун тарыхый жолун, улуу демилгелерин, жаратмандык ийгиликтерин эске салып, аны даңктап жаштарды эмгекчилдикке, жарандык позицияларды калыптандырууга, мекенчилдикке жана интернационалдыкка тарбиялоонун мектеби катары колдонуу зарыл. Анткени советтик доордо комсомол жаштарды бириктирүүнүн, карым-катнаш түзүүнүн, өз ара таасир этүүнүн мектеби болгон. Бул тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн И.Ильинский мындай дейт: “Коммунистический союз молодежи – это субъект управления обществом, один из институтов народовластия. Деятельность комсомола – форма реализации молодежи своих прав и свобод. Внутрикомсомольская демократия, как одна из разновидностей социалистической демократии, на всех этапах развития общества, в том числе и в эпоху зрелого социализма, носит классовый характер” [94, 80-б.].

Демек, жаштардын ар түрдүү коомдук уюмдары аркылуу жарандык активдүүлүгүн, социалдык иденттүүлүгүн, баалуулук ориентациясын калыптандырууга болот. Биздин өлкөдө практикаланып келген Манастын осуяттарын жана “Сейтек”, “Семетей” уюмдарын өнүктүрүү аркылуу биз ар тараптуу өнүккөн жаш адамдардын тобуна жетише алабыз. Анткени мындай уюмдар өспүрүмдөрдүн каалоолорунун, кызыгууларынын ишке ашуусунун ордосу, инсан катары калыптануусунун мүмкүнчүлүгү жана коомдук кызыкчылыктарды таанып билүүсүнүн башаты. Мындай уюмдар жаштардын билимин жогорулатуучу, маданий-агартуучу, илимий-техникалык, дене түзүлүшүнүн өнүгүүсүнө түрткү берген спорттук багытта болушу шарт.

“Сейтек” жана “Семетей” уюмдары карым-катнашты түзүүнүн формалары, өспүрүмдөрдүн бири-бири менен эмоционалдык пикир алмашуусунун, куррактык өзгөрүүлөрдөгү өз ара кыжалаттануулардыбөлүшүүнүн мектеби.

И.В.Бестужев-Лада менен И.В.Башмаковдун биргелешкен эмгегинде жаштардын социалдык маселелерин чечүүнүн жолу катары алар мүчө катары болгон уюмдар эсептеле тургандыгы жазылат. “Коомдук иштерди уюштуруу аркылуу мектеп окуучулары, студенттер жамааттары улуу муундар өздөштүргөн баалуулуктарды үйрөнүүгө умтулат. Жаштардын коомдук турмушу өз алдынча ишмердүүлүк, өзүн-өзү башкаруу менен тыгыз байланышта жүргүзүлгөндө гана толук кандуу ишке ашат” [50, 22-б.]. Демек, жаштардын жеке Мениnin калыптануусунун жана өзүн-өзү ишке ашырууга үйрөнүүсүнүн мектеби болуп учурда өспүрүмдөр менен жаштар уюмдары кала бермекчи.  Жаштар көп учурда өз алдынча болууга, өзгөчөлөнүп көрүнүүгө умтулат. Алар өзүнүн курагындагылардан таасирленет, аларга окшош болууга умтулат жана жүрүм-туруму, карым-катнашынын стилине ээ болот. Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын уюмдары илимий-техникалык, көркөм-эстетикалык, дене тарбиясын өстүрөт жана жөндөмдүүлүктөрү менен талантынын өсүшүнө мүмкүндүк берет.

Жаш адамдардын талабы жана каалоолору коомдук уюмдар жана аларга катышуу менен гана чектелбейт. Өзүн-өзү ишке ашырууда анын окууга, билим алууга, эмгекке болгон керектөөлөрүнөн сырткары да каалоолору бар. Ал достору менен эмгек жамаатынан сырткары үй-бүлө аркылуу да жеке өзүнүн керектөөлөрүн ишке ашырат. Анткени үй-бүлө анын болмушунун бир бөлүгү, социалдык реалдуулугунун башаты. Ошондуктан жаш адамдын өзүн ишке ашыруусунда ата-эненин ролу чоң мааниге ээ. Бой жетип, үй-бүлө курууга максат койгондон кийин үй-бүлө анын инсандыгын андан ары өнүгүүсүнүн негизи болуп калат. Анткени үй-бүлө куруу, никеге туруу ар бир жаш адамга таандык социалдык белгилер. Үй-бүлө адамдардын жеке турмуштук каалоосун ишке ашырууга көмөктөшөт. Ар бир жаш адам коомдук керектөөлөр болгон

калктын кайра өндүрүлүшү, жаштардын коомго ыңгайлашуусу же социалдашуусу сыяктуу маселелерди аңдап билет жана ага катышат.

Жаш улан-кыздардын өзүн аныктоосунда коомдук пикирдин да мааниси чоң. Анткени жаштарды тышкы таасирлерден улам тез өзгөрүүчү (комформный) адамдар катары кабылдап келишет. Коомдук пикир аркылуу жаш адамдар белгилүү бир деңгээлде таасир алат, жашоо жолунда колдонот, андан өнүгөт же терс таасирлерге дуушар болот. Ж.Урманбетова белгилеп кеткендей жаштар арасында улуттук маданияттын сакталып калышынын критерийлеринин бири катары эне тилин билүү каралат. Үрп-адаттарды сактоо, өз тарыхын, тилин, дилин тереӊ өздөштүрүү сыяктуу баалуулуктарды кайра жаратуу зарыл [252, 155-168-бб.].

Демек, жаштардын өзүн аныктоосун калыптандырууда улуттук баалуулуктар, нарк-насил чоӊ роль ойнойт. Элдик мурасты жогору баалап, анын негизинде жаштарды тарбиялоо келечектеги инсан катары калыптануусунун жана өзүнүн ордун табуусунун негизи.

Бул бөлүм боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Өзүн аныктоо – адамдын жеке кызыкчылыктары менен керектөөлөрүнө ылайык өзүн аңдап билип, жөндөмдүүлүгү менен талантына жараша коомдук болмуштагы социалдык ролунун чагылышы; адамдын максатына жетүүсүнүн каражаттарын тандоосунун жолу, аны ишке ашыруу процесси жана өзүнүн ордун көрүүсү. Өзүн аныктоо – бул адамдын социалдык ролдорду аткарууда: кесип тандоодо, эмгек ишмердүүлүгүндө, үй-бүлө курууда, өзүнүн максатын, ой-кыялын жана тилек-каалоолорун ишке ашыруусунун чагылышы.
2. Заманбап илимде өзүн аныктоонун турмуштук, кесиптик жана инсандык түрлөрү бири-бирин толуктап турган курамы катары аныкталат. Турмуштук өзүн аныктоо коомдогу социалдык ролдорду жана жеке адамдын жашоо образын ишке ашыруунун жолдорун тандоодон көрүнөт. Инсандык өзүн тандоо жеке Менин табуу, өзүнүн ордун турукташтыруу жана бекемдөө дегендик. Инсандык өзүн аныктоо кесип тандоо менен байланышкан. Кесибине жараша келечектеги жашоосун долбоорлойт жана өзүнүн жеке жашоосунун маңызын

аңдап билет. Инсандык өзүн аныктоо иденттүүлүк менен тыгыз байланышта каралат. Анткени иденттүүлүк адамдын тигил же бул социалдык-инсандыкка таандык экендигин аңдап билиши катары көрүнөт.

3. Кесиптик жактан өзүн аныктоо – жаш адамдын келечектеги кесибин өз алдынча, аң сезимдүү түрдө, өз эрки менен тандоо, анын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү, өздөштүрүү жана аны менен алектенүү. Кесиптик жактан өзүн аныктоо өзүн-өзү баалоо аркылуу мазмундук формага ээ болот. Өзүн-өзү баалоо – жаш улан-кыздардын өзүн таануусу; ага тиешелүү жеке сапаттарын, кызыгуулары менен каалоолорун билүүсү жана өзүнө баа берүүсү. Кесиптик жактан өзүн аныктоодо адамдын мүмкүнчүлүктөрүнүн жасаган ишине дал келүүсү бааланат. Өзүн таанып билүү жана өзүн баалоо аркылуу жаш адам келекчектеги кесибине ээ болот, ошол аркылуу жашайт.

4. Өзүн аныктоо өзүн таанып билүү жана өзүн ишке ашыруу менен байланышкан. Өзүн таанып билүү баалуулук-мазмундук мүнөзгө ээ болсо, өзүн ишке ашыруу реалдуу ишмердикте баалуулуктарды өзүнө алуу дегендикти билдирет. Өзүн-өзү аныктоодо тандоонун ролу маанилүү. Тандоо – адамдын көп жактуу, көп жолду реалдуулуктан келечектеги өзүнүн ордун табууга багытталуусу, аракеттенүүсү, өзүн көрүүсү жана алга жылуусу. Жаштар адам болмушунда ар дайым көп жактуу жана көп варианттуу жолдорду тандоо мүмкүнчүлүгү бар экендигин билет жана тандоонун катышуучусу болот.

5. Жаш адамдын тандоосу кесип тандоодон, үй-бүлө куруудан, жашаган жерин тандоодон көрүнөт. Кесип тандоо ар бир адамдын жеке каалоосуна жараша жүрөт. Жаш адамдар ар дайым өзүнүн шык-жөндөмүнө жараша кесип тандоо мүмкүндүгүнө ээ. Кесип тандоо – жан дүйнөсүнүн талабы менен каалоолорун ишке ашыруу. Тандоо аркылуу өзүн ошол чөйрөдөн көрөт жана өзүн ошол аралыктан элестетет. Тандоонун негизи – үй-бүлөдөн башталат. Жаштар үй-бүлө курууда жубай тандоо мүмкүндүгүнө ээ. Жаш адамдар өз каалоосу боюнча никеге турат, ал эки жаштын тең каалоосу аркылуу болот.

6. Өзүн көрсөтүү жана өзүн ишке ашыруу жаш адамдын өзүн аныктоосунун жолдору. Өзүн көрсөтүү – бул адамдын жамаатта, үй-бүлөдө, социалдык

чөйрөдө руханий же материалдык баалуулуктарды жаратууда жеке Менин чагылдыруу. Бул адамдын курчап турган реалдуулукта өзүн көрсөтүүнүн мүмкүнчүлүгү. Өзүн ишке ашыруу – адамдын жеке жашоосундагы стратегиясы менен тактикасы аркылуу өзүнүн каалоолору менен үмүт-тилегинин аткарылышы жана максатына жетүүсү. Анын максаттарына жетүүсүндө элдик нарк, салт-санаа, руханий баалуулуктар чоң роль ойнойт. Анткени элдик мурас жаштардын инсан катары калыптануусунун жана өзүнүн ордун табуусунун негизи.

### 3.3. Жаштарды социалдык жактан коргоонун мазмуну

Коомдогу социалдык жана этникалык жалпылыктардын, социалдык-демографиялык топтордун кызыкчылыктары менен керектөөлөрү ар башка жана көп деңгээлдүү. Ошондуктан, ар кандай мамлекет ал топтордун кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алып социалдык саясаттын багытын аныктайт жана социалдык жактан камсыздоо жана коргоо иш чараларын жүргүзөт. Изилдөөбүздүн бул бөлүгүндө жаштарды социалдык жактан коргоо маселесине философиялык талдоо жүргүзөбүз.

Коомдогу ар бир жаран өзүнө керектүү билимге жана кесипке ээ болгондон кийин кайсы бир социалдык топтун, таптын, эмгек жамаатынын, ар түрдүү коомдук-саясий уюмдардын, кесиптик бирликтердин мүчөсү болот. Ал коомдо материалдык жана руханий байлыктарды өндүрүүгө катышат. Бирок ар бир эле адам өз эмгеги, же башка мыйзам аркылуу белгиленген жолдор менен өзүн же үй-бүлөсүн камсыздай албайт. Материалдык жактан жана башка жыргалчылык жагынан өзү каалаган максаттарга жете албай, татыктуу жашоону камсыздай албайт. Ушуга байланыштуу ар бир мамлекет өзүнүн жарандарынын жана бүтүндөй калкынын бакубат жашоосу үчүн, материалдык жактан абалын жакшыртуучу атайын иш-чараларды пландап, аны ишке ашыруунун жолун издейт. Натыйжада ал мамлекет социалдык багыттагы өлкө катары белгилүү болот. Кыргыз Республикасы да ушул багытта саясатты жүргүзгөндүктөн социалдык деген атты алып жүрөт. Бул Кыргыз Республикасынын баш мыйзамынын 1-беренесинде мындайча белгиленет:

“Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет” [321]. Мындай мамлекет жарандардын жыргалчылыгы жана бакубат жашоосу үчүн багытталган эффективдүү түрдөгү социалдык саясатты жүргүзөт. Эмгектенип, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан ар бир жаранга мамлекет мыйзам менен белгиленген кепилдиктерди камсыздайт. Алар социалдык коргоо тутумуна кирет.

Социалдык жактан коргоо – калктын социалдык укуктарын коргоо; ар бир адамдын социалдык жактан кепилдиктерин камсыздоонун тутуму. Коомдун жана мамлекеттин кепилдиктерди камсыздоодогу негизги функциясы социалдык саясаттын бир багыты. Буга ылайык калктын бардык катмары үчүн бирдей укуктар жана мүмкүнчүлүктөр тутумун ишке ашырат. Эмгекке жарамдуу адамдардын жумуш менен камсыз болуусу, эмгекти уюштуруу жана жүргүзүү жаатындагы укуктары, аларды коргоо боюнча иш-чаралар. Буга эмгекке жарамсыз адамдардын (жаш балдар, улгайган курактагы адамдар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар ж.б.) кызыкчылыктарын коргоо саясаты да кирет.

Калкты социалдык жактан коргоо системасы социалдык камсыздоо, социалдык камсыздандыруу, социалдык колдоо же жардам көрсөтүүнү камтыйт Бул маселе айрыкча базар экономикасына өткөндөн кийин актуалдаша баштады. Ал менчиктин формасынын өзгөрүшүнө байланыштуу материалдык байлыктарды өндүрүүдөгү жана кызмат көрсөтүүдөгү жаңы мамилелердин келип чыгышы, коомдун социалдык жаткан жиктелүүсү, жумушсуздук, эмгек акынын төмөндүгү, улгайган куракта камсыздоо маселеси, медициналык камсыздоону талап кылат.

Калкты социалдык коргоонун башкы максаты катары үй-бүлөнүн жан башына орточо кирешеси жашоо минимумунан төмөн болгон учурда, экстремалдык шарттарда калкка материалдык жардам көрсөтүү жана калктын социалдык аялуу катмарынын базар экономикасынын шарттарына адаптацияланышына көмөктөшүү болуп саналат. Бул ар бир мамлекеттин

социалдык саясатынын бир багыты катары атайын мыйзам менен бекемделет жана Эл аралык укуктук нормаларга негизделип жүргүзүлөт. Калктын мына ошондой аялуу катмарына жаштар да кирет.

Ааламдашкан коомдо жалпы калкты социалдык камсыздоонун бир багыты – жаштарды социалдык жактан коргоо. Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейинки өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында жаштарга байланыштуу мындайча айтылат: "Мамлекеттик жаштар саясаты жаштарды мамлекетти жана коомду өнүктүрүүнүн негизги активдеринин бири катары калыптандырууга, саясий, экономикалык, социалдык чөйрөлөрдө жаштардын демилгелерин колдоого, жаш жарандардын ата-бабалардын мурастарына, курчап турган дүйнө менен өз ара аракеттенүүсүнө жана өзүнүн чечимдерине жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууга багытталат" [318, 21-б.]. Бул Кыргыз Республикасында стратегиялык маанидеги документтер иштелип чыгып, жаштар менен иш алып баруу, аларды социалдык жактан коргоо боюнча бир топ алгылыктуу максаттуу чаралар көрүлгөнүн далилдеп турат. Кыргыз Республикасында жаштар саясатын өнүктүрүү, социалдык колдоо боюнча буга чейин да маанилүү стратегиялык иш-чаралар жүрдү. Алсак, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» мыйзамы, Кыргыз Республикасынын жаштар саясатынын 2016-2020-жылдарга карата стратегиясы, Кыргыз Республикасында 2020-2023-жылдарга эмгек сферасын жана калкты социалдык коргоону өнүктүрүүнүн стратегиясы, Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы жана башкалар кирет. Бул расмий документтер жаш адамдардын инсан катары ар тараптуу өсүүсүн жана билим алуу аркылуу эмгектенүүгө жарамдуу кесип ээсин калыптандырууну приоритеттүү багыт катары аныктайт. Анткени иш жүзүндө турмуш өзү көрсөткөндөй эгемендик жылдарында жаш адамдардын көпчүлүгү өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн чектелдегендигинен улам жумуш издеп миграциялык процесстердин активдүү катышуучусу болуп келгендиги айдан ачык. Мамлекеттен сыртка чыгып кетип жаткан жаштарды токтотуп калуу мүмкүнчүлүлүгү болбой келди. Ушул

жагдайдан улам Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясына ылайык жаш адамдарды жумуш менен камсыз кылуу негизги максат катары белгиленет. Эгерде өткөн кылымдын аягы жана XXI кылымдын башында жаштар миграциясы жакынкы чет мамлектерде катталган болсо, азыр алыскы Европа, Америка, Кытай, Корея, Туркия жана башка мамлекеттерге жумуш издеп кетип жаткан жаштардын саны өсүүдө. 2018-жылы Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму (ОЭСР) тарабынан "Обзор системы социальной защиты Кыргызстана" деп аталган изилдөөлөрдүн жыйынтыгы чыккан. Анда мындай деп айтылат: "Согласно оценкам, от 15 до 20 процентов населения работает за границей (главным образом в России), где уровень оплаты труда значительно выше, чем в Кыргызстане. Чаще всего эмигрирует трудоспособная молодежь из южных областей страны. Миграция весьма благотворно влияет на экономику: например, в 2016 году удельный вес денежных переводов от трудовых мигрантов в структуре валового внутреннего продукта (ВВП) составил 34,5%, что является одним из самых высоких показателей в мире. Если бы не высокие объемы эмиграции, уровень безработицы, вероятно, повысился бы (или значительно снизился бы размер оплаты труда). Однако мигранты (и семьи, которые они содержат) являются чрезвычайно незащищенной группой населения, и эмиграция для граждан Кыргызстана связана с целым рядом социальных проблем" [328 20-б. "Обзор системы социальной защиты Кыргызстана" OECD (2018), *Обзор системы социальной защиты Кыргызстана*, OECD Publishing, Paris. *http://dx.doi.org/10.1787/*9789264305656-ru]. Ошондуктан жаштарды жумуш менен камсыз кылуу биздин мамлекеттин жаштарга карата жүргүзүп жаткан саясатындагы приоритеттүү багыт. Жаштар үчүн жумуш орундарын түзүү, алардын мекенинде калып бар күчүн өз элине арноосу – чоң жетишкендик. Жаш адамдын билимин жана эмгегин башкаруу чөйрөсүндө, экономика тармагында социалдык жактан камсыздоо жана башка тутумунда жумшоосу аркылуу коомго аралашуусу жөнгө салынат. Бул багытта жаштарга колдоо көрсөтүү, адардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү зарыл. Заманбап

коомдо жаштарды активдүү жана кыймылдуу топ катары гана карап тим болбостон, аларды демилге көрсөтө билүүгө тарбиялоо, коомдогу ар түрдүү өзгөрүүлөргө адаптацияланыусу боюнча колдоо көрсөтүү, айрыкча үй-бүлө куруу, пландаштыруу, жаш үй-бүлөлөрдү колдоо, оор турмуштук жагдайларга туш болгон кээ бир жаштарга көңүл буруу сыяктуу маселелер социалдык коргоо жаатындагы курч маселе.

Ар кандай мамлекетте таланты жана жөндөмү бар жаштардын жаңы мууну менен толукталып турaары мыйзам-ченемдүү процесс. Ошондуктан таланттуу, билимдүү, ишкердикке жөндөмдүү, ар кандай өзгөрүүлөргө туруштук бере алган, кыйынчылыктарга моюн сунуп калбаган жаңы муундун пайда болуусу үчүн мамлекет аларга инвестицияларды салууну колго алуусу өтө маанилүү. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында ушул багыттагы иштер ырааттуу жүргүзүлө тургандыгы белгиленген. “Мамлекеттин, бизнестин кыйла жөндөмдүү, шыктуу, таланттуу жаш адамдарга инвестициялоосунун айрым программаларын, механизмдерин даярдайт жана киргизет” [319, 22-б.] - деп белгиленет.

Ушундан улам биздин коомдо жаштарга карата кандай социалдык камкордук көрүү зарыл жана ошол эле учурда кандай колдоолор болуп жатат деген суроо жаралат.

Заманбап коомдогу жаш адамдар кандайдыр бир бүтүндүк катары эсептелбейт, айрыкча стратификациялык планда караганда ар түрдүү топтордон жана тайпалардан турат. 2002-жылдын 22-24-октябрь күндөрү Ысык-Көлдө Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жаштарынын Биринчи конгресси өткөн. Негизги максаты катары аймактагы актуалдуу маселелерди талдоо жана жаштардын өз ара кызматташтыгын жана карым-катнашын жөнгө салуу аркылуу Борбор Азиянын туруктуу өнүгүүсүнө таасир тийгизүү болгон. Негизги маселелер катары демократия жана коопсуздук көйгөйлөрү талдоого алынат. Чындыгында эле жаштар маселеси бир эле Кыргызстанда болбостон, жакынкы жана алыскы мамлекеттерде, деги эле бардык өлкөлөрдөгү социалдык маселе экендиги талашсыз. Бул тууралуу конгресстин материалдарында мындайча белгиленет:

“... наличие следующих социально-экономических проблема у молодежи региона: - безработица, трудности с устройством на постоянную и перспективную работу с оплатой, позволяющей обеспечивать достойные уровень и качества жизни; углубление социального расслоения общества, рост бедности, в том числе среди молодежи; миграционные настроения среди дееспособной молодежи, рост уровня внутренней и внешней трудовой миграции...” [161, 213-б.].

Демек, жаштарга карата социалдык коргоону эң алды менен жумуш менен камсыздоо, жакырчылыкка жол бербөө, миграциянын деңгээлин төмөндөтүү сыяктуу маселелерден баштоо зарыл. Мамлекетте жаштарга гана эмес, калктын бардык атмарына карата коргоо саясатын жүргүзүү маанилүү.

Калкты социалдык жактан коргоо – бул калктын бардык катмарына жетишээрлик турмушу үчүн шарттарын камсыздоо боюнча коомдук иш аракеттердин тутуму. Мында биринчи кезекте мамлекет тарабынан адам үчүн зарыл болгон чөйрөнү түзүү, калктын саламаттыгы үчүн чараларды көрүү, энени жана баланы коргоо, үй-бүлөгө камкордук көрүү, жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек акыны жөнгө салуу, турак-жай менен камсыздоо маселесин чечүү, эмгекке жарамсыз калкты колдоо.

Кыргыз Республикасынын калкын социалдык коргоо жана эмгек чөйрөсүн өнүктүрүүнүн 2020-2023-жылдарга карата программасы иштеген. Бул документке ылайык Кыргызстанда калктын бардык катмарынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, бакубат жашоону камсыз кылуу, жакырчылык деңгээлин кыскартуу негизги приоритеттүү багыт катары аныкталган. Көп балалуу үй-бүлөлөргө, улуу муундагы адамдарга, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, толук эмес үй-бүлөлөргө камкордук көрүү социалдык жактан коргоонун башкы максаты. Ошол эле учурда экономикалык жактан активдүү калкты жумуш менен камсыздоо, иштеп жаткандарды социалдык жактан колдоо, жумушсуздарга камкордук көрүү колго алуу белгиленет.

Кыргыздын салттуу маданиятына кайрылсак, ата-бабаларыбыз жаштарды ар түрдүү жолдор менен социалдык коргоо жана камсыздоо чараларын жүргүзүп келишкен. Алсак, кыргыздар байыртан эле жаңы үйлөнгөн жубайларга "Ак өргөө" көтөрүшкөн. Ата-энеси жакшы тилек менен көтөргөн боз үйдө жаш жубайлар өз алдынча түтүн булатышкан. Бул социалдык жаткан коргоонун эң жакшы салты. Мындай салт азыр "балдарын бөлүү" деген ат менен ишке ашат. Үй-бүлө курган эки жашты ата-энеси өзүнчө жашоосу үчүн үй куруп, турмуш-тиричиликке керектүүлөрүн кошо берип жаңы үйүнө көчүрүшөт. Балдарына энчи берип, өзүнчө жаоосун карата социалдык колдоо көрсөткөн. Мындай салт-санаа кыргыздардын байыртан бери жаңы үй-бүлөнү колдоо жана өз алдынча үй-бүлөнүн салтын улап кетүү жөрөлгөсү.

Коомдо социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу катары эң алгач анын мүнөзүнө, динамикалык өсүшүнө талдоо жасоо маанилүү. Азыркы учурда чечүүнү талап кылган маселе жаштардын социалдык жактан коргоону өнүктүрүү. Анткени экономикалык жактан алганда жаштар калктын социалдык жактан корголбогон катмары жана ал маселени чечмейинче келечекте социалдык жактан өнүгүүгө жетишүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, социалдык жактан коргоо – жаш адамдардын укуктарынын ишке ашышын камсыздоо дегендикти билдирет. Биринчи кезекте эмгекке, билим алууга болгон укуктарды камсыздоо зарыл. Аталган маселе кезегинде чечилбесе социалдык көйгөй катары чыгат.

Социалдык көйгөй – социалдык башкаруу аркылуу чечүүнү талап кылган коомдун жүрүшүндө келип чыккан карама каршылыктар, милдеттер жана маселелер. Ал эми жаштардын социалдык көйгөйлөрү – социалдашуу процессинде, социалдык статуска ээ болуу учурунда, башка социалдык топтор менен карым-катнаш түзүүдө келип чыккан карама-каршылыктар. Заманбап коомдо бул көйгөй жаштарды социалдык жактан коргоо менен байланышкан маселелер катары эсептелет. Тагыраак айтканда, объективдүү мүнөздөгү жаштарга тиешелүү болгон маселелер. Алар жаштар тарабынан анчалык

аңдалып кабылдана бербейт, маанилүү катары эсептелбейт. Бирок мамлекет үчүн башкы жана убагында чечүүнү талап кылган маселе катары болот.

Мамлекеттин жаштар маселеси аймактык өзгөчөлүктөргө байланыштуу ар түрдүү деңгээлде кабылданат. Мисалы, айыл жерлериндеги жаштардын маселеси шаардыктар үчүн анчалык деле маанилүү болбошу мүмкүн. Ошондуктан жаштарды социалдык жактан коргоода аймактык өзгөчөлүктөр эске алынат. Мамлекеттин социалдык жактан коргоосу шаарлардагы жана аймактардагы жаштардын өзгөчөлүктөрүн эске алып жүргүзүүсү зарыл.

Турак-жай маселеси жаштар жана жаш үй-бүлөлөр үчүн социалдык маселе болуп эсептелет. Көптөгөн жаш үй-бүлөлөр ушул жаатта мамлекет тарабынан колдоолорго муктаж. Мамлекет мындай социалдык багыттагы иш-аракеттерди жасады. Алсак, Кыргыз Республикасынын  Өкмөтүнүн 2015-2020-жылдары “Арзан турак жай” программасы ишке ашырылган. Бул программага ылайык Кыргызстандын жарандарына, анын ичинде жаш адистерге ипотекалык механизмдерди иштетүү аркылуу турак-жай менен камсыздоо иш-чаралары жүрөт. Социалдык турак жайларды куруу аркылуу жаш адистерди, калктын аз камсыз болгон катмарын турак жайлар менен камсыздоо иштери колго алынган. Бирок бул программа боюнча ипотекалык насыялоонун шарттары жаш адистер жана жаш үй-бүлөлөр үчүн алгылыксыз болуп калган жагдайлары да бар.

Мындай программа 2021-2026-жылдарга “Менин үйүм” деген аталышта улантылган. Бул долбоорго жаштардын катышуу мүмкүнчүлүгү өтө эле төмөн болгон. Анткени долбоорго катышуучуларды тандоо критерийине ылайык 2 жылдан кем эмес иш стажы жана иштеп жаткан ишкана-мекемесинде бир жылдан кем эмес эмгектенүүсү талап кылынган. Туруктуу жумушу жок жаштар бул программанын катышуучусу боло албай тургандыгын тастыктап турат. “Арзан ипотека” деп аталган долбоорго катышуучуларды тандоо да ушул эле талаптарды койгон. Ошондуктан, жаштардын же жаш үй-бүлөлөрдүн өздөрүнүн турак жайына ээ болуусу боюнча мамлекет тарабынан дагы кошумча иш чараларды иштеп чыгуусу зарыл. Анткени жаш үй-бүлөлөрдүн бала

тарбиялоо жана аларды камсыз кылуусунун бирден бир зарыл шарты катары турак жайларга ээ болуусу эсептелет.

Жогорудагылардан улам улан-кыздардын көпчүлүгү жогорку билим алууну каалай беришпейт. Алар экономикалык жактан көз карандысыз болууну жана үй-бүлө куруудан мурда социалдык жактан өз абалдарын чыңдап алууну көздөшөт. Ушул жагдайлардан улам алар эмгек мигранттары катары сыртка чыгып кетүүнү ойлошот. Акыркы жылдары эмгек мигранты катары чыккандардын саны өсүүдө. Коомдун экономикалык турмушуна кандай жана кантип аралаша тургандыгын жаштар көп учурда өздөрү чече турган болуп калды.

Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет катары ар бир адамга белгилүү жашоо деңгээлин камсыз кылуусу зарыл. Кирешелерди жана менчиктин түрлөрүн эске алып материалдык жана маданий жактан жетишээрлик деңгээлдеги социалдык колдоолор болушу керек. Жаштарга карата социалдык камсыздоо, социалдык жардам көрсөтүү, жаштардын ар түрдүү иштерин колдоо аракеттери менен гана чектелген учурлар көп кездешет. Жаштар коомдун турмушуна активдүү катышкан, инновациялык идеялары менен айырмаланган, эмгек жана чыгармачыл потенциалын көрсөткөн топ.

Биздин өлкөдө жаштарды социалдык жактан коргоо оор турмуш шартында болгон жаш адамдарды колдоо менен гана чектелет. Ал эми жаш адамдардын социалдык-экономикалык жактан күч-кубаттуу болушу жана турмуштун оор шартына кептелбеш үчүн жаштарга алдын ала агартуучулук иштерди жүргүзүү зарыл. Учурда жаштардын арасында менчикке карата мамилеси, жашоо деңгээли боюнча кескин айырмаланган тенденция кездешет. Эгемендүүлүк жылдарындагы социалдык-экономикалык кайра куруулар жаштарды социалдык жактан камсыздоону түп тамырынан бери реформалоону талап кылды. Себеби советтик доордогу социалдык камсыздоо системасы өзүнүн күчүн жоготту жана кайрадан камсыздоонун жаңы системасын иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты. Базар экономикасынын шарттарына жараша

жаштарга карата гана эмес, бүтүндөй калкты камсыздоону реформалоо зарыл экендигин жана социалдык кепилдиктерди кайра кароону мезгил өзү көрсөттү.

Кыргызстандын рыноктук экономикага өтүшү менен калкты социалдык жактан коргоонун механизмдери негизги көңүл бурууну талап кылган. Советтик доордогу социалдык камсыздандыруу саясатын андан ары улантуу менен эмгек рыногунда социалдык жардам көрсөтүүнүн жаңы чараларын жана стратегиясын иштеп чыккан. Социалдык коргоо мамлекетик чыгымдардын чоң бөлүгүн түзөт жана саламаттыкты сактоо жана билим берүү системасына жумшалган чыгымдардан көлөмү жагынан жогору. Формалдуу эмес жумуш менен алектенүү, эмгек мигранттарынын санынын өсүшү жана жумушсуздук, калктын демографиялык жактан өсүшү социалдык жактан коргоонун жаңы механизмдерин талап кылууда. Улгайган курактагы адамдардын санынын өсүшү жана эмгекке жарамдуу жаш адамдардын сыртка эмгек мигранты катары чыгып жатышы мамлекет тарабынан калкты социалдык коргоонун, айрыкча жаштарды  социалдык жактан коргоону өркүндөтүү керектигин далилдеди. Учурда калкты социалдык коргоонун реформалары пенсиялык камсыздоону жалпы жана туруктуу абалга алып келди. Мындай камсыздоо социалдык жактан жардам көрсөтүүгө караганда алда канча көп суммада экендиги маалым. Жакырчылыкты жоюу, жумушсуздукту колдоо маселеси дагы да төмөн бойдон калууда. Жумушсуздук жаш адамдардын арасында жогору жана аны мамлекет тарабынан жөнгө салуу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөкпул жана башка социалдык жардамдын формаларын киргизүү талап кылынат. Акыркы жылдары социалдык коргоого жумшалган чыгымдардын саны өсүүдө, бирок калкты камтуу жагынан төмөндөп жатат. 2015-жылы ай сайын төлөнүүчү жөлөкпулду 5,9% гана үй-бүлө алган. Учурда “үй-бүлөгө жөлөк”  деп аталган жөлөкпулду аз камсыз болгон 16 жашка чейинки балдары бар, ар бир адамга кирешеси 1000 сомдон төмөн үй-бүлөлөр ала алышат. Бул көрсөткүч жакырчылыктын жалпы денгээлинен алда канча аз өлчөмдө.

Жашоо циклинин тобокелчиликтери жаштар арасында көбүрөөк кездешет. Жакырчылыктын көрсөткүчү балдар жана өспүрүмдөр арасында

жогору экендигин статистикалык маалыматтар тастыктоодо. Эгерде 2017-жылы 0-17 жаш курактагы балдар арасында жакырчылыктын көрсөткүчү 25,6% түзсө, 2021-жылы бул 33,3% болгон. Ымыркайлардын өлүмү жана энелердин төрөт учурунда жарык дүйнө менен кош айтышы бул жаатта социалдык коргоонун жаңы механизмдерин иштер чыгууну талап кылат.

Статистикалык маалыматтарга ылайык Кыргызстандын калкынын 20% га жакыны чет мамлекеттерде эмгектенишет. Алардын көпчүлүгү эмгекке жарамдуу курактагы улан-кыздар. Кыргызстандын мигрант жаштарынын орточо курагы 29 жашты түзөт. Алардын 43% орто билимдүүлөр, 6% жакыны Россияда туруктуу жашап калууну ойлошот, 44% улан-кыздар узак убакытка ошол жакта калууну ойлошот. Миграциялык процесстер социалдык-экономикалык өсүшкө бир кыйла оң таасирин тийгизет. Акча которуулардын көлөмү ички дүң продукцияга салыштырмалуу алганда сезилээрлик өлчөмдү түзөт. Миграциялык процесстерге катышкандар кайтып келгенден кийин өздөрүнүн ишканасын ачууну же бизнес чөйрөсүндө эмгектенүүнү пландашат. Эмгек мигранттары үчүн көйгөй катары социалдык жактан коргоого алынбагандыгы. Ошол эле учурда миграциялык процесстер социалдык маселелерди жаратууда. Алардын негизгиси катары демографиялык диспропорциянын келип чыгышына жана көп сандаган үй-бүлөлөрдүн бузулушуна түрткү берүүдө. Ата-энеси мигрант балдардын саны өсүп, алардын толук кандуу билим менен тарбия алуусуна терс таасирин тийгизүүдө жана чектен чыккан жүрүм-турумдагы балдардын саны көбөйүүдө. Мамлекеттин социалдык коргоосунун бир багыты катары ата-энеси эмгек миграциясында жүргөн балдар жана өспүрүмдөрдү социалдык жактан коргоого алуу болуп калды. Бул жаатта жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, билим берүү мекемелери, жакын туугандары ошол балдар менен ар түрдүү коргоо чараларын жүргүзүүдө. Мындай багыттагы социалдык коргоо чараларын райондук, шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктары колго алууда.

Биздин өлкөнүн ушундай социалдык-экономикалык абалынан улам социалдык жактан коргоонун багыттарын өнүктүрүүдө төмөндөгүлөргө көңүл буруу зарыл:

1. жаштарга даректүү социалдык жардамдарды уюштуруу;
2. социалдык жеңилдиктердин жана төлөмдөрдүн жаны түрлөрүн киргизүү;
3. жаштарды социалдык коргоо сферасында жаңы кызмат көрсөтүүлөрдүн программасын өнүктүрүү.

Даректүү социалдык жардам көрсөтүү жаштарды социалдык жактан коргоонун бир формасы болуп калуусу маанилүү. Ал үчүн мамлекеттик жана жергиликтүү финансылоонун булактарын табуу зарыл. Бул жаштардын жашаган жана иштеген аймактарынын минималдуу жашоо деңгээлин сактоо, жеке керектөөлөрүн эске алып аз камсыз болгон жаш үй-бүлөлөргө социалдык жардамдарды уюштуруу, аймактардагы жаштардын өзүн-өзү ишке ашыруусуна жана өзүн-өзү камсыздоосуна жетишүү үчүн шарттарды түзүүнү камтыйт.

Жаштарды социалдык коргоонун негизги багыттары катары алардын демилгелерин, коомго пайдалуу ишмердүүлүгүн, жаштар уюмдарынын иштерин колдоо эсептелет. Экономикалык өз алдынчалыгын жана алардын эмгекке болгон укуктарын камсыздоого камкордук көрүү, жаш үй-бүлөлөрдү колдоо жана аларга карата социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү зарыл. Ден соолугун сактоо шарттарды камсыздоо, сергек жашоо образын жүргүзүү үчүн тарбия жана билим берүү маанилүү багыттардан болуп саналат.

2019-жылдын 18-октябрында 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатын жүргүзүүнүн концепциясы кабыл алынган [319]. Буга ылайык жаштардын ар түрдүү чечимдерди кабыл алууда катышуусун камсыздоо; кызыкчылыктары менен каалоолоруна жетишүүсү үчүн тиешелүү билимдерге жана дени сак, бакубат жашоого ээ болуусуна жетишүү; социалдык-экономикалык жактан финансылык туруктуулукка жана коомдун өнүгүүсүндө негизги жана башкы субъект болуп кала тургандыгы бекитилет [318, 10-б.].

Жаштарды социалдык жактан коргоо маселесин кароодо аларды өзгөчө топ катары карабастан коомдогу социалдык тутумдун ичинде жана аны менен

тыгыз байланышта кароо маанилүү. Жаш адамдар ошол коомдун бир бөлүгү жана анын курамындагы топ. Ошондуктан жаштарды “коом-жаштар” карым-катнашында кароо талдап жаткан маселени ар тараптуу ачып берүүгө мүмкүндүк түзөт.

“Коом-жаштар” маселеси өз ара карым-катнаштагы, диалектикалык байланыштагы бүтүндүк. Коомду жалпылык катары карасак, жаштар коомдун бир бөлүгү. Социалдык реалдуулук жаштардын белгилүү бир тибин калыптандырат жана социалдаштыруу процессин жүргүзөт. Коомдогу жаштар маселеси – бул улан-кыздардын күч-кубатын, ар намысын өстүрүү үчүн шарттарды түзүү, интеллектин өстүрүү, билим берүү, гумандуулукка тарбиялоо, улуттук баалуулуктарды калыптандыруу саясатын жүргүзүү.

Жаштар коомдогу активдүү топ катары анын алга жылуусун шарттайт жана материалдык байлыкты жаратуучулар болуп саналат. Алардын эмгеги менен билими коом үчүн зарылдык, себеби социалдык-демографиялык өзгөрүүлөрдөн улам эмгекке жарамдуу курактан улгайган, андан кийин пенсия курагына өтүп турат. Ал эми жаштар болсо эмгекке жарамдуу калктын ордун толуктап коомдогу негизги өндүргүч күч болуп калат. Коомдун бардык сферасында өзүнүн акылы жана күчүн жумшап, интеллектуалдык деңгээлин көрсөтөт жана коомдун алга жылуусуна өбөлгө түзөт. Ошондуктан “коом-жаштар” карым-катнашы ар дайым болуучу жана бири бирин толуктап турган система. Коомдук өнүгүүдө жаштар инновациялык идеялары менен айырмаланган, негизги жаратуучу жана өндүрүүчү. Алардын ишмердиги коомдун өнүгүшүндө жана анын бардык сфераларынын жаңыланып турушуна себеп болот. Жаштарсыз коом ар тараптуу жана көп катмарлуу жалпылык боло албайт. Эгерде социалдык аспектиде коомдук жалпылык десек, андагы жаштар анын бөлүгү. Социалдык-демографиялык планда карганда жаштар – өзгөчөлүк.

Демек, жаштар маселесин “коом-жаштар” диалектикалык карым-катнашында караганда: коом (социалдык-демографиялык планда караганда) – наристе балдар, өспүрүмдөр, жаштар, жетилген курактагылар, улгайган адамдарды өзүнө бириктирген жалпылык. Ар түрдүү курактагы, социалдык

ролдогу жана социалдык-этникалык топторду өзүнө бириктирет жана алардын кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн ишке ашырат. Ал эми жаштар ошол бүтүндүк бөлүгү, анын реалдуу жана толук кандуу бар болуп турушунун элементи.

Демек, жаштар – коомдун социалдык-демографиялык тобунун бир бөлүгү, социалдык-психологиялык, социалдык-экономикалык жактан айырмаланган жекелик. Жаштар – коом аркылуу жана коомдо өзүнүн социалдык-демографиялык жактан айырмалангандыгын көрсөткөн, кайталангыс социалдык-психологиялык сапаттарга ээ болгон өзгөчөлүк.

Жалпылык менен жекеликтин байланышын жана бири-бирине болгон карым-катнашын универсалдуу мааниге ээ болгон мамилени “коом-жаштар” карым-катнашынан көрүүгө болот. Жекелик же өзгөчөлүк катары болгон жаштар коом үчүн зарыл жана өзгөчө маанилүү топ, алардын болушу жана өз ара аракеттери социалдык болмуштагы мыйзам-ченемдүүлүк. Коомдун өнүгүшү жаштардын жекелигин көрсөтүүнүн жайы жана өзүн-өзү ишке ашыруунун мейкини. Анткени жаш адамдар өзүн коомдо гана ишке ашырат жана коом аркылуу өзүн көрсөтөт.

Ушундай карым-катнашта болгон диалектикалык бүтүндүк менен бөлүктүн бири бирине карата жоопкерчилиги бар. Эгерде коом жаштарды социалдык коргоо жана камсыздоо кепилдигин алса, жаштар коомдун социалдык-экономикалык жактан өсүшүнө белгилүү деңгээлде жооптуу болот. Мамлекет жаштарды ар тараптуу жана максаттуу коргоо саясатын ишке ашырат.

Жаштарды социалдык жактан коргоонун сферасы катары саламаттыкты сактоо, билим берүү, бош убактысы жана аны менен байланышкан эс алуусу эсептелет. Билим берүү жаштардын баалуулук ориентациясына таасирин тийгизет. Айыл жеринде жашаган жаштар өзгөчө калктын аяр катмары катары эсептелет. Алардын көпчүлүгүнүн жогорку билим алууга болгон мүмкүнчүлүктөрү аз жана жогорку окуу жайларын тандоодо да ушундай эле жагдайларга туш болушат.

Жаш өспүрүмдөрдү социалдык жактан коргоонун бир жолу катары педагогикалык-тарбиялык иштерди жүргүзүүнү реформалоо эсептелет. Айыл жерлериндеги орто мектептин бүтүрүүчүлөрү жогорку кесипке ээ болуусу үчүн жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы чоң роль ойнойт. Кээ бир учурда орто мектептин бүтүрүүчүлөрү жогорку окуу жайына тапшыруу үчүн талап кылынган баллга жетпей калган жагдайлар көп кездешет. Мына ушундай учурда аларга карата атайын социалдык жактан колдоо чараларын жүргүзүү керек. Башталгыч кесиптик билим берүү окуу жайларында билим алып, айыл жерлерине адистерди даярдоонун зарылдыгын аңдап билүүсү үчүн тарбиялык иштерди жүргүзүү маанилүү. Бул жаатта иш жүргүзүүдөн мурда ата-энелери менен да иш-чараларды алып баруу заман талабы болуп калды. Анткени элет жериндеги жаштардын жогорку билим алууга мүмкүндүгү жок болгон жагдайда балдарынын башталгыч кесиптик билим алуусуна түрткү бергендер – ата-энелер. Ошондуктан ата-энелери балдарынын баалуулук ориентацияларынын калыптануусуна жана багытталуусуна таасир этүүчү жакындары.

Мектептер менен ата-энелердин тыгыз иш алып баруусу жаш өспүрүмдөрдүн чектен чыккан журүм-турумунун алдын алуунун бир жолу. Мына ушул жааттагы иштер жаштарды коргоонун элементи катары болот. Анткени мектеп жашындагы балдар ар түрдүү терс абалдарга кабылып, криминалдык чөйрөнүн таасири астында калышы ыктымал. Мындай жагымсыз жагдайлардын алдын алууда ата-энелер менен мектептин биргелешкен аракети гана өспүрүмдөрдү терс адаттарга баруусуна тоскоолдук кылат. Акыркы жылдары практикаланып жаткан "Ата-энелер мектеби" белгилүү деңгээлде өз жемишин берсе, өспүрүмдөрдү коргоонун дагы бир жолу болуп калат деген ойдобуз.

Статистикалык маалыматка ылайык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынан тартып жогорку кесиптик билим берүүгө чейинки мекемелерде билим алгандардын саны эгемендүүлүк жылдарда бир топ өзгөрүүгө учурады. 1990-жылы мектепке чейинки билим берүү мекемелерине барган жаш

балдардын саны 211 миңден ашыгыраак болсо, бул көрсөткүч 1995-жылы кескин кыскарган. 46 миңден ашыгыраак балдар мектепке чейинки мекемелерге тартылган. Жогорку кесиптик билим берүүдөгү көрсөткүч тескерисинче динамикалык өсүштө болгон. 1990-жылы Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим алып жаткан жаштардын саны 58800 болсо, 2000-жылы 188 миң, 2020-жылы 214 миңге жеткен. Ал эми 2022-жылга карата жалпы 227582 жаштар билим алып жатышкан [331 https://www.stat.kg/ru/opendata/category/342/] Жаштардын көпчүлүгү жогорку билим алууга багыт алып, башталгыч кесиптик билим берүү жаатына катышуусу азайган. Маалыматта көрүнүп тургандай 90-жылдары башталгыч кесиптик билим берүүгө 50 миң жаштар тартылса, 1995-жылдан бери төмөндөө байкалат. Мындай көрсөткүч эгемендүүлүк жылдарындагы социалдык-экономикалык шарттардан улам болгон. Советтик мезгилде иштеп жаткан бир нече ишкана-мекемелер жабылган. Бул кезегинде башталгыч кесиптик билими бар адистерге суроо-талаптын төмөндөгөндүгү жана жаштардын көпчүлүгү жогорку билим алууга умтулгандыгы менен мүнөздөлөт.

Таблица

Билим берүү уюмдары боюнча балдардын жана окуучулардын саны
[333 https://www.stat.kg/ru/opendata/category/4256/, 332 https://www.stat.kg/ru/opendata/category/4709/ ]

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **1990** | **1995** | **2000** | **2010** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| Мектепке чейинки уюмдар | 211571 | 46114 | 45768 | 85236 | 196123 |
| Жалпы билим берүү уюмдары | 942860 | 974132 | 1120548 | 1018868 | 1357408 |
| Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары | 50480 | 32005 | 26541 | 31225 | 32042 |
| Орто кесиптик билим берүү уюмдары | 43385 | 29374 | 26415 | 64287 | 95600 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жогорку кесиптик билим берүү уюмдары | 58813 | 64641 | 188820 | 230379 | 214157 |

Маалыматта белгилүү болгондой башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде билим алып жаткан улан-кыздарга социалдык жактан коргоо иш-чараларын жүргүзүү зарыл. Башталгыч кесиптик билим берүү мекемелеринде окуган окуучуларга тамак-аш, кийим-кече жана стипендия берүү менен камкордукка алынган. Ал эми орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде окуган студенттердин аз гана саны гранттык негизде окубаса, көпчүлүгү окуу акыларын төлөп билим алышат. Бул студент жаштардын мамлекет тарабынан социалдык жактан камкордукка алынбаган тобу абдан көп экендигин тастыктап турат. Натыйжада көптөгөн студент жаштар окуудан сырткары жумуш иштөөгө мажбур болушат.

Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки миграциялык процесстерди жөнгө салуу тууралуу концепциясында чет мамлекеттерде окуп келген жаштарды жумушка орноштуруу, медицина, маалыматтык технологиялар, инженерия багытындагы жогорку билими бар жаштарды жумуш менен камсыз кылуу белгиленген. Жогорку, орто кесиптик окуу жайларын бүткөн адистер чакырыктарга ылайык келишип, эмгек рыногунда өздөрүн ишке ашыра ала турган шарттар жана аларга карата мамлекеттик камсыздоо боло тургандыгын болжолдогон [320].

Демек, улан-кыздар менен социалдык иштерди жүргүзүүнүн институту катары билим берүү сферасы кала бермекчи. Билим берүү коомдун стабилдүүлүгүнүн маанилүү фактору катары жаш адамдын социалдык статусунун калыптануусун жөнгө салуучусу жана ар кандай социалдык шарттарга ыңгайлашуусунун негизи. Себеби билим берүүнүн мазмуну коомдун таасири астында калыптанса, ал эми коом болсо билим берүүнүн мазмунуна ылайык өзгөрүүгө жана өнүгүүгө барат. Ошондуктан жаш адамдарды калыптандырууда коом менен билим берүүнүн диалектикалык себеп-натыйжалык байланышын билүү маанилүү. Анткени коомдун социалдык-

экономикалык жана саясий-руханий жактан өнүгүшү билимдүү жана интеллектиси жогору адамдарга көз каранды. Ошол эле учурда мамлекеттин өнүгүшү канчалык жогору болсо, ошончолук деңгээлде адамдарга карата социалдык жактан коргоо жана камсыздоо чаралары жүрөт. Мамлекет ар тараптуу өнүккөн, коомдун өнүгүшү үчүн кызыкдар болгон адамдарга муктаж. Андай адамдардын калыптануусуна түздөн-түз таасирин тийгизген социалдык институт катары билим берүү системасы эсептелет. Ошондуктан билим берүү адамдын калыптануусунун жана коомго тигил же бул позицияда туруп өз салымын кошууга негиз болгон башкы социалдык институт.

Жаштарды социалдык жактан коргоонун дагы бир институту катары саламаттыкты сактоо эсептелет. Мамлекетте калктын саламаттыкты сактоонун негизги максаты катары дени сак, саламаттыгы бекем адамга жетишүү, жаш адамдын дене бою жагынан калыптанган, психикалык жактан туруктуу болушун калыптандырууну көздөйт. Жаш муундун репродуктивдүү мүмкүнчүлүктөрүн коргоо, келечекте эне боло турган кыз балдардын саламаттыгына кам көрүү, эне жана баланын дени сак болушуна жетишүү, ар түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу, жугуштуу эмес жана социалдык-экономикалык жана экологиялык абалдардан улам пайда болуучу ооруларга каршы туруу – жаш адамдарга болгон камкордук. Саламаттыкты сактоо мекемелери жаш адамдардын келечекте толук кандуу жана бакубат адам болуп жашоосун улантуу үчүн ден соолугун чыңдоочу жана оорулардын алдын алуучу эмдөөлөрдү жүргүзөт. Учурда жаш балдарды жана өспүрүмдөрдү эмдөөлөр боюнча да ар түрдүү кайчы пикирлер бар. Айрыкча диндик көз карашка таянган, анын принциптерин жогорку койгон үй-бүлөлөр ымыркайларды, балдарын иммунизация кылуудан баш тартышат. Бул биздин мамлекеттин келечекте дени сак, психосоциалдык жактан калыптанган адамга жетишүүсүнө терс таасирин тийгизиши ыктымал. Анткени иммунизация ар түрдүү оорулардын алдын алат жана дене боюнун сырткы таасирлерге болгон туруктуулугун камсыздайт. Ушул жаатта жаштарга көбүрөөк маалымат берүү

жана агартуу иштерин жүргүзүү зарыл. Медициналык мекемелер бул багытта калктын социалдык жактан коргоонун иш-чараларын дагы күчөтүшү керек.

Маалыматтарга ылайык ымыркалардын жана жаш балдардын өлүмүн азайтуу боюнча бир топ  алгылыктуу иштер жасалды. Эгерде 2000-жылы бул көрсөткүч 1000 адамга 42 туура келсе, 2015-жылы 19 түзүп, кыскаруу жолунда болгон. Статистикалык маалымат боюнча иммунизация балдардын дээрлик 95% камтыйт. Кээ бир аймактарда вакцинацияны кийинкиге калтырган учурлар көп кездешет. Айыл жерлеринде 1 жашка чейинки балдарды иммунизациялоо 1997-жылы 76,2% түзсө, 2014-жылы 68,5% гана болгон.

Саламаттыкты сактоо жаатында жаш адамдарды коргоонун дагы бир жолу – коомдогу адамдардын бардык катмарына сапаттуу, баасы жеткиликтүү дары-дармектер менен камсыз кылуу. Айрыкча жаш адамдардын ден соолугу чың болушу үчүн мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүп туруусу зарыл. Анткени жаштар ар түрдүү жугуштуу ооруларга кабылышы мүмкүн. Жаш адамдардын ден соолугунун чың болушу үчүн азык-түлүк коопсуздугунун алдын алуу маанилүү. Балдарды туура өсүшүнө жана дене боюна зыян алып келбей турган азыктар менен тамактанууга үйрөтүү зарыл. Ден соолугуна залал алып келүүчү жана табигый жактан баланын өсүшүнө терс таасирин тийгизген азыктарды пайдалануу – коомдогу дени сак калкты калыптандырууга терс таасирин тийгизет. Айрыкча таза суу менен камсыздоо мамлекет каалагандай адамга жетишүүсүнө түздөн-түз байланыштуу.

Белгилеп кетүүчү жагдай Кыргыз Республикасында калктын саламаттыгын сактоо максатында “Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө” программасы ишке ашырылып жатат. Калктын ден соолугунун абалына талдоо жасоо контекстинен караганда 17 жашка чейинки курактагылар 36,4% түзөт, эмгекке жарамдуу курактагылар – 60,3%. Ал эми 6,8% - эмгекке жарамдуу курактан улуулар. БУУнун божомолуна ылайык 2050-жылы биздин өлкөдө калктын картаюусу боюнча көрсөткүчтөр жогорку чекке жетээрин чакырык катары кабыл алуу айтылууда [321, 23-б.].

Саламаттыкты сактоо жаатында энелердин өлүмүн азайтуунун үстүндө иштөө күн тартибиндеги маселе. Анткени Кыргызстандагы энелердин 100000 төрөткө 76 эненин өлүмү туура келет. Бул коңшу мамлекеттерге салыштырып караганда эң жогорку көрсөткүч. Төрөттөн каза болгондор жаш энелер. Ошондуктан биздин өлкөдө жаш үй-бүлөлөргө карата социалдык камсыздандыруу програмаларын өнүктүрүү зарыл. Аталган программага ылайык келечекте биздин өлкөдөгү жарандардын орточо өмүр жашы 75 жашка жакын болоорун, энелердин жана ымыркайлардын өлүмгө учуроосу кыскара тургандыгы болжолдонууда. Биздин пикирибизче бул максаттарга жетүү үчүн ырааттуу түрдө иштелип чыккан социалдык жактан коргоо жана камсыздоо иш-чаралары күчөтүлүшү зарыл. Ошондо гана дени сак эне жана балага жетишебиз. Бул кезегинде саламаттыгы бекем жаштарды коомго даярдайт.

Жаштарды социалдык колдоонун бир элементи – социалдык камсыздандыруу. Биздин өлкөдө милдеттүү медициналык камсыздандыруу көп жылдан бери практикаланып келүүдө. Бул системага кирген жаш адамдар мамлекет тарабынан кепилденген камсыздоо жеңилдиктеринен пайдалана алышат. Камсыздоонун бул пакетине профилактикалык эмдөөлөр, медициналык тез жардам көрсөтүү, стационардык дарылоо учурунда ар түрдүү жеңилдиктерди берүү, жугуштуу жана жугушсуз оорулардын алдын алган иммунизация жүргүзүү болуп саналат.

Жаштардын бош убактысын жана эс алуусун уюштуруу жана алардын өздөрү тарабынан эс алуусунун өзгөчөлүктөрү мамлекет тарабынан колго алууну талап кылат. Анткени жаш адамдардын эс алуусу өзүнүн ординардуу эместиги жана керектөөлөрүнүн жогорулугу менен башка куракта адамдардан айырмаланат. Маданий эс алуу чаралары белгилүү бир деңгээлде жаш адамдардын керектөөлөрүн канааттандырат жана инсандык өзүн-өзү ишке ашырууга мүмкүндүк ачат. “Эс алуу” менен “бош убакытты өткөрүү” деген түшүнүктөрдү айырмалоо зарыл.

Бош убакытты өткөрүү – жумуштан сырткары мезгил; бул учурда ал тамактануу, үй жумуштары менен алектенүү, өзүнө зарыл болгон сатып

алууларды жүргүзүү, билимин жогорулатуу же өзүн калыбына келтирүү иштерин аткарат. Бош убакыт – бул жумуштан сырткары убактысы катары адамдын физиологиялык жана күнүмдүк-турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу мезгили.

А.Табалдиевдин пикиринде бир сутканы алып карсак ал жумуш убактысы жана андан сырткары убакыт болуп бөлүнөт. Жумуштан сырткары убакытты “бош убакыт деп эсептөөгө болбойт. Жумуштан сырткары убакытты өз учуру менен төрткө бөлүүгө болот. 1. Уйку, тамактануу жана башка табигый талаптарын канааттандырууга кетүүчү убакыт. 2. Үй тиричилигине жана өзүн-өзү тейлөөгө кетүүчү убакыт (Азык-түлүк алуу, тамак-аш даярдоо, балдарды жана өзүн тейлөө ж.б.). 3. Жумушка барып келүүгө кеткен убакыт. 4. Бош убакыт” [232, 18-б.]. Анын көз карашына ылайык жумуштан сырткары убакыттын 1-3-лөрү бош убакыт болуп саналбайт, алар жумуштан сырткары убакыттын бир бөлүгү. Бош убакыт адамдын эс алуусу, өзүн өнүктүрүүгө, билимин жогорулатууга, ар түрдүү коомдук иштерге катышууга жумшаган убактысы. Булардын ичинен эс алуу жаштар үчүн маанилүү. Ал эми А.Табалдиев “Бош убакыттын жумшалышын үчкө: маданий-техникалык деңгээлин көтөрүүгө, коомдук иштерди аткарууга жана маданияттуу эс алууга бөлүп кароо керек” [232, 23-б.]. – дейт. Ал эми Р.Ачылова бош убакытты илимий түшүнүк катары талдоого алат жана ал тууралуу минтип жазат: “Ал жумуштан тышкары убакыттын белгилүү бир өлчөмдүү бөлүгүн түзүп, адамдардын дем алуусуна, дене-түзүлүшүнүн чыңалышына жана жалпы эле рухий дүйнөсүнүн байышына шарт түзөт” [30, 20-б.]. Бош убакыт менен жумуш убактысы диалектикалык байланышта болуп, бири-бирин толуктап, бош убакытты пайдалуу өткөрүү жумуш убактысынын өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына шарт түзөт. “Жаштардын аң сезиминин өсүшүнө, алардын дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышына таасирин тийгизет”. Бош убакытты социалдык түшүнүк катары карап, коомдогу көп пландуу, татаал кубулуш жана коомдук убакыттын бир бөлүгү деп билет. “Жумуштан кийинки бош эмес убакытты” айырмалоо зарыл. Ага уйку, тамактануу кирет. Экинчиден,

жумушка байланышкан андан сырткары убакыт – кийинүү, жуунуу, жумушту тапшыруу, үйгө же жумушка баруу үчүн жолдо жүрүү айырмаланат. Үчүнчүдөн, үй тиричилигиндеги өзүнө карата бөлүнгөн убакыт да айырмаланат [30, 23-б.].

Бош убакытты өткөрүү жана эс алуу бири бири менен тыгыз байланышкан түшүнүктөр. Бош убакыт – жумуштан сырткары убакта адамдын эс алуусу, кайра өзүн жумушка даярдоосу, ар түрдүү социалдык функцияларды аткаруусу (ата-энеликти милдетти эске алганда балдарына камкордук көрүүсү, үй кызматтарын жасоосу ж.б.). Бош убакыттын ичинен адамдын тамактануусу да маанилүү орунда турат. Кийинки күнү жумушка баруусу үчүн адам эс алуу менен бирге туура тамактануусу да маанилүү. Туура тамактануу адамдын жалпы маданиятынын бир бөлүгү. Рационалдуу тамактануу ар кандай оорунун алдын алат жана жумуш убактысын эффективдүү өткөрүүгө мүмкүндүк ачат. Ошондуктан бош убактынын бир бөлүгү тамактануу менен да толукталат. Эс алуу бош убакыттын бир бөлүгү жана адамдын жаңы, жаркын маанайларынын пайда болуусунун башаты.

Эс алуу – өзүн өнүктүрүү, жагымдуу маанай тартуулоо, көңүлдүү жана көтөрүңкү абалда болуу; кызыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша адамдын өзүнө жана жакындарына жагымдуу маанайды сунуштоо, мамилелерди бекемдөө, жакын карым-катнашты түзүү; баалоо жана билүү мүмкүндүгү жана убактысы.

Учурда жаштардын эс алуусунун көпчүлүк убактысы ар түрдүү социалдык тармактарда болуусу, интернеттен түрдүү маалыматты алуу жана өзүнүн билимин өркүндөтүү менен коштолот. Жаштар арасында эс алуу жашоо тиричилигинин бир формасы катары кабылданат. Эс алуудан канааттануу жалпы болмушунун социумдагы реалдуулугу деп бааланат. Эс алуунун маданий эс алуу менен айкалыштыруу маанилүү. Жаш адамдардын театрга, ар түрдүү маданий-эстетикалык жайларга жана интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуучу клубдарга баруусун уюштуруу эс алуунун максаттуулугун жогорулатат.

Кыргыз Республикасында жаштардын эс алуусун уюштурууну мазмуну менен формасына өзгөрүүнү колго алуу зарыл. Анткени көптөгөн өспүрүмдөр бош убактыларын интернет клубдарда, социалдык тармактарда баарлашуу менен өткөрүшөт. Бул жаатта социалдык жактан коргоо чараларын жүргүзүү зарыл. Анткени өспүрүмдөр бош убактыларын жогоруда аталган өткөрүүнү адатка айландырышкан жана ага көз каранды болуп калган жагдайлар көп кездешет. Бул бош убакытты өткөрүү эмес, анын адатка айланган иши катары болуп калат. Ал эми биздин мамлекеттин алдында турган милдет эс алууну жаш адамдын чыгармачылык багытталышын көрсөтүү жана өнүктүрүү сферасы катары кабылоосуна жетишүү эсептелет.

Коомдогу моралдык-психологиялык жагдай жана анын маданий деңгээли социумдун физикалык жана нравалык саламаттыгы эс алуунун уюштурулушуна көз каранды. Инсандын баалуулук ориентациясына байланыштуу эс алуу уюштурулат жана ал социомаданий керектөө катары чыгат. Эс алуу таанып билүүчү максатта уюштурулат да практикалык ишмердүүлүктө же, билим алууда зарыл болгон маалыматтарды алат. Бул коммуникативдик карым-катнаш менен коштолот. Эс алуу учурунда адамдардын бири-бири менен баарлашуусу, аңгемелешүүсү жүрөт жана алардын карым-катнашынын чөйрөсү кеңейет. Мындай процесстин жүрүшүндө адам чыгармачыл потенциалын ишке ашырат, өзүн-өзү тааныйт жана өзүн-өзү өнүктүрөт. Эс алуунун кеңири жайылган формасы катары көңүл ачуучу эс алуу эсептелет. Мындай эс алуунун элементи катары паркка, циркке, театрга, зоопаркка, дискотекага, кафе, ресторандарга жана башка жайларга баруу эсептелет.

Ошентип, эс алуу – бул бош убакыттын бир бөлүгү, ал аркылуу адам өзүн-өзү ишке ашырат, өзүн көрсөтөт жана өзүн өнүктүрөт. Бош убакытты туура пайдаланып эс алууда интеллектуалдык жактан өнүктүрүүчү жана маданий оюн-зоок эс алуучу күндөрү айырмаланат. Интеллектуалдык эс алууда адамдын билимине билим кошулуп, дүйнөтаанымы кеңейет, кызыгуулары артат жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырат. Оюн-зоок эс алуулар адамды

психологиялык-маданий жактан маанайын көтөрөт, жашоосуна шаң кошот жана жаркын маанайларды жаратат. Турмуш-тиричилигиндеги кыйынчылыктарды унутуп, көңүлдүү, көтөрүңкү жагдайдан улам чыгармачыл багытты пайда кылат.

Демек, жаштарды социалдык жактан коргоо жаатындагы иштер мазмундук жагынан кеңейип, динамикалык мүнөзгө ээ болууда. Жаштарды социалдык коргоо – бул мамлекеттин өнүгүү багытына жана социалдык-экономикалык деңгээлине жараша, ошол мамлекет тарабынан кепилденген минималдуу социалдык-экономикалык талаптарды камсыздоо, ар тараптуу өнүгүшү үчүн тарбиялоонун, билим берүүнүн, саламаттыгынын, бош убактысынын жана эс алуусунун жагымдуу шарттарын түзүү. Жаш адамдарды социалдык жактан коргоо социалдык-экономикалык жактан камсыздоо, камсыздандыруу, социалдык жардам сыяктуу компоненттерден турат.

Ошентип, бул бөлүм боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Социалдык жактан коргоо – калктын бардык катмарынын социалдык укуктарын коргоо жана ар бир адамдын мамлекет тарабынан белгиленген кепилдиктерин камсыздоонун тутуму. Коомдо калктын бардык катмары үчүн бирдей укуктар жана мүмкүнчүлүктөр ишке ашырылат. Эмгекке жарамдуу адамдардын жумуш менен камсыз болуусу, алардын укуктары жана эмгекти коргоо боюнча иш чаралары; эмгекке жарамсыз адамдардын: жаш балдардын, улгайган адамдардын, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын жана башка жарандардын кызыкчылыктарын ишке ашышы жүрөт.

Социалдык жактан коргоо – мамлекет тарабынан ар бир адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон чөйрөнү түзүү, билимдүү, саламаттыгы бекем адамга ээ болуу. Эне жана баланы коргоо, бакубат үй-бүлөгө жетишүү, жумушсуздук, эмгек акыны жөнгө салуу, турак-жай, социалдык камсыздандыруу, эмгекке жарамсыз калкты колдоо чаралары.

Социалдык көйгөй – мамлекеттин өзүндө келип чыккан жана атайын иш-чаралар менен чечүүнү талап кылган маселелер. Жугуштуу жана жугушсуз

оорулар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендер, чектен чыккан жүрүм турумдар, кылмыштуулук, ар кандай жагдайлардан келип чыккан ата-энесиз абалга туш болуу, улгайган адамдардын көйгөйлөрү, экологиялык кырдаал, жакырчылык, алкоголизм жана наркомания.

Жаштардын социалдык көйгөйлөрү – социалдашуу процессинде, социалдык статуска ээ болуу учурунда, башка социалдык топтор менен карым-катнаш түзүүдө келип чыккан карама каршылыктар. Билимге ээ болуу, жумуш менен камсыз болуу, турак-жай маселесин чечүү, өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү көрсөтүү жаатында пайда болгон жана мамлекет тарабынан колдоону талап кылган милдеттер.

2. Жаш адамдарды коом аркылуу жана аны менен биргеликте кароо жаштар маселесин ар тараптуу чечүүгө жана аларга карата социалдык жактан коргоо маселелерин талдоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан коом менен жаштарды “коом-жаштар” байланышында кароо зарыл. Коом жалпылык болсо, жаштар анын бөлүгү. Коомдо жаштардын дүйнөтаанымынын калыптануусу жана ага ыңгайлашуусу жүрөт. Коомдогу жаштар маселеси – коомдун максатына жана талабына жооп берген жаш адамдарга ээ болуу; улан-кыздардын дүйнөтаанымын калыптандыруу, билим берүү, саламаттыгына кам көрүү, жумуш менен камсыздоо, элдик баалуулуктарга үйрөтүү, эмгекти уюштуруу жана андан сырткары убактысын туура бөлүштүрүү.

Жаштар ар дайым эмгекке жарамдуу калктын ордун толуктап, коомдогу негизги өндүргүч күч катары анын бардык сферасында өзүнүн акылы менен билимин жумшайт, интеллектуалдык деңгээлин көрсөтөт, инновациялык идеялары менен негизги жаратуучу жана өндүрүүчү топ катары болот. Алар коомдун социалдык-демографиялык тобунун бир бөлүгү катары социалдык-психологиялык, социалдык-экономикалык жактан калктын башка катмарынан айырмаланган, кайталангыс сапаттарга ээ болгон өзгөчөлүк.

3. Жаштарды социалдык жактан коргоонун сферасы катары саламаттыкты сактоо, билим берүү, жумуш менен камсыздоо жана жумуштан сырткары убакта эс алуусун туура уюштуруу эсептелет. Билим берүү

системасы алардын дүйнөтаанымынын жана инсандык сапаттарынын калыптанышынын, баалуулук ориентациясынын өнүгүшүнүн негизи. Жаштар калктын аялуу катмары катары социалдык жактан коргоого алынышы зарыл. Себеби жогорку билим алууга, жумуш менен камсыз болууда мүмкүнчүлүктөрү анча көп эмес. Аларга башталгыч кесиптик билим берүү жагынан камсыздандыруу кепилдиктерин кеңейтүү зарыл.

4. Жаштардын ар тараптуу жана өнүккөн инсан жана коомго пайдалуу кызматчы болушу менен бирге бош убактыларын туура пайдалануу, сергек жашоо образына үйрөтүү боюнча чаралардын болушу зарыл. Анткени эс алууга болгон керектөө адамдагы табигый-биологиялык кубулуш. Жаш адамдардын бош убактыларын өткөрүүсү жана эс алуулары башка курактагы адамдардан айырмаланып, керектөөлөрүнүн жогорулугу менен аныкталат.

Жаштардын бош убактысы – кызмат аткаруудан жана жумуштан сырткары мезгили. Тамак-аш жасоо, үй-жумуштары менен алектенүү, эс алуу, өзүнө зарыл болгон чөйрөнү түзүү, билимин жогорулатуу, кызыгуулары боюнча кандайдыр бир клубдарга, спорттук жайларга баруу. Бош убакыттын бир бөлүгү – эс алуу. Ал жеке кызыгууларына байланыштуу өзүн-өзү өнүктүрүү, жагымдуу жана көтөрүңкү маанайды жаратуу. Жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша адамдын өзүнө жана жакындарына карата убактысын арноо жана жагымдуу маанайдын, кубануунун натыйжасында оң эмоцияларга ээ болуу.

# КОРУТУНДУ

Жаштар маселесин логикалык-гносеологиялык, социалдык-философиялык изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Жаштар социалдык-философиялык изилдөөнүн объекти катары жалпы адамзаттык проблемалардын алкагында талдоого алынып, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон илимий эмгектер пайда болгон. Жаштарды субмаданият менен байланыштуу изилдеп, социалдык-демографиялык топ катары кароо, илимий-техникалык өнүгүүнүн шарттарында социалдашуусу, анын Мениннин көрүнүшү, социалдык позицияларды аткаруусу "өспүрүм-жаштык-жетилген куракттын" чынжырчасындагы борбордук, башкы орунда турган маселе катары караган талдоолор жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, жаштар маселеси социалдык философиянын өңүтүндө ар тараптуу талдоого алынбаган.

2. Жаштар жана жаштык маселеси өзгөчө маани-маңыздагы, мазмун-формадагы жана бир нече илимди интеграциялаган, комплекстүү изилдөөнү талап кылган феномен. Жаштар – социалдык-демографиялык топ; активдүү, кыймылдуу, тандоого жөндөмдүү келечектин куруучусу катары эсептелген, коомдун түрдүү сфераларында ишмердүүлүк жүргүзгөн жана социалдык-экономикалык чөйрөдө өзүн көрсөткөн инсандар. Жаштык – жаш адамдын өнүгүүсүнүн бир этабы катары ушул куракка гана таандык болгон физиологиялык, психологиялык, соматикалык, социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн чагылышы. Улан-кыздарды "бойго жетти" деген – дене түзүлүшү жагынан калыптангандыгы жана психологиялык, социалдык жактан инсан катары өнүгүшү. Жаштык – жаш адамдын жаран катары укуктарды жана милдеттерди аткарууга өз алдынча киришкен учуру. Жаштыктын эң башкы белгиси социалдык жактан жетилүү. Жаш адамдын социалдык жетилүүсү – индивидуалдык-физиологиялык, психологиялык, социалдык-маданий жактан өзүн-өзү таануу, өзүн актуалдаштыруу жана ишке ашыруусу. Инсандын

жекелигин, кайталангыстыгын, жеке Менин көрсөтүп, коомго социалдашуусу ишке ашат.

3. Өткөн мезгилдердеги жана заманбап философиялык багыттардагы окууларда белгилүү болгон классикалык эмгектер жаштар маселесин логикалык жактан реконструкциялоодо теориялык-методологиялык ролду аткарды. Жаштык – бул сулуулук; ал көрктүү, кайраттуу, намыстуу, акыл-эстүү курак катары каралып, эмгектенүү – бош убакыт – эс алууну айкалыштыра билгендик. “Жаштык-карылык” карым катнашында жаштар – жакшылык, сонундук, көрктүүлүк жана керемет деп билинсе, карылык – акылмандык, айкөлдүк, даанышмандык. Демек, жаштар – учурдагы жакшылык менен сонундук болсо, убакыттын өтүшү менен келечектеги – акылман адамдар, даанышман жана насаатчылар. Ошол эле учурда жаштар – тобокелчиликке көп дуушар болгон адамдар. Заманбап реалдуулук жаштар арасында чектен чыккан жүрүм-турумдардын болушу жана социумдун негизги баалуулуктарына карата агрессивдүү маанайда болгон тобокелдик-технологиялар үстөмдүк кылаары шексиз. Жаштарды мындай жолго баруусуна бөгөт жасоонун жолу – билим берүү жана тарбиялоо, бош убактыларын туура уюштурууга багыттоо.

4. Кыргыз эли жаш адамдарга өзгөчө маани берип, кайсы доордо болбосун баалуулуктарды алып жүрүүчү жана өнүктүрүүчү катары ишеним арткан. Жаштарды тарбиялоого, интеллектуалдык жактан өсүшүнө чоң маани берип, калыптандыруунун башкы каражаты катары элдик оозеки чыгармачылык эсептелген. Фольклордук чыгармалар аркылуу жаштарды адамгерчиликке, чыдамкайлыкка, бирин-бири сыйлоого тарбиялаган. Алар моралдык баалуулуктарды өздөштүрүүгө, жүрүм-турумду калыптандырып, жашоосунда туура колдоно билүүгө багыттаган. “Жашка – кызмат, карыга – урмат” деген акылмандыктын негизинде жаштарды – активдүү ишмердүүлүктүн, улууларды – акылмандык менен сый-урматтын ээси катары баалаган.

Жаштык – адам өмүрүнүн өзгөчө, кайталангыс баалуулугу. Бул курактагылар жакшы менен сонунду, кымбат менен баалууну жараткан өзгөчө

адамдар. Алар дене-түзүлүшү калыптанган, күчтүү, акыл жагынан тунук, ой-туюму, кабылдоосу өскөн жандар. Улан-кыздар акыл менен билимге ээ болгон, жаңыны жараткан, эскини жок кылган, зыяндууну залалсыздандырган, пайдалууну өнүктүргөн күч. Кыргыздардын салтына ылайык жаштык – “алтын курак”, “жашчылык” жана керемет учур. “Өспүрүм-жаштык-жетилген куректын” чынжырчасынын ортосу. Жаш адамдын дене түзүлүшү калыптанып, интеллектуалдык жактан өнүгүп, кайраттуу, сулуу, көрктүү, келбеттүү, сымбаттуу көрүнүшү – жаштык.

5. Жаштардын баалуулук ориентациясы же баалуулуктарга багытталуусу – негизги жашоо-турмуштук принциптеринин көрүнүшү, дүйнөкараштык позицияларынын багытталышы, адеп-ахлактык, эстетикалык-руханий көз караштарынын калыптанышы. Заманбап коомдо жаш адамдарды учур талабына ылайык баалуулуктарга ээ болуусу маанилүү. Жаштардын баалуулуктарга багытталуусу – бул улан-кыздардын дүйнөтаанымынын өнүгүүсүндө ишенимдердин, принциптердин, көз караштарынын калыптанышы жана социалдык жактан жетилүү жолунда баалуу, кымбат, асыл дегенге жетүүгө багытталган ишмердүүлүгү.

Социалдык баалуулуктардын ичинен эң башкы, маанилүү баалуулук болуп үй-бүлө эсептелет. Нике–үй-бүлө–наристе диалектикалык байланыштагы парадигма экендигин жаштардын дүйнөтаанымында калыптандыруу үй-бүлөнүн, коомдун алдында турган милдети. Никеге туруу аркылуу үй-бүлөнү түзүү ар бир адамдын болмушундагы баалуулук экендигин жаштардын аң сезиминде калыптандыруу – коомдун башкы максаты. Ата-энеликти аткаруу улан-кыздардын үй-бүлөдөгү милдети катары багыт алуусу модернизацияланган коомдогу чоң баалуулук. Жумуш менен камсыз болуу жаш адамдын болмушундагы негизгиси жана маанилүүсү. Жумуш менен алектенүү аркылуу гана адам максатына жетет, жашоонун маңызын түшүнөт. Жашоодо ийгиликке жетишүү улан-кыздар үчүн жашоонун жакшынакай, сонун болуп көрүнүшү. Ийгилик – жаштардын турмуштук алдыга койгон максатынын орундалышы жана бактылуу болушу. Бакыт жана бактылуулук жаштардын

жашоо образындагы башкы багытталыш. Анткени адам бактылуу болуш үчүн жашайт, адамдын өзүн бактылуу сезүүсү, каалаган тилек-максатына жетүүсү жашоонун маңызы. Ден соолугу чың, саламаттыгы бекем болушу – жалпы адамзаттын жашап турушундагы негизги жана жогорку баалуулугу. Жаш адамдар – ден соолуктун, саламаттыктын белгиси; дени сак, күч-кубаттуу, дене түзүлүшү жагынан калыптанган, жан дүйнөсү таза кайраттуу жандар.

6. Жаш адамдардын өзүн-өзү таануусу, өзүн актуалдаштыруусу Менин көрүүсүнүн жолу. Өзүн-өзү аныктоо – бул адамдын социумдагы ордун, жеке кызыкчылыктары менен керектөөлөрүнө ылайык өзүн аңдап билүүсү; өзүнүн каалоолоруна ылайык социалдык болмуштагы ролунун чагылышы. Турмуштук тигил же бул кырдаалга жараша өзүнүн жеке позициясын, максатын жана ага жетүүнүн жолдорун тандоосу. Ал кесип тандоодо, эмгек ишмердүүлүгүндө, үй-бүлө куруудa өзүнүн максаты менен тилегин ишке ашырууда көрүнөт .

Жаштардын тандоосу – улан-кыздардын бир нече көп жактуу, көп багыттуу реалдуулуктан ордун табууга өзүн арноосу, аракеттенүүсү, тигил же бул бийиктиктен өзүн көрүүсү. Адамда ар дайым көп варианттуу жолдорду тандоо мүмкүнчүлүгү болот. Жаш адамдын тандоосу биринчи кезекте кесип тандоодон, никеге туруудан, үй-бүлө күтүүдөн көрүнөт. Ушул процесстердин жүрүшү менен жаш адам өзүн-өзү ишке ашырат.

Өзүн ишке ашыруу – бул адамдын жеке потенциалынын жумшалышы; максатынын, ой-тилегинин, кызыгуусунун орундалышы. Ал процесс катары ишмердүүлүк менен коштолот жана жаш адамдын инсандыгы калыптанат, өзүн көрсөтөт.

7. Коом ар дайым билимдүү, таланттуу жана жөндөмдүү жаштардын жаңы муунунун калыптанышына кызыкдар, анткени башкы өндүргүч күч катары жаш улан-кыздар эсептелет. Ошондуктан таланттуу, билимдүү, ишкердикке жөндөмдүү, ар кандай өзгөрүүлөргө туруштук бере алган, кыйынчылыктарды жеңе билген жаңы муундун пайда болуусу үчүн мамлекет аларга инвестицияларды салат. Ал эми кыргыз эли байыртан эле жаштарды колдоо жана аларга камкордук көрүүнүн түрдүү формаларын ишке ашырып

келген. Жаш балдарды, өспүрүмдөрдү, улан-кыздарды, жаш үй-бүлөнү колдоо жана камсыздоо чаралары ата-бабалардан бери сакталып келип, бүгүн да ал саамалык уланууда. Өз алдынча бутуна туруп кетсин, өзүнө таандык ээлиги болсун деген таризде жаш балдарга мал-мүлк тарабынан энчи берген. Жаш үй-бүлөлөрдүн өзүнчө түтүн булатышы үчүн бөлүп, ак өргө көтөрүшкөн. Бул биздин элдин салттуу социалдык жактан колдоосунун жана камсыздоосунун бир түрү.

Заманбап социалдык коргоо мамлекеттик чыгымдардын чоң бөлүгүн түзгөндүктөн механизмдерин кайра карап чыгуу зарыл. Формалдуу эмес жумуш менен алектенген улан-кыздардын көбөйүшү, эмгек мигранттарынын санынын өсүшү социалдык жактан коргоону реформалоону талап кылат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Августин, А. Исповедь Блаженного Августина, епископа Гиппонского [Текст] / А. Августин. – М.: ООО “Издательство АСТ”, 2003. – 440 с.
2. Ажибекова, К.А. Будущность человека в эпоху информационной цивилизации. Человек, духовность, информация [Текст] / К.А.Ажибекова. – Бишкек, 1998.
3. Ажибекова, К.А. Особенности атеистического воспитания молодежи в условиях НТР [Текст] / К.А.Ажибекова. – Ф.: “Кыргызстан”, 1988. – 80 с.
